# ЖУРНАЛИСТТЕРДИН КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

Үчүнчү басылышы

OSCE
The Representative on Freedom of the Media

Мында берилген баалар, жазылган пикирлер, сунуштар жана тыянактар басылманын авторуна таандык жана сөзсүз эле ЕККУнун жана анын курамындагы өлкөлөрдүн расмий позициясын билдире бербейт.

**Автору:** Уильям Хорсли
**Редактору:** Андрей Рихтер
**Макети жана вёрсткасы:** Пено Мишоян
**Кыргыз тилине которгон:** Зейнеп Алтымышова

© 2020, ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму, А-1010 Вена, Австрия.

Телефон: +43-1-514-36-68-00
Электрондук почта: pm-fom@osce.org
http://www.osce.org/fom

ISBN: 978-3-903128-62-0

# ЖУРНАЛИСТТЕРДИН КООПСУЗДУГУ БОЮНЧА КОЛДОНМО

Үчүнчү басылышы

OSCE
The Representative on
Freedom of the Media

# Мазмуну

Үчүнчү басылышка кириш сөз 7

Биринчи бөлүк. Журналисттердин коопсуздугунун негиздери 11

Экинчи бөлүк. ЕККУ аймагы: Маселелер жана сунуштар 37

Үчүнчү бөлүк. Коргоо жана кылмыштын артынан түшүү 97

Төртүнчү бөлүк. Кылмыштардын алдын алуу: чектелбеген басма сөз эркиндиги үчүн коопсуз жана ыңгайлуу чөйрө 129

Бешинчи бөлүк. Журналисттер жана ЖМК уюмдары: өз жардам жана журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун алдыңкы ыкмалары 161

Тиркеме: Журналисттердин коопсуздугуна карата ЕККУнун принциптеринин жана милдеттенмелеринин эволюциясы 181

# Үчүнчү басылышка кириш сөз

# Үчүнчү басылышка кириш сөз

2014-жылы Журналисттердин коопсуздугу боюнча колдонмонун экинчи басылышы жарык көргөндөн бери[1] ЕККУ аймагындагы кырдаал журналисттер жана башка медиа-акторлор үчүн дагы эле кооптуу бойдон турат. ЕККУнун жыл сайын чыгуучу баяндамасына ылайык, 2017-жылы 170 журналист түрмөдө отурган болсо, 2018-жылдын аягына карата 150дөн ашык журналист дагы эле түрмөдө отурган.[2]

2019-жылы ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү журналисттерге кол салуу жана аларды коркутуу боюнча көптөгөн окуяларга өз мамилесин билдирген. 2019-жылы ЕККУ аймагында эки журналист киши колдуу болду: Улуу Британиянын Түндүк Ирландия аймагындагы башаламандыкты чагылдырып жүргөн жеринен Лира Макки окко учту жана Украинанын Черкассы аймагында кол салуудан Вадим Комаров мерт болду. Башка да көптөгөн журналисттер жүргүзгөн иликтөөсү, даярдаган репортаждары жана сын көз карашы үчүн кол салууга, опузага дуушар болуп же жаракат алды. Журналисттердин коопсуздугун коргоого багытталган жана аларга кол салуунун жазасыз калышына каршы ишмердүүлүк биздин Бюронун артыкчылыктуу багыты болуп эсептелет.

2019-жылдын апрелинде  Бюро Венада «Журналисттерге кол салуу: ЖМК эркиндигине коркунуч» аттуу конференция уюштурду, анын максаты ЕККУнун курамындагы өлкөлөргө ЕККУнун Министрлер кеңеши журналисттердин коопсуздугу боюнча 2018-жылы кабыл алган чечимин аткарууда жардам берүү жана журналисттердин коопсуз эмгек шарттарын камсыз кылуу эле. 30дан ашуун өлкөдөн келген 200дөн ашык катышуучу жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлеринин коопсуздук маселелерин талкуулап, кол салууга дуушар болгон журналисттердин көрсөтмөлөрүн, ошондой эле киши колдуу болгон журналисттердин туугандарынын, кесиптештеринин жана досторунун

---

**1** Журналисттердин коопсуздугу боюнча колдонмо (Экинчи басылышы). Вена: Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму, 2014. Сайт: https://www.osce.org/fom/118052

**2** Карагыла: OSCE 2018 Annual Report, Vienna 2019. https://www.osce.org/files/f/documents/6/c/416624_0.pdf

**3** Карагыла: OSCE 2019 Annual Report, Vienna 2020. https://www.osce.org/files/f/documents/0/9/449104_0.pdf.

Бюронун Журналист аялдардын коопсуздугун онлайн камсыз кылуу боюнча долбоору (#SOFJO) журналист аялдар конкреттүү түрдө Интернетте туш келген коркунучтар жана куугунтук жөнүндө маалымдуулукту арттырууну уланты.[4]

Мурдагы эки басылыш сыяктуу эле, Журналисттердин коопсуздугу боюнча колдонмонун үчүнчү басылышынын автору болуп Шеффилд университетинин журналистика бөлүмүндөгү ЖМК эркиндиги боюнча борбордун түзүүчүлөрүнүн бири жана эл аралык директору Уильям Хорсли эсептелет, биздин Бюро ага бул үчүн чын дилден ыраазы.[5] Мен анын кол жазмасын редакциялоого жана жарыкка чыгарууга салым кошкон Бюронун кызматкерлерине, атап айтканда Лусинэ Апресянга, Айдар Ботагаровго, Тону ван ден Брандтка, Себастьян Дентонго, Аня Карлсрайтерге, Андрей Рихтерге (ал акыркы редакциясын даярдаган), Олеся Фесенкого, Юлия Хаас менен Дениз Язычиге да ыраазычылык билдирем.

Мен мүмкүнчүлүктөн пайдаланып бул басылыштын жарыкка чыгышына чоң салым кошкон Австриянын, Литванын жана Нидерланддардын өкмөттөрүнө рахмат айткым келет.

**Юрген Хайсел,** *Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюмунун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросунун директору*

**4** Карагыла: https://www.osce.org/fom/safety-female-journalists-online
**5** Карагыла: https://www.sheffield.ac.uk/journalism/people/academic/william-horsley

Биринчи бөлүк.

# Журналисттердин коопсуздугунун негиздери

# Биринчи бөлүк.
# **Журналисттердин коопсуздугунун негиздери**

## > Опуза менен зомбулуктун «жол берилбес» масштабы

2012-жылдын май айында БУУнун ынанымдар жана аларды билдирүү эркиндиги боюнча атайын баяндамачысынын, ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн, Америка мамлекеттери уюмунун пикирлерди эркин билдирүү маселелери боюнча атайын баяндамачысынын жана Адамдар менен элдердин укуктары боюнча Африка комиссиясынын пикирлерди эркин билдирүү жана маалыматка жетүү жаатындагы атайын баяндамачысынын «Пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштар боюнча биргелешкен декларациясы» кабыл алынган, анда пикир билдирүү укугун жүзөгө ашырган адамдарды өлтүрүүгө, өлүм менен коркутууга, алардын жоголуп кетишине, сот тарабынан куугунтукталышына, түрмөгө камалышына, аларды кыйноого, куугунтуктоого жана башка кылмышка жол берүүгө болбой тургандыгы баса белгиленген.[6]

Биргелешкен декларацияда пикир билдирүү эркиндигине каршы мамлекеттик бийликтин кылмыш кылышына жол берүүгө болбой тургандыгы өзгөчө белгиленет жана журналист аялдар туш болуп жаткан өзгөчө мүшкүлдөр менен коркунучтар боюнча кабатырлык билдирилет. Декларацияда мамлекеттик бийлик органдарынын коркунучтарга көз салуу боюнча милдетин аткарууга жардам бере турган бир катар принциптер белгиленген; анын сунуштары пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштардын алдын алуу жана аларга бөгөт коюу, эл аралык стандарттарды коргоо, күнөөкөрлөрдү жана шыкакчыларды жазага тартыш үчүн натыйжалуу иликтөө жүргүзүү жана курмандыктарга кенемте төлөө боюнча мамлекеттердин милдеттенмелерине тиешелүү. Анда кызыкчылыгы бар башка тараптардын ролу да баса белгиленет.

6 Сайт: https://www.osce.org/files/f/documents/c/2/91595.pdf

Журналисттердин маалымат берүү укугун жүзөгө ашыруудагы кризис ЕККУнун Министрлер кеңешинин жаңычыл чечиминде 2018-жылы дагы бир жолу констатацияланган, аны уюмдун курамындагы бардык мамлекеттер консенсустун негизинде кабыл алышкан.[7] Бул чечим уюмга кирген мамлекеттерди:

•Пикир билдирүү эркиндигине жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине тиешелүү ЕККУда кабыл алынган жана эл аралык бардык милдеттенмелерди толук өлчөмдө аткарууга;

•Жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине тиешелүү өз мыйзамдарын, саясатын жана тажрыйбасын алардын эл аралык укуктук жана башка эл аралык милдеттенмелерине толук ылайык келтирүүгө;

•Журналисттер өз ишин өз алдынча жана керексиз кийлигишүүсүз аткарышын чектей турган мыйзамдарды кайра карап чыгууга, зарыл учурда аларды жокко чыгарып же аларга түзөтүү киргизүүгө;

•Журналисттерге болгон бардык кол салуу аракеттерин жана аларга каршы зомбулук актыларын, мисалы аларды өлтүрүүнү, кыйноону, зомбулук менен жоготууну, өзүм билемдик менен камакка алууну, кармоону жана өлкөдөн чыгарууну, коркутууну, бардык формада, анын ичинде ишин басып салуу жана/же алардын редакциясын жабуу түрүндө, анын ичинде чатак шартында физикалык, юридикалык, саясий, технологиялык же экономикалык формада куугунтуктоону жана опузалоону эл алдында жана сөзсүз айыптоого;

**7** Сайт: https://www.osce.org/chairmanship/406538. Andrei Richter and Deniz Yazici, “Pioneer Decision on Safety of Journalists in the Preceding Context”, in P. Czech, L. Heschl, K. Lukas, M. Nowak, & G. Oberleitner (Eds.), European Yearbook on Human Rights 2019, pp. 339-368.

Журналист аялдарга кол салууну, анын ичинде санарип технологиясын колдонуу менен кол салууну айыптоого;

Өзүм билемдик менен камакка алынган же кармалган, барымтага алынган же зомбулук менен жоготулган бардык журналисттерди токтоосуз жана кыңк этпестен бошотууга көптөн көп үндөөгө;

Журналисттерге каршы зомбулук жана коркутуу актыларын токтоосуз, натыйжалуу жана калыс иликтөөнү, жоопко тартууну камсыз кылуу аркылуу журналисттерге каршы жасалган кылмыштардын жазасыз калышын токтотуш үчүн натыйжалуу чара көрүүгө;

Күнөөкөрлөрдү сот жообуна тартууга жана укуктук коргоонун тийиштүү каражаттарына жеткиликти камсыз кылууга;

Журналисттерди коркутуудан жана аларга каршы зомбулукка өбөлгө түзүүдөн карманууга көптөн-көп үндөгөн чакырык менен саясий лидерлерге, мамлекеттик кызмат адамдарына жана/же бийлик органдарына кайрылууга:

Журналисттердин чынчылдыгына болгон ишеничти кетирүүгө жол бербөөгө жана өз алдынча журналистиканын маанисине урмат менен мамиле кылууга;

Журналисттердин шифрлешүү жана анонимдешүү технологияларын колдонушуна өзүм билемдик менен же мыйзамсыз жолтоо болуудан карманууга, ошондой эле мыйзамсыз же өзүм билемдик менен аңдуу ыкмаларын пайдалануудан карманууга;

•Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылууга байланышкан маселелер боюнча мамлекеттик мекемелердин жана укук тартибин коргоо органдарынын маалыматтык-агартуучулук иш жана кесипкөй иш жүргүзүшүнө түрткү берүүгө жана жарандык коомдун мындай ишке тартылышына өбөлгө түзүүгө;

•Журналисттерге кол салуу жана аларга каршы зомбулук тууралуу маалымат топтоонун, аларды талдоонун жана отчеттуулуктун улуттук системасын жолго коюуга жана күчөтүүгө;

•Диффамация тууралуу мыйзамдар аша чапкан санкцияларды жана жазаларды камтыбай тургандыгын камсыз кылууга;

•Журналисттерди коргоого тиешелүү мыйзамдардын колдонулуп жаткан укуктук базасын натыйжалуураак аткарууга; ошондой эле,

•ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү менен, анын ичинде журналисттердин коопсуздугу боюнча толук кызматташууга чакырат.

Украинада 2016-жылы июлда автоунаасы жарылып курман болгон журналист Павел Шереметтин, Мальтада 2017-жылдын октябрында аралыктан башкарылуучу мина коюлган автоунаа жарылып көз жумган Дафна Каруана Галициянын жана Словакияда 2018-жылдын февралында колуктусу Мартина Кушнирова менен кошо окко учкан Ян Кучактын киши колдуу болушу журналисттерди атайылап өлтүрүүгө кирет, иликтөөчү журналисттер кабылган коркунучтарды айгинелеп турат жана журналисттерге каршы зомбулук кылмыштарын натыйжалуу иликтөөгө бийлик жөндөмсүз экенин көрсөтөт. Журналисттер атайылап өлтүрүлгөн ушул жана башка окуялар ЖМК эркиндигине олуттуу коркунуч келтирип, ал кылмыштардын кексе, мурунтан ойлонулган мүнөзүнө гана эмес, киши өлтүрүүнүн шыкакчысы же буюртмачысы болгон адамдарды табууга жана сот жообуна тартуу максатында андан кийин иликтөө жүргүзүүдө тез жылыштын жоктугуна да байланыштуу.

Журналисттер жана укук коргоочу уюмдар Европа комиссиясынын президентине кат жазып, анда Словакия менен Мальтадагы киши өлтүрүүгө байланыштуу «эч ким жазаланбаган кырдаалга» карата кабатырлыгын билдиришкен. Алар полициянын иликтөөлөрү чын эле «толук, бышык жана өз алдынча» болгонунан күмөн санап, «кылмышкерлер жазага тартылбаган, журналисттер бийликтин кызыкчылыгына кызмат кылса гана сый-урматка ээ болгон абал зомбулукка жол ачарын» баса белгилешкен».[8]

Мурда журналисттер өлтүрүлгөн учурлардан, мисалы Азербайжанда 2005-жылы Элмар Гусейнов, Орусияда 2006-жылы Анна Политковская жана Түркияда 2007-жылы Грант Динк өлтүрүлгөндөн кийин тергөө жана сот иштеринин жүрүшүндө пайда болгон маселелерге эл аралык коомчулуктун көңүл бурушун эске алганда, мамлекеттер өзүнүн ички жана эл аралык милдеттенмелерин толук баамдашы керек. Тергөө жүргүзүүнүн жана соттук териштирүүнүн стандарттары ЕККУнун стандарттарына, ЕККУнун чечимдеринде жана Бириккен Улуттар Уюмунун резолюцияларында чагылдырылган милдеттенмелерге, ошондой эле Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт жана Адам укуктары боюнча Европа конвенциясы өңдүү эл аралык укук документтеринин алкагындагы милдеттенмелерге туура келүүгө тийиш.

**8** “On heels of Slovakia and Malta murders, European Commission urged to take the lead to protect journalists”, карагыла: https://www.ifex.org/europe_central_asia/2018/03/06/daphne-caruana-jan-kuciak/

Жазасыз калган кылмыштардын мурункудай эле жогорку деңгээли – ЕККУнун курамындагы мамлекеттерде журналисттерди өлтүрүүнүн 85 пайыздан ашык экени[9] – журналисттерди ого бетер токтотуп, коомдун сот системасына жана башка мамлекеттик институттарга болгон ишенимин жокко чыгарууда. Эч ким жазаланбай жатканы журналисттердин коопсуздугун камсыз кылууга даярдыктан жана тиешелүү мамлекеттеги мыйзам үстөмдүгүнүн сакталышынан да күмөн санатат.

ЕККУнун аймагынын айрым бөлүктөрүндө мындай «эч ким жазаланбаган кырдаалдын» келип чыгышы 2016-жылдын апрелинде Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин сунушунун кабыл алынышына себеп болду, анда Европа Кеңешинин курамындагы мамлекеттерге масштабдуу чаралардын, анын ичинде өз улуттук мыйзамдарына жана практикасына көз каранды эмес жана тыкан сереп жүргүзүүнүн жардамы менен журналистиканы коргоону жана журналисттердин коопсуздугун күчөтүү көптөн-көп сунушталат.[10] Андай серептин максаты мыйзамдарды жана тажрыйбаны Адам укуктары жөнүндө Европа конвенциясынын алкагындагы мамлекеттердин милдеттенмелерине ылайык келтирүүнү көздөп аларды өзгөртүү же жокко чыгаруу үчүн зарыл негиздемелерди табууда жана негиздөөдө турат. ЕККУнун курамындагы он мамлекет Европа Кеңешинин мүчөсү болуп эсептелбесе да Европа Кеңешинин сунуш иретиндеги укуктук документтеринен цитата келтирүүгө улуттук же эл аралык соттордун акысы бар, ал эми Адам укуктары боюнча Европа сотунун (АУЕС) токтомдору эл аралык укукта ынанымдуу абройго ээ.

---

**9** Impunity for Murders of Journalists: A Challenge to Freedom of the Media, 11.12.2017 Conference report, на сайте: https://www.osce.org/fom/368491.

**10** Карагыла/Rec(2016)4 сайт: https://search.coe.int/cm/Pages/result_details.aspx?ObjectId=09000016806415d9#_ftn1.

## > Мониторинг жана мамилени билдирүү

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн ыйгарым укуктарына журналисттердин коопсуздугуна жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине карата болгон олуттуу коркунучтардын эртелеп алдын алуу жана аларга тез арада мамилесин билдирүү кирет.[11] ЕККУ өкүлүнүн реакциясы эл алдында билдирүү жасоо жана эскертүү, өлкөлөргө баруу жана отчет түзүү, «унчукпас дипломатия» жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине карата ЕККУнун алдындагы милдеттенмелерди аткаруу жагынан жардам берүү формасында болот, мисалы мыйзамдарды талдоо жана аларды иштеп чыгууда жана реформалоодо жардам көрсөтүү, тренингдерди, талкууларды жана алдыңкы тажрыйба алмашууну өткөрүү үчүн конференцияларды жана тегерек столдорду уюштуруу, актуалдуу материалдарды, отчетторду жана колдонмолорду жарыкка чыгаруу. ЕККУнун өкүлү ошондой эле саясий тирешүүгө тартылган журналисттердин, мисалы орусиялык жана украиналык журналисттердин ортосунда же киприлик грек жана түрк жамааттарындагы кесиптештердин ортосунда диалог уюштуруу үчүн да өз ыйгарым укуктарын колдонот.

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу мамлекеттик органдар менен тыгыз байланышта болуп, ЖМК эркиндиги боюнча тиешелүү өнөктөштөр, айрыкча ЕККУнун талаа операциялары жана башка эл аралык жана кесипкөй уюмдар, ЖМКнын эл аралык ассоциациялары, ошондой эле басма сөз эркиндигин коргоого адистешкен аймактык жана жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдар менен кызматташат.

Журналисттер жана өкмөттүк эмес уюмдар ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросуна берген баа 2017-жылдын февралында жана июнунда сегиз эл аралык уюм жарыялаган эки биргелешкен билдирүүдө чагылдырылган.[12]

**11** Карагыла, сайт: https://www.osce.org/fom/mandate

Билдирүүгө кол койгон уюмдар баса белгилегендей, ЕККУнун милдеттенмелерин жана принциптерин сактоого көмөк көрсөтүүдөгү чечкиндүүлүгүнүн жана көрөгөчтүгүнүн аркасында ЕККУнун өкүлдөрүнүн мандатын аткарган адамдар ЖМКнын эркиндигин коргоо боюнча демилгелерге маанилүү салым кошту. Алардын айтымында, учурда өкүлдүн иши кайсы убакка салыштырганда да маанилүүрөөк, анткени бүгүнкү күндө журналисттер эбегейсиз кысымга туш болуп жатышат.

Журналисттерге жана алардын өз ишин өз алдынча жүргүзүү укугуна карата күчөп келаткан коркунуч ЕККУ, Европа Кеңеши жана Бириккен Улуттар Уюмунун агенттиктери менен органдары, ошондой эле өкмөттүк эмес журналисттик уюмдар жана илимий мекемелер жарыялаган отчеттордо жана билдирүүлөрдө жакшылап документтештирилген.

Европа Кеңешинин 2017-жылы жарык көргөн документинде Европанын бардык өлкөлөрүндө эки жыныстагы журналисттерди тең сурамжылоодон алынган маалымат келтирилет. Анда опузанын, коркутуунун же зомбулук актыларынын натыйжасында сурамжылоого катышкандардын маанилүү бөлүгү үчүн өзүн цензуралоо кадыресе көрүнүш жана жашоонун жагымсыз фактысы болуп калганы айтылат.[13]

Журналист аялдардын коопсуздугу өзгөчө тынчсыздандырат, аларга эки эсе күч келет: алар журналист катары да, аял заты катары да кол салууга дуушар болушат. Журналист аялдарга кол салуу Интернетте көп кездешип, зордуктоо жана жыныстык зомбулуктун башка түрлөрү менен коркутууну, ошондой эле физикалык зомбулук менен опузалоону, зомбулуктун дендароо кылуучу сценаларын жөнөтүүнү камтыйт.

---

**12** “Freedom of expression and journalists’ organisations want OSCE states to show commitment to Media Freedom Representative’s Office”, сайт: http://www.aej.org/page.asp?p_id=574

**13** Council of Europe “Journalists under pressure: Unwarranted interference, fear and self-censorship in Europe”, Marilyn Clark and Anna Grech, сайт: https://www.coe.int/en/web/freedom-expression/home/-/asset_publisher/RAupmF2S6voG/content/journalists-are-under-threat-in-europe-

Көптөгөн учурларда журналист аялдарга кол салуу алардын өзүн цензуралоосуна же ал тургай аялдардын эл алдынан кетишине алып келген.

Аялдарды жек көргөн, расисттик жана башка жалаа жабуучу өнөктүктөр, репортаждардын жана басылган материалдардын каармандарын өлтүрүү пикир билдирүү эркиндигин чектеп, демократиялык жүрүмдөргө тескери таасир этип, журналист аялдардын, азчылыктагы топтордун жана башка сын-пикир айткандардын оозун жаап, демин басып турат. 2015-жылы аяктаган максаттуу иликтөөнүн жүрүшүндө ЕККУ комплекстүү мониторинг изилдөөлөрүн жүргүзүүнүн жана бирдиктүү маалыматтарды чогултуунун, андан ары журналист аялдарды коргоо боюнча чечкиндүү аракеттерди кылуунун зарылчылыгын аныктап чыккан. Уюмдун курамындагы өлкөлөргө журналисттерди коргоону жакшыртуу жагынан жардам бериш үчүн 2015-жылы ЕККУнун өкүлүнүн бюросу Интернетте журналист аялдардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча комплекстүү долбоорду баштаган.[14]

Ушул Колдонмодо келтирилген көптөгөн мисалдар көрсөтүп тургандай, өкмөт өкүлдөрү көп учурда журналисттерге жана алардын ишине коркунуч келтирген белгилүү жагдайларга каршы жетиштүү өлчөмдө аракет көргөн эмес. Коркунучтун масштабы гендердик жактан сезимтал, баарын камтыган жана белгилүү бир топторго багытталган мамилени талап кылат. Мамлекеттер өз милдеттенмелерин жана ЕККУнун алдындагы өз милдеттенмелерин улуттук мыйзамдардын жана эл аралык укуктун талабына ылайык аткарышы үчүн айрым улуттук мыйзамдарды жана практиканы реформалап, алда канча катаал кепилдиктерди камсыз кылуу зарыл. ЕККУнун аймагындагы бардык өкмөттөр кемчиликтерди жоюп, журналисттердин ишинин коопсуз шарттарын камсыз кылууну талап кылган жалпыга маалымдоо каражаттарынын, жарандык коом уюмдарынын жана мамлекеттик бийлик органдарынын эбегейсиз көп кайрылууларына туш болууда.

**14** Карагыла: https://www.osce.org/fom/safety-female-journalists-online.

Өкмөткө карата сын-пикирдеги же басмырланган же маргиналдашкан топторго кирген журналисттер эң көп коркунучка кабылып жатышат.

Басма сөз эркиндиги тууралуу 2019-жыл үчүн баяндамасында АКШда жайгашкан «Фридом Хаус» (Freedom House) глобалдык мониторинг уюму глобалдык эркиндиктин улам азайып баратканын он үчүнчү ирет белгиледи.[15] Анын баасы боюнча, ЕККУнун мүчөсү болгон 57 мамлекеттин ичинен 11инде басма сөз «эркин эмес», дагы башка 15инде басма сөз «жарым-жартылай эркин» деп мүнөздөлөт, демек бул уюмдун курамындагы 31 мамлекет гана «эркин басма сөз» категориясына кирет деген сөз. «Фридом Хаус» Евразияны басма сөз эркиндигинин эң начар көрсөткүчтөрү бар аймак катары мүнөздөп, аймактагы айрым мамлекеттердин өкмөттөрү «негизги жалпыга маалымдоо каражаттарын темир чеңгелде кармап турганын» эске салып, журналисттерге кол салынган көптөгөн окуяларды, «Эркин Европа / Азаттык радиосу» өңдүү ЖМКлардын жабылышы менен сынчыл вебсайттардын бөгөттөлүшүн белгилеген.

Эркин, көз карандысыз жана плюралисттик ЖМКларды укуктук-ченемдик жактан коргоонун кыйрашы жалпыга маалымдоо каражаттары мурда мамлекеттик бийлик органдарынын кызыкчылыгына расмий кызмат кылган мурдагы советтик блоктун өлкөлөрүндө гана эмес, демократиялык баалуулук катары сөз эркиндигин жана эркин, көз карандысыз жана плюралисттик ЖМКларды тарыхый жолунда таанып келген көп мамлекеттерде да байкалат.

**15** “Freedom in the World 2019: Democracy in Retreat”, Freedom House Report, на сайте: https://freedomhouse.org/report/freedom-world/freedom-world-2019/democracy-in-retreat

Бирок журналисттердин коопсуздугуна жана алардын кабар берүү укугуна тиешелүү эл аралык ченемдер менен стандарттар акыркы жылдары бара-бара өркүндөтүлүп жана күчөтүлүп келди. Ага журналист аялдар жана маргиналдашкан топтордун өкүлдөрү кабылып жаткан коркунучтарга өзгөчө басым жасоо менен журналисттердин физикалык, укуктук, саясий, технологиялык жана экономикалык коопсуздугуна тиешелүү, жакында макулдашылган милдеттенмелердин кеңири тизмеси менен бекемделген, эл аралык уюмдардын, анын ичинде ЕККУнун журналисттердин коопсуздугуна жана журналистиканы коргоого эбегейсиз көңүл бурушунун шарапаты менен жетишүүгө мүмкүн болду. ЖМК эркиндигин мүмкүн болушунча кеңири коргоонун зарылдыгы АУЕСтин жана адам укуктары боюнча башка эл аралык соттордун токтомдорунда таанылат. 2012-жылдан тартып бул маселелердин актуалдуулугу да Бириккен Улуттар Уюму тарабынан журналисттердин коопсуздугу жана жазанын жоктугу боюнча бир катар резолюцияларды кабыл алуу аркылуу такай баса белгиленип келген, алардын арасында мекеме аралык «Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу жана жазаланбай калуу маселеси боюнча БУУнун иш планы» да бар.[16]

ЕККУнун курамындагы айрым мамлекеттер диффамация тууралуу мыйзамдарды жокко чыгаруу жана маалыматка жеткилик алуу эркиндиги боюнча мыйзамдарды кабыл алуу сыңары бир катар жакшы реформаларды жүргүзүштү.[17] Сөз эркиндиги, ЖМК эркиндиги жана демократиялык укуктар үчүн ачык жүрүштөр менен кыймылдар адамдардын ушундай эркиндикке умтулушунан кабар берип, айрым учурларда мамлекеттик органдар негизги укуктарды коргош үчүн ченемдик базаны бекемдегидей шарт түзүүгө жардам берди.

**16** UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity, сайт: https://en.unesco.org/sites/default/files/un-plan-on-safety-journalists_en.pdf

**17** “Defamation and Insult Laws in the OSCE Region: A Comparative Study” (Commissioned by the OSCE Representative on Freedom of the Media), 2017, сайт: https://www.osce.org/fom/303181?download=true

Айрым учурларда журналистиканы жана журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча практикалык чаралар, мисалы полициянын күчү менен күнү-түнү коргоо же эртелеп эскертүү системалары ишке киргизилди. Мындан тышкары, ЕККУнун курамындагы мамлекеттер 2018-жылдагы Министрлер кеңешинин чечими менен «мүмкүнчүлүккө жараша журналисттерге кол салуу жана аларга каршы зомбулук учурлары боюнча маалыматтарды топтоонун, талдоонун жана отчеттуулуктун улуттук системасын түзүүгө жана күчөтүүгө» макул болушту.[18] Мындай маалымат топтоо жана отчеттуулук журналисттерге каршы жасалган кылмыштар үчүн жоопкерчиликке тартууну кыйла күчөтмөк.

2015-жылдан тартып Европа Кеңешинин журналистиканы жана журналисттердин коопсуздугун коргоо боюнча онлайн-платформасы ЖМК эркиндигине карата коркунуч тууралуу 800дөн ашуун билдирүүнү каттаган.[19] Алдыңкы журналисттик уюмдар жана жарандык коом уюмдары катышкан бул биргелешкен демилге журналисттер өз ишин тоскоолдуксуз аткарышы үчүн коопсуз жана ыңгайлуу шарттарды түзүү боюнча укуктук коргоо каражаттарын камсыз кылуу жана андан ары кадам таштоо зарылчылыгына өкмөттөрдүн көңүлүн бурду.

## > Жалаң эле теоретикалык эмес, реалдуу да коргоо зарыл

Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун шарттары эмне үчүн оңолбой жатат? Коргоону камсыз кылуу боюнча милдеттенмелер Конституцияда жана мыйзамдарда бекитилген күндө да эгерде бийликтин ишенимдүү жана туруктуу аракеттери менен бекемделбесе иш жүзүндө натыйжалуу болбойт.

**18** Карагыла, сайт: https://www.osce.org/chairmanship/406538.

**19** Карагыла. сайт: https://www.coe.int/en/web/media-freedom

Акыркы жылдары ЕККУнун аймагынын айрым бөлүктөрүндө кризистик абал, курч саясий чыңалуу жана ал тургай чыр-чатактар чыгып, алар журналисттерге жана алардын ишине өзгөчө коркунуч келтирүүдө. Украинада жана анын тегерегинде уланып жаткан чатак украин жана орус журналисттеринин жана алардын башка өлкөлөрдөн келген кесиптештеринин өлүмүнө себеп болду. Айрым журналисттер жана ЖМКнын башка өкүлдөрү Украинанын көтөрүлүшчүлөр көзөмөлдөгөн бөлүгүндө айрым учурларда жумалап же айлап кармалып турган. Чатак башталгандан бери Орусия менен Украинанын бийлик өкүлдөрү өз аймагына кирүүгө чет өлкөлүк журналисттерге көп жолу уруксат беришкен эмес же аларды өз аймагынан чыгарып жиберишкен.

Парижде 2015-жылы ноябрда болгон террористтик чабуулдардын сериясынан кийин француз өкмөтү эки жылдык өзгөчө абал киргизген. Өзгөчө абал тууралуу мыйзамдар укук тартибин коргоо органдарына тинтүү жүргүзүү жана кармоо боюнча бөтөнчө ыйгарым укуктарды берип, ал бул аракеттердин үстүнөн болгон соттук көзөмөлдү начарлаткан. Өкмөт ЖМКга карата цензура киргизүү боюнча өзгөчө иш-аракеттерден карманган, бирок укук коргоочу юристтер жана өкмөттүк эмес уюмдар кыянаттык менен пайдалануудан коргоо алсыраганына тынчсыздануусун билдиришкен. Сын айткандар өзгөчө абалдын ордун баскан терроризм менен күрөш тууралуу мыйзамдын күчөтүлүшү айрым бөтөнчө чараларды кадыресе абалга алып келип, аларды салттуу жазыктык жана административдик мыйзамдарда бекемдеди деп ырасташкан.

Түркияда 2016-жылдын июлундагы мамлекеттик төңкөрүш аракети 200дөн ашуун адамдын кайгылуу өлүмүнө алып келгенден кийин өкмөт өзгөчө абал киргизип, ал кадимки демократиялык кепилдиктерди камсыз кылбастан жалпыга маалымдоо каражаттарын жабуу же журналисттерди жана окумуштууларды, жарандык коом өкүлдөрүн кармоо боюнча дискрециялык кеңири ыйгарым укуктарды камтыган.

2018-жылы 150дөн ашык журналист менен жазуучу камакта отурган, 180ден ашык жалпыга маалымдоо каражаты жана басмалар жабылган. Көптөгөн журналисттерге терроризм жана башка олуттуу кыймылдар боюнча айыптар коюлган, бирок алар өзүнө коюлган айыптар боюнча тиешелүү түрдө кабардар болгон эмес жана негизги сот укугунан пайдалана алган эмес.

2016-жылдын ноябрында Түркияга барып келгенден кийин ошол кездеги БУУнун пикир эркиндиги жана аны эркин айтуу боюнча атайын баяндамачысы Дэвид Кэй түрк өкмөтүнүн улуттук коопсуздук боюнча тынчсыздануусун көңүлгө алып, бирок пикир айтуу эркиндигин чектөө боюнча олуттуу кабатырлыгын билдирген жана өкмөттү пикир айтуу эркиндигинен пайдаланганы үчүн камакта отурган бардык адамдарды токтоосуз бошотууга чакырган. Анын айтымында, терроризмге каршы күрөш боюнча мыйзамдар кабар берүү үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу, сын пикирлерди басуу жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын бардык түрүн жабуу үчүн такай колдонулган.[20]

Пикир билдирүү эркиндигинин түпкүлүктүү укуктук кепилдиктери алда канча кеңири эл аралык алкакта да олуттуу коркунучка дуушар болуп же күмөн санатып келген. Бул санаарката турган фактыны ЕККУнун курамындагы мамлекеттер журналисттердин коопсуздугу боюнча Министрлер кеңешинин 2018-жылдагы чечиминде моюнга алышкан. Анда Министрлер кеңеши:

**20** OHCHR, “UN expert urges Turkey to release detainees amid ‘grave concern’ about free speech”, November 18 2016. Карагыла: http://www.ohchr.org/en/NewsEvents/Pages/DisplayNews.aspx?NewsID=20892&LangIDE

*“... журналисттерге карата өзүн актабаган чектөөчү чараларды көрүү алардын коопсуздугуна терс таасир тийгизип, аларга коомчулукка маалымат берүүгө жол бербей жана ал аркылуу пикир айтуу эркиндигин жүзөгө ашырууга терс таасир этерин тынчсыздануу менен белгилеп.,*

*. уюмдун курамындагы мамлекеттерди өз мыйзамдарын, саясатын жана тажрыйбасын журналисттер өз ишин ылайыксыз кийлигишүүгө кабылбастан эркин жүргүзүшүнө чек койбогудай кылып кайра карап чыгып, зарыл болсо жокко чыгарып же түзөтүү киргизип, аларды өздөрүнүн эл аралык – укуктук жана башка эл аралык милдеттенмелерине толук ылайык келтирүүгө чакырат”.*[21]

Өкмөттөр коомдук коопсуздукту коргоо жана терроризм менен күрөшүү кызыкчылыгында санариптик байкоонун, маалыматтарга көз салуунун жана сотто териштирүүнүн ыкмаларын пайдалануу жагынан өз ыйгарым укуктарын жана мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтип алышты. Журналисттердин коопсуздугу боюнча Министрлер кеңешинин 2018-жылдагы чечиминде ЕККУнун курамындагы мамлекеттер журналисттер хакердик чабуулдун, мыйзамсыз жана өзүм билемдик менен аңдуунун жана маалыматына көз салуунун объектиси болушу мүмкүн болгон санариптик технология доорундагы өзгөчө коркунучтарды баса белгилеп, ошондой эле журналисттер өз ишин натыйжалуу аткарышы үчүн шифрлешүү менен анонимизация технологиялары маанилүү экенине таянышкан. Журналисттер көп учурда кеңири ыйгарым укуктары бар субъектилердин кыянаттыгынын объекти болуп калат, бул болсо мамлекеттик органдар же жеке адамдар тарабынан маалыматтарды жашыруун же автоматташкан электрондук топтоонун айынан журналисттердин маалымат булактарынын купуялыгын кыйынчылыкка учуратат же ал тургай таптакыр андай мүмкүнчүлүктү жок кылат.[22]

**21** Карагыла, сайт: https://www.osce.org/chairmanship/406538

**22** Ошол эле жерде.

Мамлекеттин буйругу менен Интернет тармагын өчүрүү, бөгөттөө жана чыпкалоо мамлекеттик органдардын цензурасы боюнча жана Интернеттеги контентке бөгөт коюу же аны жоготуу максатында социалдык тармактардын жана башка интернет-ортомчулардын ээлери, ошондой эле мамлекет дайындаган жөнгө салуучу органдар колдонгон дискрециялык ыйгарым укуктар жана айкын эмес чен-өлчөмдөр боюнча тынчсыздануу жаратат.

Ушуга байланыштуу ЕККУнун  ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү конференция тууралуу интернет-ортомчулардын ролу менен жоопкерчилигине карата уюмдун курамындагы өлкөлөргө жана башка кызыкчылыгы бар тараптарга арналган кеңештерди камтыган ар тараптуу жыйынтыктоочу отчетту жарыкка чыгарды. Негизги кеңештер төмөнкүлөрдү камтыган:

•Интернет мамлекеттик чек араларга карабастан маалыматтарды жана идеяларды эркин алмашуу үчүн ачык түйүн боюнча кала беришин, Интернетти жөнгө салуу боюнча кандай гана сунуштар болбосун түйүндүн өзүндө да, анын чегинен тышкары да эркин пикир айтуу укугун кошкондо адам укуктарына жана негизги эркиндигине кепилдик беришин камсыз кылуу;

•Жарандарды коргогон жана динамикалуу интернет-чөйрөнү камсыз кылган мыйзамдарда ортомчулардын милдеттери менен жоопкерчилигинин өлчөмүн, аларды чагылдыруунун ыкмаларын тез арада карап чыгуу;

•Көбүрөөк айкындуулукка, анын ичинде өчүрүлүүчү контенттин мүнөзүнө, колдонулган чен-өлчөмдөргө жана ыксыз өчүрүүгө каршы даттанууга жол бере турган жол-жоболорго карата да айкындуулукка умтулуу;

•Ортомчулар контентти өчүрүп салганда тиешелүү процессуалдык кепилдиктерди камсыз кылуу, анын ичинде [өчүрүү жөнүндө] маалымдаманын

негиздемесин талап кылуунун, каршы маалымдама берүүнүн жана каршы даттануунун натыйжалуу механизмдерин киргизүү.[23]

ЕККУ аймагындагы журналисттердин ишине медиага каршы риториканын кескин күч алышы, анын ичинде сөз менен асылуу, кемсинтүү жана коомдук ишмерлер тарабынан «фейк» маалыматтарды таратуу боюнча айыптоо, ошондой эле онлайн-опуза жана жек көрүү риторикасы терс таасир этти. «Пикир билдирүү эркиндиги, ошондой эле «фейк» жаңылыктар, дезинформация жана үгүт жөнүндө биргелешкен декларация» маалыматты мындай манипуляциялоону адамдарды адаштырууга, ошондой эле коомдун маалымат алуу укугуна жолтоо болууга багытталган нерсе катары айыптайт.[24]

Биргелешкен декларация «мамлекеттик бийлик органдары жалпыга маалымдоо каражаттарын каралап, аларды коркутуп, ал ЖМКлар «оппозициячыл», «калпычы» экенин жана купуя саясий максат көздөй турганын билдирип, ал журналисттерге карата опуза жана зомбулук коркунучун күчөтүп, коомчулуктун журналистикага коомдук көзөмөл функциясын аткарган институт катары ишенимин жокко чыгарган учурларга» тынчсызданууну чагылдырат.

ЕККУнун аймагындагы айрым өлкөлөрдө шайланган кызмат адамдары ЖМКга же айрым журналисттерге карата сөз жүзүндө кордоо, стигматизация, кээде жаап-жашырылган коркутуу сыяктуу жүрүш-туруш моделдерин көрсөтүшөт.

Эл аралык өкмөттүк эмес «Чек арасыз репортёрлор» уюмунун жетекчисинин

**23** Карагыла.: https://www.osce.org/fom/371846?download=true

**24** Joint Declaration on Freedom of Expression and “Fake News”, Disinformation and Propaganda, 3 March 2017, сайт: https://www.osce.org/fom/302796?download=true

айтымында, «журналисттерге карата жек көрүүнү козгоо – демократияга каршы эң коркунучтуу опузалардын бири».[25]

Кызматка киришкенинен көп өтпөй АКШ президенти «жалпыга маалымдоо каражаттарына согуш» жарыялаган фактыга өзгөчө көңүл бурулат. Президент, ошондой эле анын кызматкерлеринин жана тарапташтарынын айрымдары ЖМКга карата шылдың риторикасын эл көзүнчө айтып, жалпыга маалымдоо каражаттарын жаманатты кылуу максатында «фейк жаңылыктар» деген түшүнүктү жайылтууда жана ал тургай айрым ЖМКларды «Америка элинин душмандары» деп атоодо.

Ошол кезде БУУнун адам укуктары боюнча жогорку комиссары болгон Зейд Раад аль-Хусейн америкалык лидерди ачык сындап: «Кимдир-бирөө жаңылык уюмдарын «фейк» деп атаганда бул чоң зыян келтирет жана адам өзүнө: «Мен журналисттер тууралуу ушундай сөз айтканда бул аларга кол салууга шыкактоо болбойбу?» деген суроо бериши зарыл» деп билдирген.[26] «Фридом Хаус» уюмунун пикиринде, конкреттүү журналисттерге жана жалпысынан ЖМКга карата жогорку саясий кызмат ээлеген адамдар тарабынан кайталанып келаткан мындай текебер мамиле фактыларга негизделген журналистикага коомдун ишеничин кетирет.[27]

Буга карата Министрлер кеңешинин журналисттердин коопсуздугу боюнча 2018-жылдагы чечиминде ЕККУнун курамындагы өлкөлөр «саясий лидерлерди, мамлекеттик кызмат адамдардын жана/же бийлик органдарын журналисттерди коркутуудан, опузалоодон же аларга каршы зомбулук кылууга макул болуудан карманууга жана аны сөзсүз айыптап, журналисттер кабылышы мүмкүн болгон

---

**25** RSF Index 2018: Hatred of journalism threatens democracies. Сайт: https://rsf.org/en/rsf-index-2018-hatred-journalism-threatens-democracies

**26** “Trump attacking freedom of the press: U.N. rights boss” / Reuters, 30 August 2017, сайт: https://www.reuters.com/article/us-usa-trump-un-rights-idUSKCN1BA1B6

**27** “Freedom of the Press 2017: Press Freedom’s Dark Horizon”, Freedom House, сайт: https://freedomhouse.org/report/freedom-press/freedom-press-2017

кооптуу жагдайлар менен коркунучтарды азайтууга, ошондой эле журналисттердин чынчылдыгына, көз карайды эмес журналистиканын маанилүүлүгүнө болгон сый мамилени жок кылууга жол бербөөгө» чакырган билдирүү таратышкан.[28]

Журналисттерге карата сөз жүзүндө кордоо менен аларга физикалык кол салуунун ортосунда түз байланышты далилдөө кыйын болсо да, журналисттерге кол салуу жана аларды өлтүрүү катталган көп учурлардан мурда аларды зомбулук менен коркутушканы белгилүү. Европа Кеңешинин сурамжылоого негизделип жарыяланган изилдөөсү көптөгөн европалык журналисттер, айрыкча саясат, кылмыштуулук жана коррупция боюнча жазгандары куугунтукту жана ал тургай опузаны өз ишиндеги  кадыресе көрүнүш катары карай тургандыгын көрсөттү.[29] Сурамжылоого катышкан журналисттер натыйжада өзүн өзү цензуралоо көнүмүш, ал тургай адаттагы көрүнүш болуп каларын, зомбулук же опуза сыңары негизсиз кийлигишүүгө кабылган журналисттердин көпчүлүгү расмий органдарга ишенбегендиктен ал тууралуу полицияга кабар беришпегенин белгилешкен.

## > Жаңы санариптик медиа-ландшафттын шартындагы коопсуздукка карата сыноолор

Интернеттин жана маалымат алмашуу системаларынын революциялык өнүгүшү бардык адамдарга түйүн ичинде өзүн көрсөтүүнүн зор мүмкүнчүлүктөрүн ачты. Бул ошондой эле жыйырманчы кылымда салттуу ЖМКлар пайдаланган артыкчылыктуу статусту жокко чыгарып,  басма сөздүн жана уктуруучу, көрсөтүүчү ЖМКлардын салтка айланган экономикалык негиздерин талкалап, маалыматтын көптөгөн булактары үчүн чексиз кеңейип жаткан соода-сатык чөйрөсүн ачып

**28** Карагыла, сайт: https://www.osce.org/chairmanship/406538

**29** Council of Europe “Journalists under pressure: Unwarranted interference, fear and self-censorship in Europe”, Marilyn Clark and Anna Grech, p. 33, сайт: https://www.coe.int/en/web/freedom-expression/home/-/asset_publisher/RAupmF2S6voG/content/journalists-are-under-threat-in-europe-

Журналистика өзгөрдү. Жаңы медиа-ишканалар жана кызматташтыктын үлгүлөрү такай пайда болуп жатат. Бирок кыска мөөнөт аралыгында бул өзгөрүүлөр ЖМК уюмдарынын жашоого жөндөмдүүлүгүн сактап калышы жана маалымат чогултуу жаатындагы, айрыкча журналисттик иликтөөлөрдөгү татаал операцияларды жүргүзүшү үчүн зарыл болгон ресурстарды кыйла кемитти.

Бир нече жеке менчик интернет-компания алдыңкы позицияга чыгып, түйүндөгү жарнамадан түшкөн кирешенин негизги үлүшүн алып жатат. Салттуу маалымат каражаттары сатуудан жана жазылуудан түшкөн мурдагы кирешесинин көп бөлүгүн жоготуп, өз контентин көрүүчүлөр менен окурмандар арасында таркатууга шарт түзө турган платформалардан көз каранды боло баштады. Бул экономикалык туруксуздукка алып келип, анын натыйжасында көптөгөн ЖМКлар саясий кысымга туш болду же аларды зор финансылык ресурстары бар, ар кандай кызыкчылыктарды көздөгөн саясий же коммерциялык топтор ээлеп алды.

Мындай шартта жаңылык жазган ЖМКлар жана журналисттер коомчулуктун ишеничинен кетип, ал коомдук пикирди сурамжылоодон көрүнүп жатат. Мындай ишенбестикке коомчулук ЖМКны редакциялык жактан өз алдынчалыгы жок жана кайсы бир даражада биринчи булактардан так маалымат алуу жөндөмүн жоготкон бир тараптуу маалымат булагы катары кабыл алганы менен түшүндүрүлөт. Дагы башка себеби онлайн-платформаларда, видеоканалдарда жана башка сайттарда жайгаштырылган сенсациялуу жана көп учурда өтө эле жеке мүнөздөгү материалдар керектөөчүгө жагымдуу экенинде болуп жатат.

Журналисттер, айрыкча аялдар жана башка маргиналдашкан топтордун өкүлдөрү Интернетте өзгөчө кооптуу жагдайга туш болууда. Журналист аялдар көп учурда «Твиттердеги» билдирүүлөрдү же «Фейсбуктагы» жарыяларды, жаңылык платформаларындагы жана маалымат алмашуу платформаларындагы онлайн-комментарийлерди пайдалануу менен социалдык түйүндөрдөгү таш боор чабуулдардын бутасына айланат.

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн «Журналист аялдардын онлайн коопсуздугу» аттуу долбоорунда журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу жана журналист аялдарга каршы онлайн-опузаларга жана кыянат мамилеге каршы туруу үчүн алда канча кеңири укуктук базанын алкагында гендердик сезимтал мамилени колдонуу зарыл экени баса белгиленет.

Министрлер кеңешинин журналисттердин коопсуздугу жөнүндө 2018-жылдагы чечиминде ЕККУнун курамындагы мамлекеттер да бул көйгөйлүү зарылчылыкты моюнга алып, «журналист аялдар ишине байланыштуу кабылган, анын ичинде санарип технологияларын колдонуу менен байланышкан» өзгөчө кооптуу жагдайларды баса белгилешкен. Уюмга кирген мамлекеттер конкреттүү чабуулдар ар кандай формаларда, «анын ичинде жыныстык асылуу, кордук көрсөтүү, коркутуу, опуза жана зомбулук түрүндө» болорун моюнга алып, аларга натыйжалуу каршы туруу маанилүү экенин баса көрсөтүшкөн. Бул ЕККУнун курамындагы мамлекеттердин алдыга койгон маанилүү кадамы болуп калды.

2016-жылы БУУнун Адам укуктары боюнча кеңеши Журналисттердин коопсуздугу тууралуу резолюцияны кабыл алып,[30] ал гендердик өзгөчөлүктөрдү эске алуу менен түзүлгөн жоболорду камтыган, ал эми Европа кеңеши «Журналистиканы коргоо жана журналисттер менен башка ЖМК субъектилеринин коопсуздугу жөнүндө сунушту» кабыл алып, ал журналист аялдар кабылып жаткан конккреттүү кооптуу жагдайларга, ошондой эле алардын негизинде жаткан стереотиптер менен дискриминацияга каршы аракеттенүү боюнча системалуу гендердик сезимтал мамилеге чакырган.[31]

**30** A/HRC/33/L.6, сайт:
https://www.ohchr.org/EN/HRBodies/HRC/RegularSessions/Session33/Pages/ResDecStat.aspx

**31** CM Rec(2016)4, para 2. Карагыла: CM/Rec(2016)4, сайттан караңыз: https://search.coe.int/cm/Pages/result_details.aspx?ObjectId=09000016806415d9#_ftn1

Ошол эле учурда мамлекеттик бийлик органдары жалпыга маалымдоо каражаттарынын каталарын ЖМКга карата жөнгө салуучу же көзөмөлдөөчү мүнөздөгү керексиз чараларды көрүш үчүн пайдаланбашы керек. Мамлекеттик бийликтин контенттин чын-төгүнүнө баа берип, ал тургай цензура колдонуп же контентти «калп» же «фейк жаңылыктарды камтыган» нерсе катары өчүрүүгө буйрук берип көз каранды эмес ЖМКларды сүрүп чыгуу аракети сөз эркиндигин ылайыксыз чектөө болуп эсептелет. Өкмөттөр онлайн-ЖМКлар үчүн коопсуз жана жагымдуу чөйрө түзүүнүн үстүнөн иштеши керек. Бул башка жолдор менен катар ЖМКнын үстүнөн мамлекеттик көзөмөлдү жокко чыгаруу аркылуу да жалпыга маалымдоо каражаттарынын көз каранды эместигине, плюрализмине жана ар түрдүүлүгүнө өбөлгө түзүүнү; ЖМК менен телекоммуникациялардын ишмердигин жөнгө салуучу органдардын көз каранды эместигин жана калыстыгын камсыз кылууну; плюралисттик пикирлерди колдоону жана камсыз кылууну; ЖМКга карата менчик ашкере топтолушунун алдын алуу боюнча чара көрүүнү; жана ЖМКда мамлекеттик органдардын жарнама жайгаштырышы сыяктуу мамлекеттик ресурстарды калыс бөлүштүрүүнү билдирет.

## > Сөз эркиндиги универсалдуу укук катары

Сөз эркиндиги жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги бир катар башка укуктардын жүзөгө ашырылышын камсыз кылат. Көз каранды эмес журналисттердин ишине тоскоолдук кылуу жана аларды куугунтуктоо туруктуу мүнөзгө өткөндө алар адатта сот системасындагы, укук үстөмдүгүн камсыз кылуу жана эркин, калыс шайлоолорду өткөрүү системаларындагы, ошондой эле эркин жана ачык коомдун өнүгүшү үчүн да зарыл болгон башка да негизги укуктарды ашкере чектөө менен байланыштуу.

Пикир билдирүү эркиндиги универсалдуу укук болуп эсептелет, ал эми ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн ишмердиги менен функциялары ЕККУнун курамындагы бардык мамлекеттердин жана алардын калкынын кызыкчылыгына кызмат кылат. Пикир жана аны эркин билдирүү укугу ар бир адамдын мамлекеттик чек араларга карабастан жана ЖМКнын бардык түрлөрүндө маалыматтарды жана идеяларды *таркатып* эле тим болбостон, аларды *издөө* жана *алуу* укугун да камтыйт.

Демек басма сөз эркиндигин кандай гана чектөө болбосун коомдун сөз эркиндигине жана маалымат алуу укугуна кол салуу болуп эсептелет. Бул Колдонмодо каралган маселелер добуш берүү, тынч нааразылык билдирүү жана негизсиз чектөөлөргө кабылбастан ассоциацияларды жана кесиптик кошуундарды түзүү укугу менен кошо ар бир адамдын социалдык, жарандык жана саясий негизги укуктарына тиешеси бар.

Кандай гана болбосун зомбулук актылары, киши өлтүрүү, кыйноо, күчкө салып жоготуу, өзүм билемдик менен кармоо же түрмөгө камоо, өзүм билемдик менен кууп жиберүү, коркутуу, куугунтук жана физикалык, юридикалык, саясий, технологиялык же экономикалык опузалар, ошондой эле улуттук укук тартибин коргоо жана сот системаларынын дайыма тиешелүү чара көрбөй коюшу журналисттердин өз ишин аткаруу мүмкүнчүлүгүн чектейт же жокко чыгарат. Журналистикага коюлган кандай гана чабуул болбосун, ЕККУнун алкагындагы принциптерди жана милдеттенмелерди, ошондой эле пикир билдирүү эркиндигине жана ЖМК эркиндигине тиешелүү эл аралык ченемдер менен стандарттарды бузуу болуп эсептелет.

Бул Колдонмо ЕККУнун алкагындагы милдеттенмелерин аткаруу боюнча стратегияга жана аракеттерге жана журналисттердин коопсуздугу менен ЖМК эркиндигине карата бардык негизги коркунучтарга каршы алдыңкы эл аралык тажрыйбаны колдонууга, ошондой эле эркин, көз каранды эмес жана плюралисттик

маалымат каражаттарын камсыз кылууга байланыштуу ЕККУнун курамындагы мамлекеттерге багытталган сунуштарды камтыйт.

Экинчи бөлүк.

# ЕККУ аймагы: Маселелер жана сунуштар

# Экинчи бөлүк.
# ЕККУ аймагы: Маселелер жана сунуштар

ЕККУнун курамындагы мамлекеттер журналисттердин коопсуздугу, ЖМК эркиндиги жана маалыматтарды эркин алмашуу жаатында ЕККУнун алкагында бекитилген өз принциптери менен милдеттенмелерин ыктыярдуу аткаруу үчүн жоопкерчиликтүү. Алар пикир айтуу эркиндигине болгон укукка кепилдик берүүгө, журналисттерге кол салуу жана куугунтуктоо үчүн күнөөлүү адамдарды жоопко тартууга жана адамдык өлчөм, анын ичинде сөз эркиндиги жаатында өзүнө алган милдеттенмелерин уюмдун курамындагы бардык мамлекеттердин мыйзамдуу тынчсыздануусун жараткан маселелер катары кароого милдеттенме алышкан.

Адамдык өлчөм жаатындагы милдеттенмелер ар бир мамлекеттин жалаң ички маселеси болбостон, уюмдун курамындагы бардык мамлекеттердин түздөн-түз жана мыйзамдуу кызыкчылыгынын негизи болуп саналат.[32] Мамлекеттер адам укуктарын, негизги эркиндикти, демократия принциптерин, анын ичинде эркин жана калыс шайлоону жана мыйзам үстөмдүгүн камсыз кылуудагы жарандык коом менен эркин ЖМКнын маанилүү ролун баалай турганын билдиришкен. Жакында эле, 2018-жылы алар журналистиканын жана технологиялардын эволюциялашуучу мүнөзүн жана алардын коомдук дебаттарга жардам берүүдөгү ролун, ошондой эле буга байланыштуу журналисттердин коопсуздугуна зыян келтирүүчү коркунучтардын диапазону кеңейгенин моюнга алышты.

Мамлекеттик органдар өз милдеттерин аткарышы үчүн зарыл болгон негиздерге бийликти конституциялык бөлүштүрүү; сот бийлигинин көз каранды эместиги жана сот иштеринин ачыктыгы; ошондой эле пикир айтуу эркиндигин натыйжалуу жүзөгө ашыруу мамлекеттик бийлик органдарына «жакшы милдеттенмелерди» жүктөй

**32** Helsinki Final Act and 2010 Astana Summit.

тургандыгын моюнга алуу кирет, ага көз көрүнөө чабуул коркунучуна кабылган журналисттерди жана башка адамдарды коргоо боюнча милдеттенме, ошондой эле журналисттер коркутууга, кол салууга кабылганда жана киши колдуу болгондо токтоосуз, көз каранды эмес жана натыйжалуу иликтөө жүргүзүү боюнча милдеттенме да кошулат.

Пикир айтуу эркиндиги жана басма сөз эркиндиги демократиялык коомдун негизги таянычтары болуп эсептелет жана чогулуш эркиндиги, эркин жана калыс шайлоого катышуу укугу сыңары эле башка негизги укуктардын кеңири спектрин жүзөгө ашырууну камсыз кылат. Бул укуктарды коргогон мыйзамдар теориялык жактан гана эмес, иш жүзүндө да турмушка ашырылгыдай жана натыйжалуу болууга тийиш. Мамлекеттик аткаминер же кызмат адамы катары ыйгарым укуктарын ишке ашырган адамдар бейтараптыкты сактап, мамлекеттин кызыкчылыктарын өз кызыкчылыктары менен аралаштырбаганы маанилүү.

БУУнун «Интернетте адам укуктарына дем берүү, аны коргоо жана жүзөгө ашыруу» аттуу резолюциясында таанылгандай, ар бир адам кадимки турмушта ээ болгон укуктар виртуалдык мейкиндикте да колдонулат.[33] 2004-жылы Софияда Министрлер кеңешинин отурумунда ЕККУнун курамындагы мамлекеттер пикир эркиндигине жана аны билдирүү эркиндигине, анын ичинде демократия үчүн турмуштук жактан маанилүү болгон жана Интернеттен факты жүзүндө ырасталган маалыматты издөө, алуу жана таратуу эркиндигине болгон укуктун маанисин таанышкан.[34] ЕККУнун милдеттенмелери демократиялык макулдук принцибин чагылдырат жана өкмөттөрдөн жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине, журналисттердин коопсуздугуна жана эркин маалымат алмашууга тиешелүү маселелер боюнча жалпыга маалымдоо каражаттары жана жарандык коом менен

**33** Карагыла.: http://ap.ohchr.org/documents/dpage_e.aspx?si=A/HRC/38/L.10/Rev.1 (2012).

**34** Permanent Council Decision No. 633 (2004), сайт: https://www.osce.org/mc/23133?download=true

өз ара ак ниет аракеттерди талап кылат. 2016-жылы ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү Интернеттеги ЖМК эркиндиги боюнча колдонмосун жарыялаган.[35]

## > Журналисттерге кол салуунун жана аларды опузалоонун алдын алуу боюнча сунушталган аракеттер жана чаралар

Мүмкүнчүлүккө жараша журналисттерге кол салуу жана аларга каршы зомбулук катталган учурлар тууралуу маалыматтарды чогултуунун, талдоонун жана отчеттуулуктун улуттук системасын түзүп же күчөтүш керек;

Эркин, көз каранды эмес жана плюралисттик ЖМКлар коомчулукка маалымат берип, эл алдындагы ачык дебаттар үчүн форумду камсыз кылышын көздөп, журналисттердин пикир билдирүү эркиндигине жана коопсуздукка болгон жалпы укугун коргоо максатында улуттук, аймактык жана жергиликтүү деңгээлде мыйзамдардын жана кепилдиктердин натыйжалуу базасын түзүү зарыл.

Журналисттердин башка негизги укуктары менен катар алардын коопсуздугуна жана кабар берүү укугуна тиешелүү улуттук мыйзамдар менен тажрыйбага сереп салыш үчүн көз каранды эмес механизмдерди түзүп жана колдоп, аларды зарылчылыкка жараша өзгөртүү же жокко чыгаруу аркылуу мамлекеттердин ЕККУнун алкагындагы, ошондой эле ички жана эл аралык милдеттенмелерге ылайык келишин камсыз кылыш керек.

Жекече мүнөздө же Интернетте опузага кабылган журналисттерди жана башка ЖМК өкүлдөрүн коргош үчүн натыйжалуу чара көрүү зарыл. Ага укук тартибин коргоо органдарынын кызматкерлери тарабынан күнү-түнү коргоо жана коркунучка кабылган адамдын жагдайына жана каалоосуна жараша атайын коргоо программалары кириши мүмкүн.

35 Карагыла, сайт: https://www.osce.org/netfreedom-guidebook?download=true

Макул болбогон адамдарды опузалоонун, коркутуунун жана басмырлоонун бардык формаларынан коргоо чаралары укук коргоочу мамилеге негизделип, журналист аялдар же маргиналдашкан топтор сыңары журналисттердин айрым топтору жана ЖМК өкүлдөрү кабылып жаткан конкреттүү коркунучтарды, ошондой эле көз каранды эмес журналисттердин алдында турган өзгөчө сыноолорду эске алуу менен жүргүзүлүшү абзел.

Мыйзам чыгаруучу, укук тартибин коргоочу жана мамлекеттик органдар журналист аялдар өз ишин аткарып жатып туш болгон конкреттүү коркунучтарга, анын ичинде жыныстык асылууга, кыянат мамилеге, коркутууга, опузага жана зомбулук актыларына, анын ичинде санарип технологияларын колдонуу менен жасалгандарына кунт коюу менен мамиле кылууга тийиш жана бардык журналисттердин коопсуздугун коргоо боюнча чараларга гендердик сезимтал мамиле кылышы зарыл.

Журналисттерге кол салуу менен байланышкан кылмыштар үчүн мөөнөттүн эскилигин колдонбостон алда канча катаал жазаны караштырыш керек.

Журналисттерди жана көз каранды эмес журналисттик ишмердикти коргош үчүн ЖМК өкүлдөрүнө кол салуу учурларына көз салып, мыйзам чыгаруучуларга жана өкмөттүк мекемелерге мыйзам чыгарууда жана практикада керек болгон сунуштарды киргизгидей ыйгарым уктары бар атайын ыйгарым укуктуу адамды же адам укуктары боюнча акыйкатчы же ошого окшогон институтту түзүп же бекемдөө зарыл. Мындай мекеме журналисттерге кол салууга жана аларды коркутууга каршы натыйжалуу аракеттерди көрүшү үчүн ага тиешелүү ресурстарды жана ыйгарым укуктарды бериш керек.

Укук тартибин коргоо органдарынын, сот органдарынын, коопсуздук органдарынын кызматкерлери жана башка мамлекеттик кызматчылар үчүн жетекчиликке алына турган принциптерди жана ыкчам колдонмолорду иштеп чыгуу жана колдонуу зарыл. Бул принциптерди, айрыкча журналисттик ишмердикти жана журналисттердин коопсуздугун коргош үчүн зарыл болгон чараларды колдоо иретинде атайын даярдык программаларын иштеп чыгыш керек.

Журналисттерге кол салуу үчүн күнөөлүүлөрдүн, анын ичинде аткаруучулардын жана шыкакчылардын баарын таап, соттон териштирип, жоопко тартуу максатында аларды ыкчам, өз алдынча жана натыйжалуу иликтөө зарыл; ошондой эле журналисттер киши колдуу болгон ачыла элек кылмыштарды, башка чабуулдарды жана күчкө салып жоготууну иликтөө боюнча чараларды кайра жандандырып же күчөтүү абзел.

Жогоруда сөз болгон чараларды ишке ашыруу максатында «жалпы мамлекеттик мамиленин» негизинде мекеме аралык максаттуу топторду түзүү зарыл, аларга ошондой эле эл аралык эскертүүлөргө же БУУнун Адам укуктары боюнча комитети, ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу жана Европа Кеңешинин журналистиканы коргоо жана журналисттердин коопсуздугу боюнча платформасы өңдүү тиешелүү эл аралык уюмдарга келип түшкөн билдирүүлөргө карата тиешелүү жана тез реакция кылуу тапшырылышы мүмкүн.

Мамлекеттик саясат, мыйзам чыгаруу жана көйгөйлүү маселелер боюнча пикир, маалымат топтоо жана алмашуу үчүн пикир билдирүү эркиндиги боюнча туруктуу иштеген комиссия же ошол сыяктуу орган түрүндө жарандык коом жана көз каранды эмес журналисттик уюмдар, ЖМК уюмдары менен иштиктүү кеңешүү механизмин түзүү абзел.

Мындай кеңешүү журналисттердин коопсуздугуна жана журналисттик ишти коргоого таасир эте турган мыйзам чыгарууну жана тажрыйбаны жакшыртышы мүмкүн.

Жумуштуулук жана эмгек жөнүндө мыйзамдар эл аралык стандарттарга жооп берип, эмгек кошуундарын жана башка ассоциацияларды эркин түзүү укугуна кепилдик берүүгө, ошондой эле өзүм билемдик менен жумуштан кетирүүгө жана эмгектин эзүүчүлүк шарттарына каршы ишенимдүү кепилдиктерди караштырууга тийиш. Натыйжалуу эмгек инспекциялары жана көз каранды эмес сот органдары бул мыйзамдардын аткарылышын камсыз кылышы керек.

## > Учурдагы саясаттын мисалдары

Кылмыштуу уюмдардын жана ашкере оңчул экстремисттик топтордун опузасынан улам 2017-жылы Италиянын Ички иштер министрлиги Журналисттерди коркутуу актыларына каршы күрөш боюнча координациялык борбор түзүп, он тогуз журналист полициянын түздөн-түз коргоосуна алынганын жарыялаган. Полиция ошондой эле мындан тышкары 167 кишини коргош үчүн «коопсуздук чараларын» көргөн.

2017-жылы «Ossigeno per l’Informazione» мониторинг уюму маалымат чыгарганы үчүн журналисттер, блогерлер жана ЖМК өкүлдөрү коркутууга, опузага жана репрессияга кабылган 423 учурду каттаган.  Башка журналисттик жана укук коргоочу уюмдар менен катар «Ossigeno» журналисттик ишмердигинен улам кол салуу же залал келтирүү коркунучуна кабылган журналисттерди коргоону күчөтүү максатында бир катар практикалык жана мыйзам чыгаруучулук аракеттерге, анын ичинде Италиянын диффамация тууралуу мыйзамдарына масштабдуу реформа жүргүзүүгө чакырган. 2016-жылдын декабрында Сербиянын өкмөтү журналисттердин жана ЖМКлардын бир нече бирикмеси менен, анын ичинде Сербиянын көз каранды эмес журналисттер ассоциациясы менен

«Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында эмгек шарттарын жакшыртуу боюнча чаралар тууралуу өз ара түшүнүшүү жөнүндө меморандумга» кол койгон. Журналисттик чөйрөнүн өкүлдөрүнөн, өкмөттөгү аткаминерлерден жана коопсуздук органдары менен чалгын кызматкерлеринен турган атайын комиссия түзүлгөн. Комиссия 1994-жылдан 2001-жылга чейинки журналисттердин өлтүрүлүшүнө байланыштуу ачылбай калган иштерге тиешелүү фактыларды иликтөөгө ыйгарым укук алган соттон тышкаркы орган болгон.[36] Комиссия киши өлтүрүү фактыларын иликтөөгө байланышкан материалдарды табууга жана баа берүүгө укуктуу болгон, бирок өз алдынча укук колдонуу ыйгарымына ээ болгон эмес. Комиссиянын ишинин алгачкы жыйынтыктары үмүттөндүргөн жыйынтык катары бааланган. 1999-жылы өлтүрүлгөн көз каранды эмес журналист Славко Чурувиянын ишине байланыштуу 2019-жылы мамлекеттик коопсуздук органдарынын бир нече мурдагы кызматкери соттолгон. Бирок бир нече жыл өткөндөн кийин да коомчулук саясий жактан негизделген деп эсептеген башка киши өлтүрүү боюнча иштер тиешелүү түрдө ачылбай, киши өлтүрүүгө буюртма берген адамдардын ким экени аныкталбай кала берди. Жылыштын жоктугу комиссияга болгон ишеничти кетирип, тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарынын саясий эркинен күмөн санатты.

ЖМКга багытталган опузалардын күч алышына Швеция өкмөтү да тынчсыздануусун билдирди. 2018-жылы ал «Сөз эркиндигин коргоо» иш планын - жек көрүүгө негизделген кылмыштардан журналисттерди, искусствонун тандамал өкүлдөрүн жана ишмерлерин коргоо боюнча иш-аракеттердин комплексин бекитти. Полиция кызматкерлери атайын даярдыктан өтүп, журналисттерге, анын ичинде эркин журналисттерге, зарыл болсо редакцияларга да колдоо көрсөтүү боюнча жаңы жетектөөчү принциптердин негизинде иш планына ылайык аракеттенүүгө милдеттүү. Окуялар тууралуу билдирүүгө жана аларды иликтөөгө байланышкан жол-жоболор демократиялык дискурстун катышуучуларын коргоо саясатын

**36** Тагыраак карагыла, сайт: : https://www.b92.net/eng/news/politics.php?yyyy=2018&mm=08&dd=03&nav_id=104779

эске алуу менен өркүндөтүлүүгө тийиш.[37]

2018-жылы, Нидерланддардагы уюшкан кылмыштуулук темасын чагылдырган журналисттерге жана ЖМКларга бир нече кол салуу уюштурулгандан кийин, журналисттер менен укук тартибин коргоо органдарынын ортосунда журналисттерге каршы опуза менен зомбулукка каршы туруш үчүн жаңы байланыш каналдарын жана координация механизмдерин уюштуруу жөнүндө макулдашуу түзүлгөн. Мындан тышкары, 2017-жылы Амстердам университетинин адистери улуттук мыйзамдардагы жана административдик тажрыйбадагы алдыңкы ыкмалар менен кемчиликтерди табуу максатында өлкөнүн пикир билдирүү жана катышуу эркиндигине тиешелүү мыйзамдарына, саясатына жана тажрыйбасына кеңири масштабда «аудит» жүргүзө баштаган. Бул долбоордун эксперттик кеңеш берүү тобуна өкмөттөгү аткаминерлер жана жарандык коомдун, ЖМКнын, академиялык чөйрөнүн өкүлдөрү, журналисттер менен юристтер кирет. Келечекте конкреттүү сунуштары менен толук изилдөө жүргүзүү белгиленген. Бул демилге кийин башка мамлекеттерде ишке ашырыш үчүн сыноо иретинде ойлонуштурулган.[38]

Италия менен Сербияда, ошондой эле ЕККУнун курамындагы башка мамлекеттерде жалпыга маалымдоо каражаттары жана атайын өкмөттүк эмес уюмдар журналисттерге физикалык кол салууну жана аларга коркунуч келтирүүнү байкап[39], ошондой эле укуктук жактан куугунтуктоо жана ЖМК эркиндигине каршы болжолдуу коркунучтар тууралуу даана отчетторду жарыялап турушат.

**37** “Government of Sweden Action Plan: Defending free speech – measures to protect journalists, elected representatives and artists from exposure to threat and hatred”. Сайт: https://www.government.se/4990f9/contentassets/bd181f7b0f4640e7920807d110b3c001/action-plan-defending-free-speech.pdf

**38** Audit of freedom of expression in the Netherlands, Institute for Information Law, University of Amsterdam, сайт: https://www.ivir.nl/projects/auditoffreedomofexpression/

**39** Мис. Арменияны, Босния менен Герцеговинаны, Болгарияны, Орусияны, Түркияны, Украинаны кошкондо.

Мамлекеттер ал отчетторду эске алып, укуктук коргоо каражаттарын камсыз кылуу жана зарыл болсо зыяндын ордун толтуруу максатында алардагы маалыматтарга байланышкан маселелерди ак ниеттүүлүк менен чечүүгө милдеттүү.

## > Куралдуу чыр-чатактар шартында журналисттерди коргоо

1949-жылдагы төрт Женева конвенциясына 1977-жылы киргизилген I жана II кошумча протоколдорго ылайык, мамлекеттик бийлик органдары, куралдуу күчтөр жана башка коопсуздук кызматтарынын кызматкерлери куралдуу чыр-чатактардын жүрүшүндө журналисттерди, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлерин жана аларга байланышкан персоналды коргоп, алардын кесиптик көз каранды эместигин жана укуктарын сыйлоого милдеттүү.

Эл аралык гуманитардык укуктун талаптарына ылайык, журналисттер жарандык адамдар болуп эсептелет жана алардын жарандык статусуна туура келбеген эч кандай аракеттерге барбаса ошондой адамдар катары коргоого ээ болушат. БУУнун Коопсуздук Кеңешинин «Куралдуу чыр-чатактагы жарандык адамдарды коргоо» аттуу № 1738 (2006) резолюциясы журналисттердин, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлеринин жана аларга байланышкан персоналдын коопсуздугуна арналат, ошондой эле мамлекеттердин милдеттенмелерин аныктайт. Ал БУУнун курамындагы өлкөлөргө куралдуу чыр-чатактардын шартында жарандык адамдарга, анын ичинде журналисттерге каршы атайын багытталган чабуулдар аскердик кылмыш болуп эсептелерин эскертет.

ЕККУнун Министрлер кеңешинин журналисттердин коопсуздугу тууралуу чечими муну эске салып, куралдуу чыр-чатак райондорунда кооптуу кызмат сапарларында жүргөн журналисттер, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлери жана аларга байланышкан персонал жарандык адамдар катары каралаарын жана

ошол сапатында коргоого алынарын так жарыялайт. Чечимде куралдуу чыр-чатак шартында журналисттерге, ЖМК кызматкерлерине жана аларга байланышкан персоналга каршы жасалган бардык мыйзам бузуу жана кыянаттык айыпталат.[40]

Куралдуу чыр-чатактагы бардык тараптар өз милдеттенмелерин аткарып, эл аралык гуманитардык укукту одоно бузган күнөөкөрлөрдү сотко чейин тергөөнү камсыз кылуу жана жазасыздыкка чекит коюу үчүн колунан келген аракетин кылышы керек. Бул максатта чыр-чатак зоналарында жүргөн бардык аскерлерди жана бардык коопсуздук күчтөрүнүн кызматкерлерин эл аралык гуманитардык укуктун ченемдери («согуш мыйзамдары») менен тааныштыруу абзел. Алдыңкы тажрыйбанын принциптери менен эрежелери куралдуу күчтөр үчүн так жазылып, ал бардык аскерлер үчүн жеткиликтүү болууга тийиш.

БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2015-жылдагы № 2222 резолюциясы куралдуу чатактардын шартында уурдалган же барымтага алынган бардык журналисттерди, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлерин жана аларга байланышкан персоналды эч кандай шарт койбостон бошотууга чакырат; ошондой эле уюмдун курамындагы мамлекеттерди куралдуу чыр-чатак шартында журналисттер, жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлери жана аларга байланышкан персонал көз каранды болбостон жана негизсиз кийлигишүүгө кабылбастан өз ишин аткара алгыдай коопсуз жана жагымдуу шарттарды түзүүгө, мыйзам алкагында жана иш жүзүндө колдоого үндөйт.

**40** Карагыла, сайт: https://www.osce.org/chairmanship/406538

## > Өзгөчө абалды, өзгөчө абал жөнүндө мыйзамдарды жана Конституцияга киргизилчү түзөтүүлөрдү колдонууга карата укуктук чектөөлөрдү сактоо

Адам укуктары боюнча эл аралык укукка ылайык, мамлекеттер согуш же «элдин жашоосуна коркунуч келтирген өзгөчө абал» учурунда айрым өз милдеттенмелеринен чегине алат.  Бирок чегинүүгө «учурдун көйгөйү» талап кылган даражада гана жол берилет, анда айрым негизги укуктардан, анын ичинде жашоо укугунан жана кыйноого тыюу салуудан баш тартууга болбойт.

2019-жылы ЕККУнун Парламенттик ассамблеясынын алдында сүйлөп жатып ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү төмөнкүлөрдү белгиледи:

*Тарыхтагы бардык доордо мамлекеттер жарандык согуш же башаламандык, куралдуу чыр-чатак же жаратылыш кырсыктары сыяктуу олуттуу мүшкүлдөргө кабылганда «өзгөчө кырдаал» идеялары же аларга байланышкан «кырсык», «кризис» түшүнүктөрү мыйзамдар, айрыкча конституциялык мыйзамдар кепилдик берген негизги укуктар менен эркиндикти токтотуп турууга негиз болуп келген. Акыркы убакта, айрыкча ЕККУ аймагында, өзгөчө кырдаал террордук чабуулдарга жооп катары, атап айтканда Парижде 2015-жылдын ноябрында болгон теракттардан кийин же 2016-жылы Түркияда мамлекеттик төңкөрүш аракетинен кийин киргизилген. Бирок мен азыркы замандагы бир феноменди байкап жатам: көп өлкөлөрдө саясий риторикада «өзгөчө абал» деген терминди кыянаттык менен пайдалануу биз ал расмий же юридикалык жактан жарыяланбаса деле такай «өзгөчө абалда» жүрөбүз дегендей таасир калтырат.  [.] Эл аралык укукка ылайык журналисттер менен*

*ЖМК уюмдарынын укуктары менен эркиндигин өзгөчө кырдаалдар менен кризистердин убагында да коргоо зарыл.*[41]

## Мисал

2017-жылдын мартында Венеция комиссиясы (Укук аркылуу демократияга жетүү үчүн Европа комиссиясы) өзгөчө абал шартында түрк мыйзамдарында каралган ЖМКны чектөө чаралары тууралуу корутунду чыгарган. Корутундуда жалпыга маалымдоо каражаттарын жапырт жок кылуу «ашыкча болуп көрүнөт жана кырдаалдын курчтугу аны актай албайт» деп айтылат; ошондой эле өзгөчө абал жөнүндө мыйзамдардын жалпы эле ЖМКнын ишин солгундата турган таасири баса белгиленет.[42]

Түркиянын Конституциясына түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча 2017-жылдын апрелинде өтчү референдум тууралуу, Венеция комиссиясы: «Чечүүчү референдумдун алдында репрессиялардан чочулабастан карама-каршылыктуу көз караштарды талкууласа боло турган туура жана плюралисттик медиа-арена болгону өзгөчө маанилүү... ЖМК эркиндиги боюнча азыркы кырдаал негизинен ашыкча чаралардын натыйжасында кыйла начарлады жана Түркиянын болочок конституциялык түзүлүшү боюнча эл алдындагы дебаттарды тиешелүү даражада өткөрүүгө мүмкүнчүлүк бербейт» деп билдирген.[43] ЕККУнун парламенттик ассамблеясы Түркияда 2018-жылдын июлунда өзгөчө абалдын жокко чыгышын кызуу колдогон.[44]

---

**41** Карагыла, толук тексти бул сайтта: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/412277?download=true

**42** Карагыла: https://www.venice.coe.int/webforms/documents/?pdf=CDL-AD(2017)007-e

**43** Карагыла: http://www.venice.coe.int/webforms/documents/?pdf=CDL-AD(2017)007-e

**44** Карагыла: https://www.osce.org/parliamentary-assembly/388739.

2020-жылдын 3-майында Басма сөз эркиндигинин дүйнөлүк күнүнө карата билдирүүсүндө Европа Кеңешинин баш катчысы Мария Пейчинович-Бурич COVID-19 менен байланышкан кризис убагында өкмөттөрдү ЖМК эркиндигин негизсиз чектөөдөн оолак болууга чакырды. Ал төмөнкүлөрдү белгиледи:

*«Өкмөттөр коронавирус кризисинин убагында эбегейсиз түйшүккө кабылууда, бирок кырдаалды журналисттердин оозун басып же алардын ишине тоскоолдук кылыш үчүн пайдаланууга болбойт. ЖМКлар кризистин бардык өңүттөрүн эркин чагылдырганга мүмкүнчүлүгү болушу керек. Журналисттер чечүүчү роль ойнойт жана өз убагында, так жана ишенимдүү маалымат берүү жагынан коомчулук алдында өзгөчө жоопкерчилик тартат. Алар бийликтин пандемияга карата чечимдерин жакшылап талдаганга мүмкүнчүлүгү болушу зарыл».*[45]

Европа Кеңеши COVID-19дан улам келип чыккан кризис убагында адам укуктарын, демократияны жана укук үстөмдүгүн сактоо боюнча өкмөттөргө арнап сунуштар киргизилген абройлуу инструментарийди жарыялады. Сунуштарда ЖМК жана кесипкөй журналисттер, атап айтканда коомдук уктуруучулар жана көрсөтүүчүлөр кризис убагында негизги роль ойноп, коомчулукка так жана ишенимдүү маалымат жеткирүү үчүн өзгөчө жоопкерчиликте экени айтылат. Расмий билдирүүлөр коомчулук үчүн пандемия тууралуу маалымат алуунун жападан-жалгыз каналы болбошу керек, анткени бул цензурага алып келип, негиздүү кооптонууну басып салууга алып келет. Журналисттер, жалпыга маалымдоо каражаттары, саламаттык сактоо кызматкерлери, жарандык коомдун активисттери жана кеңири коомчулук мамлекеттик бийликти сындаганга жана анын кризиске карата көргөн чараларын жакшылап талдаганга мүмкүнчүлүгү болушу керек.

**45** Карагыла: https://www.coe.int/en/web/media-freedom/-/secretary-general-governments-must-protect-essential-role-of-journalists-in-democracy-especially-in-times-of-crisis

Кандай гана болбосун талкуу үчүн темаларды чектөө, ЖМКларды жабуу же онлайн-коммуникация платформаларына жетүүгө түз бөгөт коюу өтө өзгөчө учурларда гана өзүн актайт. Мындан тышкары, пандемия кабар берүүчүлөрдүн же саясий оппоненттердин оозун басыш үчүн колдонулбашы керек.[46]

2020-жылдын 1-майында Эл аралык басма сөз институту (1Р1) отчет жарыялап, анда коронавирус пандемиясы Европа менен Түндүк Америкада, ошондой эле дүйнөнүн башка бөлүктөрүндө ЖМК эркиндигинин чектелишине өбөлгө түзгөнүн көрсөткөн маалыматтарды келтирген. Эл аралык басма сөз институту аныктагандай, камакка алуу, физикалык кол салуу жана «фейк маалыматтарга» карата репрессивдүү эрежелер ЖМКнын ансыз да жөнөкөй болбогон иш шартын ого бетер кыйынчылыкка учуратты.[47] Отчетто дезинформацияга же «фейк маалыматтарга» каршы мыйзамдарды кабыл алган мамлекеттер көбөйгөнүнө өзгөчө көңүл бурулат, отчеттун авторлорунун пикиринде, алар сын-пикир айткандардын оозун басыш үчүн колдонулушу мүмкүн.

## Мисал

2020-жылдын 23-мартында ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү пандемияны жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырууга терс таасир этиши мүмкүн болгон Венгриядагы коронавируска каршы чаралар боюнча мыйзам долбооруна тынчсызданууусун билдирген. Атап айтканда, бул мыйзам белгисиз мөөнөткө пландалып, өкмөттүн пандемия боюнча иш-аракеттеринин натыйжалуулугун танган же андан күмөн санаткан жалган фактыларды таратуу үчүн бир жылдан

**46** Карагыла: https://rm.coe.int/sg-inf-2020-11-respecting-democracy-rule-of-law-and-human-rights-inth/16809e1d91, p. 6-7

**47** Карагыла: https://ipi.media/wpfd-2020-covid-19-accelerating-a-global-decline-in-media-freedom/

беш жылга чейинки мөөнөткө түрмөгө камоо менен жазалоону караштырганы тынчсызданyу жараткан.[48] Европа Парламенти билдирүү таратып, анда Венгрияда көрүлгөн чаралар «Европа баалуулуктарына таптакыр туура келбеген» нерсе катары мүнөздөлгөн.[49] 2020-жылдын июнунда венгер өкмөтү өзгөчө абал жөнүндө мыйзамды чакыртып алды, бирок укук коргоочу топтордун пикиринде, өзгөчө ыйгарым укуктар басма сөз эркиндигине байланыштуу тынчсызданууну күчөтүп, ЖМКда пандемияга байланыштуу «ызы-чуу салганы» үчүн катуу жазага байланыштуу коркунучту пайда кылган.

## > Демонстрацияларды жана наразылыкты чагылдыруу учурунда журналисттердин укуктарын коргоо

ЖМК өкүлдөрүнө полициянын жана башка укук тартибин коргоо органдарынын кызматкерлери кол салган жана зомбулук көрсөткөн көптөгөн учурлар журналисттердин коопсуздугуна жана ишине олуттуу коркунуч келтирет. Көптөгөн чабуулдар физикалык жаракаттарга алып келет жана алар ачык демонстрациялар жана наразылык менен байланышкан.

Полиция коомдук жайларда наразылык акцияларын жана башка окуяларды чагылдырып жүргөн жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрүн кармап же аларга күч колдонбошу керек. ЖМК бийликтин ачык демонстрацияларга мамилеси тууралуу маалымат берүүдө чечүүчү роль ойнойт. ЖМКнын андай жерлерде жүргөнү бийлик өкүлдөрү демонстранттарга жана жалпы эле коомчулукка карата

**48** "Coronavirus response bill should not impede the work of the media in Hungary, says OSCE Media Freedom Representative", сайт: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/449062

**49** Карагыла: https://www.euronews.com/2020/04/20/analysis-how-should-the-eu-deal-with-totally-incompatible-hungary

жүрүш-турушу үчүн жоопкерчиликке тартылышы мүмкүн экендигине маанилүү кепилдик берет.

Полиция кызматкерлери ЖМК өкүлдөрүнүн атайын белгилери, мисалы жеңине байлаган кездеме менен жүргөн же журналисттик күбөлүгү болгон адамдарга карата сый мамиле кылып, талаш маселелердин тобокелчилигин азайтыш үчүн журналисттик уюмдар жана ЖМК уюмдары менен диалог жүргүзүп турууга милдеттүү.

Полициянын жана башка укук тартибин коргоо органдарынын кызматкерлери нааразылык акцияларынын жана демонстрациялардын убагындагы журналисттердин ролуна сый мамиле кылуунун эл аралык деңгээлде таанылган ченемдерин түшүнүп, аткарышын көздөө менен алар үчүн кесиптик даярдык программаларын уюштуруу зарыл.[50]

## Мисал

Колдо болгон маалыматка караганда, 2013-жылдын ноябрынан 2014-жылдын февралына чейин Украинадагы Евромайдандын жүрүшүндө атайын бөлүктөр демонстрацияларды күч менен басып жатканда кеминде бир журналист өлтүрүлүп, эки жүздөн ашуун адам олуттуу жаракат алып, анын ичинде ок жеген.[51] Журналисттик уюмдар билдиргендей ЖМК өкүлдөрүнүн атайын белгилери, анын ичинде «Басма сөз» деген жазуусу бар жилеттер аларды кол салуудан иш жүзүндө коргой алган эмес, кээде тескерисинче бутага айландырган.

**50** Council of Europe Thematic Factsheet on “Media coverage of protests and demonstrations”, сайт: https://rm.coe.int/factsheets-demonstrations-final-rev1august2017/1680735d83

**51** Карагыла: https://www.osce.org/fom/111478

Кийин таш боордук менен күч колдонуу үчүн күнөөкөрлөр кылмыш жообуна тартылбай калганы системалуу жазасыздык тууралуу кооптонууну күчөткөн.

## Мисал

Белгилүү болгондой, 2018-жылдын апрелинде Арменияда премьер-министрдин кызматтан кетиши жана өкмөттүн алмашуусу менен аяктаган Еревандагы көчө нааразылык жана жарандык баш ийбөө акцияларын чагылдырып жүргөн кеминде 15 ЖМК өкүлүнө кол салуу болгон.[52] Жалпыга маалымдоо каражаттары жана жарандык укуктарды коргоо уюмдары мурда демонстрациялардын убагында журналисттерге карата полициянын зомбулугуна жана штаттык кийимчен полиция менен атайын кызматтардын өкүлдөрүнүн журналисттерге негизсиз күч колдонушу тууралуу журналисттердин арызы каралбай жатканына каршы нааразылык билдирип келишкен. 2018-жылдын майында жаңы өкмөт түзүлгөндөн кийин журналисттерге карата мурдагы айрым зомбулук фактылары боюнча кылмыш иштери козголгон.

## Мисал

Парижде 2015-жылдын январында «Charlie Hebdo» сатиралык журналынын он эки кызматкери киши колдуу болгондон кийин 2018-жылдын июнунда АКШнын Мэриленд штатынын Аннаполис шаарында куралдуу кылмышкер «Capital Gazette» гезитинин беш кызматкерин өлтүрүп кетиши

52 https://rsf.org/en/news/violence-against-reporters-during-11-days-protests-armenia

ЕККУ аймагында ЖМКга коюлган чабуулдардын ичинен эң көп киши өлтүрүлгөн ири кол салуу болуп калды.

---

2017-жылы америкалык ЖМКлар негизинен нааразылык акцияларынын убагында АКШда журналисттер 34 жолу камакка алынганын катташты, ошондой эле мурдагы жылдарга караганда журналисттерге физикалык кол салуу учурлары көбөйгөнүн белгилешкен. ЖМКнын, укук коргоочу жана эксперттик уюмдардын «US Press Freedom Tracker» коалициясы ошол эле жылы журналисттерге 45 кол салуу болгонун, алардын көпчүлүгү элдик нааразылык убагында болгонун билдирген.[53] Маалыматтарга караганда, отуз бир учурда, анын ичинде 2017-жылдын күзүндө Миссури штатынын Сент-Луис шаарында афроамерикалык жаранды мурдагы полиция кызматкери өлтүрүп салганына каршы жалпы нааразылык акцияларынын жүрүшүндө журналисттерге полиция кызматкерлери кол салышкан. Бир нече учурда коомдук жайларда журналисттерге ачууланган саясатчылар кол салышкан. Монтанада Республикалык партиядан Конгресске көрсөтүлгөн талапкер бир нече суроо бергиси келген «Гардиан» гезитинин репортёруна атырылып, көз айнегин сындырып салган. Кийинчерээк саясатчы кечирим сурап, басма сөз эркиндигин коргоо боюнча америкалык уюмдардын бирине кайрымдуулук кылган. ЖМК өкүлдөрүнө каршы зомбулук актылары АКШ президентинин өзүнүн, ошондой эле анын айрым жогорку кызматтагы аткаминерлери менен тарапкерлеринин басма сөзгө карата көп кездешкен кастык жана текебер фонунда көбөйгөнү айтылат. Америкалык ЖМК ассоциациялары журналисттер кабылган коркунучтар жана аларды коргоо боюнча мамлекеттик бийликтин милдеттери тууралуу укук тартибин коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн окутуу өткөрүүгө чакырышкан.

**53** Карагыла: https://pressfreedomtracker.us/

## Мисал

2019-жылдын февралында бийлик Казакстандын Алматы, Жаңыөзөн жана Уральск шаарларындагы митингдерди чагылдырып жүргөн бир нече журналист менен блогерди кармаган. Алардын бири, «Эркин Европа» радиосунун «Азаттык» кызматынын кызматкери Сания Тойкенге полицияга баш ийбөө деген айып коюлуп, ал 20 минималдык айлык акы өлчөмүндө айыпка жыгылган. Милиция 2018-жылдын 23-июнунда Уральскиде санкцияланбаган митингди чагылдырып жүргөн «Уральская неделя» гезитинин кабарчыларын кармап, суракка алган. Мындан тышкары бийлик кыска мөөнөткө Астана менен Актөбөдө «Эркин Европа» радиосунун жана «Диапазон» гезитинин кабарчыларын кармаган.[54]

## > Куугунтук объектиси болгон журналисттерди соттук жана административдик куугунтуктоонун алдын алуу жана алардын сот адилеттигине жетишин камсыз кылуу

ЕККУнун курамындагы мамлекеттер өздөрүнө төмөнкү милдеттенмелерди алган:

*Журналисттерге карата жасалган кылмыштар жазасыз кала беришине чекит коюу максатында, күнөөкөрлөрдү сот жообуна тартып жана жабыркагандарга тиешелүү укуктук коргоо каражаттарын камсыз кылыш үчүн келечектеги кол салуунун алдын алуунун негизги элементтеринин бири катары күнөөкөрлөрдү жоопко тартууну камсыз кылуу, анын ичинде укук тартибин коргоо органдары журналисттерге карата зомбулукту жана опузаны токтоосуз, натыйжалуу жана калыс иликтешин камсыз кылуу аркылуу натыйжалуу чараларды көрүү;*

54 Карагыла: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/412628.

*Мамлекеттик мекемелерди жана укук тартибин коргоо органдарын журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун зарылдыгына байланышкан маалымат-агартуучулук жана кесипкөй даярдык менен алектенүүгө үндөө жана зарыл учурда мындай ишке жарандык коомду тартууга өбөлгө түзүү;*

*Журналисттерди коргоо боюнча аткарыла турган бардык укуктук ченемдерди жана ЕККУда кабыл алынган тиешелүү милдеттенмелеринин баарын натыйжалуу аткаруу.*[55]

Журналисттерге басым көрсөтүш үчүн соттук же юридикалык каражаттарды мыйзамсыз колдонуу ЕККУ аймагында журналисттердин коопсуздугуна жана эркиндигине олуттуу коркунуч келтирет. Мыйзам ченемдерин мыйзамсыз колдонуу менен коркутуу журналисттердин маалыматты ачыкка чыгарбашына жетишүү ниетинде аларга каршы арамза, чырдуу жана саясий себептерге негизделген кылмыш иликтөөлөрдү жана доолорду өзүнө камтыйт.

Мыйзамдарда натыйжалуу кепилдиктер болбосо, мисалы эгерде мыйзамдарда диффамация тууралуу доолор боюнча зыяндын ордун толтуруунун ири суммалары каралган болсо; диффамация же терроризм менен күрөш тууралуу кылмыш иштерин өзүм билемдик менен колдонууга жол берилсе; же ЖМКнын үстүнөн саясий көзөмөл кылууга каршы тиешелүү укуктук кепилдиктери жок болсо соттук басымга же куугунтукка жол ачылат.

**55** https://www.osce.org/chairmanship/406538?download=true

Журналисттерге карата жазык иликтөөсүн баштоо же аларга айып коюу үчүн полиция же прокуратура колдонуучу далилдерге коюлган талаптар эл аралык укуктук стандарттарга туура келиши үчүн мамлекеттер тиешелүү мыйзамдарын жана тажрыйбасын өзгөртүшү керек.

Адам укуктары боюнча Европа сотунун прецеденттик укугу, мисалы мамлекет көргөн чаралар же киргизген санкциялар мыйзамдуу коомдук кызыкчылыктарга тиешелүү маселелер боюнча дебаттарга басма сөздүн катышуусуна бөгөт койгондо пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту «эң кеңири өлчөмдө коргоого» чакырат.

Медиа уюмдар же журналисттик уюмдар өзүм билемдик менен уюшулган, атайын бүлүндүрүүчү же жазалоочу мүнөзгө ээ болгон салык же башка административдик иликтөө же текшерүү түрүндөгү, же алардын ишине жолтоо болгон же алардын жашоого жөндөмдүүлүгүн жок кылган лицензия берүү шарты же дагы башка административдик талаптар түрүндөгү куугунтукка кабылбоого тийиш.

Адам укуктарын сактабай коюунун белгилеринин Венеция комиссиясы түзгөн көзөмөлдөөчү тизмесинде андай даана белгилердин бири катары көз каранды эмес соттук териштирүүнүн жоктугу көрсөтүлөт.[56] Бул тизме мыйзамды өзүнө керек учурда гана аткарууну, саясий жактан негизделген куугунтукту жана прокуратуранын аракеттерине бийликтин тийгизген таасирин камтыйт.

56 Карагыла, сайт: https://book.coe.int/en/constitutional-law/7019-pdf-the-rule-of-law-checklist.html

## Мисал

2017-жылдын октябрында журналисттик иликтөөлөр менен алектенген мальталык журналист жана блогер Дафна Каруана Галиция көз жумган кезде ага каршы коомдук ишмерлер жана ишкер чөйрөнүн өкүлдөрү, анын ичинде Мальта өкмөтүнүн министрлеринин бири койгон диффамация тууралуу 47 жарандык жана жазыктык доо коюлган. Доолор бийликтин жогорку эшелондорундагы болжолдуу коррупция жана «Панама досьесинде» табылган жашыруун финансылык операциялар жөнүндө бул журналист аялдын репортаждары менен байланышкан. Мальтанын диффамация тууралуу мыйзамдары бир эле блогго каршы бир нече соттук доо коюуга жол бергени жана зыяндын ордун толтуруу иретинде өтө эле чоң суммаларды караштырганы үчүн сынга кабылып келген. Киши колдуу болгон журналист аялдын уулу анын энеси «отуз жыл бою аёосуз куугунтукка» туш болуп келгенин айтып берген.[57] Өлөрүнө аз калганда жазылган интервьюда Дафна Каруана Галиция таасирдүү адамдар мыйзам менен куугунтуктоо же зомбулук актылары, анын ичинде үйүн өрттөө аркылуу анын оозун басууга такай аракет кылганынан улам Мальтада келип чыккан «коркунучтуу кырдаал» жөнүндө айтканы бар. 2019-жылдын 15-майында ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү Мальтанын диффамация тууралуу мыйзамына киргизилген түзөтүүлөрдү, анын ичинде жазык жоопкерчилигин алып таштоону жана зыяндын ордун толтуруунун максималдуу суммасын азайтууну колдоп сөз сүйлөгөн. Бирок ал журналист аял өлгөндөн кийин да ага каршы жарандык доо койгон 32 киши анын үй-бүлөсүнөн зыяндын ордун толтурууну талап кылганын «кыжыр келтире турган» факты деп атаган. ЕККУ өкүлү Мальтанын мамлекеттик кызмат адамдарын жол берилген сындын

**57** Карагыла: https://www.standard.co.uk/news/london/son-of-murdered-journalist-daphne-caruana-galizia-speaks-out-about-threats-six-months-on-from-a3815246.html

кыйла жогорку босогосун орнотууга жана жөнгө салынбаган соттук доолор боюнча териштирүүнү токтотууга чакырган.[58]

## Мисал

2019-жылы Арменияда журналисттерге жана ЖМКга каршы ар-намыска доо келтирүү жана жалаа боюнча айып менен 89 жарандык иш козголгон.[59] «Сөз эркиндигин коргоо боюнча комитет» аттуу армян коомдук уюму жана кызыкчылыгы бар башка тараптар мыйзамда ЖМКга каршы диффамация боюнча доо коюунун өтө эле жөнөкөйлөшкөн тартиби тууралуу арызданышкан.

## > Журналисттерди кармоо жана камакта кармап туруу

Мамлекеттер өзүм билемдик менен кармалган, камакка алынган же барымтага алынган бардык журналисттерди жана ЖМК кызматкерлерин сөзсүз бошотууга тийиш. Министрлер кеңешинин журналисттердин коопсуздугу тууралуу 2018-жылдагы чечиминде уюмга кирген мамлекеттер төмөнкүлөрдү түздөн-түз аткарууга милдеттенген:

*Өзүм билемдик менен кармалган же камакка алынган, барымтага алынган же күч менен жоготулган бардык журналисттерди токтоосуз жана шарт койбостон бошотууга көптөн-көп чакыруу;*

**58** Карагыла: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/381355

**59** Карагыла: https://khosq.am/en/reports/annual-report-of-cpfe-on-the-situation-with-freedom-of-expression-and-violations-of-rights-of-journalists-and-media-in-armenia-2019/

*Жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине тиешелүү өз мыйзамдарын, саясатын жана тажрыйбасын кайрадан карап чыгып, зарыл учурда алар журналисттердин көз каранды болбостон жана ылайыксыз кийлигишүүгө кабылбастан өз ишин аткарышын чектебей тургандай кылып жокко чыгарып же түзөтүү киргизип, эл аралык укуктук жана башка эл аралык милдеттенмелерине толук туура келтирүү;*

*Уюмдун курамындагы мамлекеттердин эл аралык укук ченемдерине ылайык милдеттенмелерин аткаруу иретинде диффамация тууралуу мыйзамдар иш жүзүндө журналисттердин коопсуздугуна зыян келтире турган жана/же аларды цензурага туш кылып, коомчулукка маалымат берүү боюнча өз вазийпасын аткарууга жолтоо кылышы мүмкүн болгон ашкере санкцияларды камтыбай турганын камсыз кылуу, ошондой эле зарыл учурда андай мыйзамдарды кайра карап чыгып же жокко чыгаруу.*[60]

Журналисттер берген маалыматы үчүн административдик же жазык жоопкерчилигине тартылбашы керек, бирок ЕККУнун курамындагы көп мамлекеттерде алар мамлекеттик кызмат адамдары же мекемелер тууралуу сын макалаларды жазганы үчүн жазык жоопкерчилигине тартылуу жана ал тургай түрмөгө камалуу коркунучуна кабылат. Андай жазалар пикир билдирүү боюнча журналисттик эркиндикти ооздуктай тургандай таасир этет.

Кармоо жана түрмөгө камоо басма сөз менен байланышкан укук бузуу үчүн эч качан жаза катары каралбашы керек; зомбулукка шыкакчы болуу сыяктуу башка негизги адам укуктарын олуттуу бузуу фактылары гана жападан-жалгыз башкача карала турган нерсе болушу мүмкүн.

**60** Карагыла: https://www.osce.org/chairmanship/406538?download=true

## Мисал

2018-жылдын мартында Адам укуктары боюнча Европа соту (АУЕС) Түркия 2016-жылдын сентябрынан бери камакта отурган серепчи жана экономист Мехмет Алтан менен журналистиканын ардагери Сахин Алпайдын коопсуздукка, жеке эркиндикке жана пикир айтуу эркиндигине болгон укуктарын бузду деп тапкан. Бул кишилерге 2016-жылдын июлундагы мамлекеттик төңкөрүш аракетине колдоо иретинде телекөрсөтүүдө «купуя тилди» колдонгону үчүн терроризм боюнча айып коюлган. Январда Түркиянын Конституциялык соту Алтан менен Алпайдын алдын-ала кармалышы алардын укуктарын бузду жана алар бошотулушу керек деп токтом чыгарган.[61] Бирок төмөнкү инстанциядагы сот бул токтомду аткаруудан баш тарткан. Сахин Алпай камактан бошотулуп, бирок үй камагында калган. АУЕС Алпай Конституциялык соттун токтомунан кийин да камакта калтырылганын сынга алган. Мехмет Алтан – мамлекетке каршы чыгып мыйзам бузганы үчүн өмүр бою түрмөгө камалышы эл аралык деңгээлде сынга алынган алты журналисттин бири. АУЕСтин токтому жана ага Түркиянын мамилеси уюмдун курамындагы АУЕСтин чечимдерин аткарууга милдеттүү болгон мамлекеттердин милдеттенмелерине кирген Европа конвенциясынын 46-беренесин Түркия канчалык аткарарын текшере турган сыноо катары кабыл алынган. Бул камактагы ондогон башка журналисттерди бошотуп, 2018-жылдын мартындагы токтомдо айтылган принциптерди аткарууга түрк сотторун чакырууга себеп болгон. 2018-жылдын 27-июнунда Стамбулдун соту Мехмет Алтанды бошотуу жөнүндө токтом чыгарган. 2018-жылдын 3-октябрында Стамбулдун өзгөчө оор кылмыштар боюнча №26 жазык соту алты айыпталуучуну, анын ичинде Алтанды оор шарттагы камакта өмүр бою эркинен ажыратуу жөнүндө өкүмдөрдү күчүндө калтырган.[62]

---

**61** Карагыла: https://www.osce.org/fom/366066

**62** Карагыла: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/372571

## Мисал

2014-жылдын декабрында азербайжандык иликтөөчү журналист Хадижа Исмаилова камакка алынып, мүлктү ыйгарып алууну жана «бийликтен кыянат пайдаланууну» камтыган, коомчулук тарабынан жалган, саясий себеби бар жана анын бийликтин жогорку эшелондорундагы коррупция тууралуу репортажы үчүн өч алуу катары кабыл алынган айыптар боюнча жети жарым жылга түрмөгө кесилген. 2016-жылдын майында, эл аралык коомчулуктун узакка созулган нааразылыгынан кийин, Азербайжандын Жогорку соту Исмаиловага чыгарылган өкүмдү үч жарым жылга шарттуу кесүү менен алмаштырган.[63] 2020-жылдын февралында АУЕС Азербайжан Исмаилованын эркиндикке жана күнөөсүздүк презумпциясына болгон укугун бузду деп таап, бийликтин аракеттери бул аялдын оозун басууга багытталып, анын жүргүзгөн журналисттик иликтөөсү үчүн өч алуу болгон деген корутунду чыгарган.[64] ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү Азербайжандын бийлигин Исмаилованын орун которушуна болгон учурдагы чектөөнү алып салууга жана мурункудай эле камакта отурган башка журналисттерди бошотууга чакырган.[65]

## Мисал

Өзбекстандык журналист Дилмурод Саид документтерди жасалмалоо жана опузалап тартып алуу боюнча айып менен 2009-жылдын февралында

63 Карагыла: https://www.osce.org/fom/242746

64 Карагыла, сайт: http://hudoc.echr.coe.int/spa?i=001-201340

65 Карагыла: https://www.osce.org/fom/363206

кармалып, 2018-жылдын февралында бошотулган.[66] Анын кесиптеши, өкмөттү бийликтен кулатуу аракети үчүн 1999-жылы соттолгон Юсуф Рузимурадов 2018-жылдын мартында гана бошотулган,[67] ал эми «конституциялык түзүлүштү күч менен кулатууга чакыруу» боюнча айыпталган өзбек журналисттери Бобомурод Абдуллаев менен Хаёт (Хан) Насреддинов 2018-жылы майда бошотулган.[68]

---

## > Терроризм менен күрөш жана улуттук коопсуздук жөнүндө мыйзамдарды колдонууга карата катаал кепилдиктер

Терроризм менен күрөш жана улуттук коосуздук жөнүндө мыйзамдар журналисттерди же пикир айтуу эркиндигин жүзөгө ашырып жаткан башка адамдарды сот аркылуу куугунтукташ үчүн колдонулбашы керек. Терроризмге байланыштуу жазык жоопкерчилиги террордук актыны ишке ашыруунун жогорку ыктымалдыгына түз байланышкан, терроризмге атайылап үндөө учурлары менен гана чектелүүгө тийиш.[69]

Терроризм менен күрөш жөнүндө мыйзамдар кууш аныктамаларды пайдаланып, бийликтин кийлигишүүсүнүн так жана болжолго алына турган чегин коюп, кыянаттык менен пайдалануунун алдын алыш үчүн тиешелүү кепилдиктерди камтышы абзел.

66 Карагыла: https://www.osce.org/fom/369916; and https://www.hrw.org/report/2018/03/28/youcant-см.-them-theyre-always-there/censorship-and-freedom-media-uzbekistan

67 Карагыла: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/374122

68 Карагыла: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/380086

69 Карагыла: Communiqué on free expression and the fight against terrorism: https://www.osce.org/fom/261951; Communiqué on the impact of laws countering extremism on freedom of expression and freedom of the media https://www.osce.org/fom/125186

Терроризмге байланышкан маселелер боюнча фактыларды чагылдырууну комментарийлерди терроризмди колдоо менен тең кароого болбойт.

«Терроризмди колдоо» же «даңазалоо» катары бүдөмүк мүнөздөлгөн аракеттер үчүн, же террорчулардын билдирүүлөрүн жөнөкөй эле кайталоо үчүн жазык жоопкерчилигин киргизүүгө болбойт, анткени алар өзүнөн өзү шыкакчылык болуп эсептелбейт.

Мамлекеттер терроризм менен күрөш, улуттук коопсуздук жана мамлекеттик сыр чөйрөсүндөгү мыйзамдар жана тажрыйба адам укуктарын, пикир билдирүү эркиндигин жана басма сөз эркиндигин коргоонун европалык жана эл аралык стандарттарына туура келерин баалап, зарыл учурларда түзөтүү киргизип же жокко чыгарыш үчүн аларга туруктуу, көз каранды эмес жана масштабдуу сереп салышы керек.

Террористтик ишмердүүлүккө жана зомбулуктун башка формаларына карата жооп иретиндеги аракеттердин алкагында мамлекеттер шифрлешүүгө жана анонимизацияга толук тыюу салган мыйзамдарды жана саясатты кабыл албашы жана колдобошу зарыл.

Мамлекеттер коргоо системаларын айланып өтүү каражаттары («бэкдор») сыяктуу санариптик коопсуздук куралдарын алсырата турган чараларды өз кызыкчылыгына колдонбошу керек, анткени алар пикир айтуу эркиндигин жана купуялыкты ыгы жок чектеп, системалардын чабуулга туруштугун азайтат.

Атап айтканда, санарип чөйрөсүндө радикалдашуунун, зомбулукка жакын экстремизмдин жана террористтик үгүттүн алдын алуу жана токтотуу боюнча кыйла олуттуу жана мыйзамдуу максат да мурдагыдай эле пикир айтуу эркиндигине жана жеке жашоонун кол тийбестигине болгон укукту чектеш үчүн колдонулууда,

бул болсо андай чектөөлөргө каршы натыйжалуу кепилдиктерди киргизүүнү талап кылат.

ЕККУнун курамындагы мамлекеттер «журналисттер шифрлешүү жана анонимизация технологияларын колдонушуна өзүм билемдик менен же мыйзамсыз жолтоо болуудан карманyу, ошондой эле мыйзамсыз же өзүм билемдик менен аңдуу ыкмаларын колдонуудан карманyу» боюнча өз милдеттенмелерин аткарып, андай аракеттер «журналисттердин адамдык укуктарын жүзөгө ашырууга тийишүү болорун жана аларды зомбулук аракетине туш кылып, коопсуздугуна коркунуч келтириши мүмкүн экенин» моюнга алууга тийиш.[70]

## > Жалаа жана диффамация туура мыйзамдар жана пикир билдирүү эркиндигине карата башка чектөөлөр: сөз эркиндигин жана башка негизги укуктарды сактоо

ЕККУнун курамындагы мамлекеттердин көбүндө диффамация жана ар-намыска шек келтирүү үчүн жазык жообуна тартуу жөнүндө мыйзамдар дагы эле бар жана көпчүлүк учурларда ал түрмөгө камоо менен жазаланышы мүмкүн, ал эми башка санкциялар штрафтарды жана айрым бир саясий укуктардан ажыратууну камтыйт.[71] Диффамация үчүн жазык жоопкерчилигине тартуу жөнүндө мыйзамдар ЖМКга каршы ЕККУнун бардык аймагында, анын ичинде Азербайжанда, Данияда, Германияда, Грекияда, Венгрияда, Италияда, Казакстанда, Португалияда, Швейцарияда жана Түркияда колдонулат.

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү диффамацияны толук декриминалдаштырууну жана мындай иштерди талаштарды чечүү боюнча органдарда же жарандык соттордо калыс кароону жактайт. Мамлекеттер ар-намыска шек келтирүү жана диффамация үчүн түрмөгө камоону караштырган

70 Карагыла: MC Decision No. 3/18

71 Карагыла: https://www.osce.org/fom/35360

мыйзамдарды толугу менен жокко чыгарып, айрым бир өзгөчө учурлардан тышкары ар-намыска шек келтирүү жана диффамация үчүн жазык жоопкерчилигин алып таштоого тийиш.[72]

Журналисттердин коопсуздугу тууралуу Министрлер кеңешинин 2018-жылдагы чечими уюмдун курамындагы мамлекеттерди «эл аралык укук ченемдерине ылайык диффамация тууралуу мыйзамдар журналисттердин коопсуздугуна зыян келтире турган жана/же аларды цензурага дуушар кылып жана коомчулукка маалымат берүү боюнча өз вазийпасын аткарууга жолтоо боло турган ашкере санкциялар менен жазаларды камтыбашын камсыз кылууга, ошондой эле зарыл болсо андай мыйзамдарды кайра карап чыгып жана жокко чыгарууга» чакырганы өзгөчө кубандырат.

Мамлекеттер өз мыйзамдарынан саясий же мамлекеттик кызматтарды ээлеген адамдардын аброюна тиешелүү болгон учурда алда канча катаал жазаны караштырган бардык жоболорду алып таштоого жана президенттин администрациясы, куралдуу күчтөр же мамлекеттик символика, туу же гимн сыяктуу мамлекеттик институттарга акаарат келтирүүнү криминалдык кылмыштардын катарынан чыгарууга тийиш.

Адамдардын «кара тизмелерин» же эл алдындагы дебаттарга катыштырылбай турган адамдардын категорияларын түзүү ЕККУнун принциптерине жана пикир билдирүү эркиндигине болгон укук жаатындагы эл аралык стандарттарга каршы келет; аларга сөз эркиндигин жана ачык дебаттарды өзүм билемдик менен же саясий себептен улам чектөө, атап айтканда тарыхтын белгилүү бир учурларын чечмелөөгө карата өтө эле катуу тыюу салуу да каршы келет.

**72** Карагыла: communiqué on criminal defamation laws protecting foreign heads of state: https://www.osce.org/fom/246521

Жарандык иштерде ашыкча кенемте өндүрүүдөн оолак болуш үчүн келтирилген зыяндын ордун толтуруунун акылга сыярлык максималдуу өлчөмүн бекитүү абзел. Соттук териштирүүнүн графиги болушу зарыл, ал эми диффамация тууралуу доо арыз берүүнүн мөөнөтү мисалы маалымат чыккандан тартып бир жылдан ашпагыдай болуп чектелиши керек. Жалаа тууралуу мыйзамда маалыматты жарыялоо үчүн чындыкты жактоо, пикир билдирүү же коомдун кызыкчылыгында негиздүү жарыкка чыгаруу сыңары маалыматты жарыялоонун негиздемелери салмактуу экенин таануу зарыл.

Изилдөөлөрдүн биринен белгилүү болгондой, ЕККУнун курамындагы он беш мамлекет: Армения, Босния жана Герцеговина, Кипр, Эстония, Грузия, Ирландия, Кыргызстан, Молдова, Черногория, Түндүк Македония, Норвегия, Румыния, Тажикстан, Улуу Британия жана Украина ар-намыска шек келтирүү жана диффамация үчүн жазык жоопкерчилиги тууралуу мыйзамдарды жокко чыгарды. Кошмо Штаттарда федералдык деңгээлде диффамация үчүн жазык жоопкерчилиги жок, бирок андай мыйзамдар айрым штаттардын деңгээлинде дагы эле иштейт.[73]

## Мисал

2020-жылдын башына карата Италияда диффамация тууралуу улуттук мыйзамдарга дагы эле реформа жүргүзүлө элек болчу, аны жүргүзүүгө бул өлкө диффамация үчүн максималдык жаза алты жылга түрмөгө кесүүнү камтыган жобону жокко чыгаруу максатында алгач ирет 2013-жылы убада берген. «Ossigeno per L'Informazione» уюмунун маалыматы боюнча бул мыйзамга ылайык акыркы беш жыл ичинде жүздөгөн адамдар түрмөгө камалган, алардын көбү -

**73** Карагыла: Defamation and Insult Laws in the OSCE Region: A Comparative Study, OSCE, 2017; by Scott Griffen and Barbara Trionfi: https://www.osce.org/fom/303181?download=true.

журналисттер. Иш жүзүндө камакта эки гана журналист: 2015-жылы Франческо Гангеми жана 2016-жылы Антонио Чиприани жаза мөөнөтүн өтөгөн. Калгандарына карата өкүм токтотулган жана алар үй камагына чыгып же социалдык кызматтардын көзөмөлүнө өткөн. Ошого карабастан, бул мыйзамдар абдан чоң терс таасир тийгизүүдө, анткени беш жыл ичинде жалпы жонунан жалаа тууралуу миңдеген иштер козголгон; алардын басымдуу көпчүлүгү актоочу өкүм менен аяктаса да, айыпталуучулар соттук териштирүүгө байланышкан сот чыгымдарын өз алдынча төлөөгө мажбур болушкан.[74]

---

## Мисал

Катаал мыйзамдар, ошондой эле өкмөттүн формалдуу жана бейформал басымы Азербайжанда көз каранды эмес телерадио жана басма сөз ЖМКларынын дээрлик толук жок болушуна алып келген. 2017-жылы Интернеттеги диффамация жана ар-намыска шек келтирүү үчүн жазаны күчөткөн жаңы мыйзам кабыл алынып, ал белгилүү бир мыйзам бузуу үчүн түрмөгө камоону камтыган. Интернетте президентти сындоо мыйзам бузуу болуп эсептелип, эки жылга чейин түрмөгө камоо же ири айып менен жазаланат. АУЕС Азербайжан журналисттерди коргоо боюнча өз милдеттенмелерин бузуп жатканын бир нече жолу билдирген.[75] 2014-2015 жылдары ЕККУнун ЖМК укуктары боюнча өкүлү

**74** Карагыла: "OSCE Legal Analysis of Law No. 925 of 17 October 2013 concerning the Defamation Legislation in Italy", by Boyko Boev, Senior legal officer, Article 19: http://www.osce.org/fom/108108?download=true.

**75** Карагыла, мис., Tofig Yagublu v Azerbaijan App. No. 31709/13, Rasul Jafarov v Azerbaijan App. No. 69981/14.

Азербайжанда көз каранды эмес пикирлерди системалуу түрдө жана кеңири масштабда куугунтуктоо жүрүп жаткандыгы тууралуу билдирүүлөрдү таратткан.

---

## > Жазасыздыктын тамырын кыркуу максатында журналисттерге каршы кылмыштарды жакшылап иликтөө

2017-жылдын декабрында ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу Вена университетинин коммуникация факультетинин ЖМКны башкаруу жана тармактык изилдөөлөр лабораториясы менен кызматташтыкта журналисттердин өлтүрүлүшү жазасыз калып жатканы менен байланышкан ЖМК эркиндигинин маселелери боюнча биргелешкен конференция уюштурган. 100гө жакын киши катышкан жолугушууда ЕККУнун бардык аймагынан келген эксперттер журналисттердин өлүмү тууралуу фактыларга көз салуунун жана андай учурлар тууралуу маалымат топтоонун практикалык, усулдук жана этикалык өңүттөрүн талкуулашкан. Панелдик талкуунун алкагында жана кийинки тегерек үстөлгө чейин ЕККУ аймагындагы үстөмдүк кылган тажрыйбаны жакшыртуунун жана өзгөртүүнүн жолдору талкууланган.[76]

ЕККУнун Министрлер кеңешинин журналисттердин коопсуздугу тууралуу 2018-жылдагы чечиминде уюмдун курамындагы бардык мамлекеттерди «келечектеги кол салуунун алдын алуунун негизги элементтеринин бири катары журналисттерге каршы жасалган кылмыштардын жазасыз калышына чекит коюу максатында күнөөкөрлөрдү сот жообуна тартып, жабыркагандарга тиешелүү укуктук коргоо каражаттарына жеткиликти камсыз кылыш үчүн натыйжалуу чараларды көрүүгө, анын ичинде укук тартибин коргоо органдары журналисттерге каршы зомбулук жана коркутуу актыларын токтоосуз, натыйжалуу жана калыс иликтөөсүн камсыз

---

**76** Карагыла: конференция жөнүндө отчет: https://www.osce.org/fom/368491

кылуу аркылуу чара көрүүгө» үндөгөн чакырык бар.[77]

Мамлекеттер журналисттерге каршы чабуулдардын жана зомбулук актыларынын жазаланбай калышына каршы күрөш стратегиясын жүзөгө ашырууга, анын ичинде иликтөө жүргүзүү боюнча атайын бөлүктөрдү түзүүнүн, атайын прокурорду дайындоонун, тергөө жүргүзүүнүн жана кылмыштын изине түшүүнүн конкреттүү протоколдорун жана ыкмаларын бекитүү, ошондой эле эл аралык ченемдерге жана стандарттарга ылайык журналисттердин коопсуздугу боюнча прокурорлорду жана сотторду дайындоо аркылуу иш жүзүнө ашырууга тийиш.[78]

Мыйзам андай кылмыштарды иликтөөгө же сот аркылуу жазалоого жолтоо болуп же бөгөт коюуга аракет кылган мамлекеттик кызмат адамдарына карата алда канча катаал жазаларды караштырышы зарыл.

Журналисттердин өлтүрүлүшү боюнча ар бир иштин сотто каралышы жөнүндө мамлекеттер берген маалыматтарды каттаган ЮНЕСКОнун сурамы менен мамлекеттер журналисттерди өлтүрүүнүн жана аларга каршы башка зомбулук актыларынын иликтенишинин жүрүшү тууралуу маалымат берүүгө милдеттүү. Эки жыл сайын ЮНЕСКОнун башкы директору журналисттердин коопсуздугу тууралуу мамлекеттердин ЮНЕСКОнун сурамына берилген жообуна негизделген баяндамасын жарыялайт.[79]

Өкмөттөр маалымат жана пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту ишке ашырууга жолтоо болуу же аларды сотто териштирүүгө бөгөт коюу максатында

**77** Карагыла, сайт: https://www.osce.org/chairmanship/406538

**78** Карагыла: UN Human Rights Council Resolution HRC/RES/33/2 on the safety of journalists, 2016.

**79** UNESCO Director-General's Report of October 2016. Сайт: http://www.unesco.org/new/fileadmin/MULTIMEDIA/HQ/CI/CI/pdf/IPDC/ipdc_council_30_4_en_02.pdf

адамга каршы жасалган кылмыштардын эскилик мөөнөтүн алып таштоого тийиш. Журналисттер өз кесиптик милдетин аткарып жатканда аларга каршы жасалган кылмыштар боюнча шек саналган адамдарга байланыштуу сот иштери жарандык же кадимки соттордо каралышы абзел.[80]

Тергөө жана сот органдарынын аракеттери журналисттерге каршы жасалган олуттуу кылмыштар үчүн, анын ичинде аларды өлтүрүү үчүн күнөөлүү адамдардын жоопко тартылышына алып келбеген учурларда, мамлекеттер андай иштерди атайын соттордо же соттордон тышкары иликтөөнүн же андай иликтөөлөрдү көз каранды эмес ЖМКлар менен кеңешип жүргүзө турган, Сербиядагы журналисттердин өлтүрүлүшүн иликтөө боюнча комиссия өңдүү (жогорудан карагыла) атайын көз каранды эмес органдарды түзүүнүн мүмкүнчүлүгүн карап чыгышы керек.

## Мисал

2017-жылдын октябрында мальталык журналист аял Дафна Каруана Галиция киши колдуу болгондон кийин полиция үч шектүүнү камакка алган, бирок бул кылмыштын шыкакчысын же уюштуруучусун таап жана кармай албай калган тергөө органдарынын ишинде жылыш болбогону иштин сотто каралышынын натыйжалуулугунан күмөн санаткан. Европа Кеңешинин парламенттик ассамблеясы Мальтадагы иликтөөнүн жүрүшүнө жана мыйзам үстөмдүгүнүн сакталышына байкоо жүргүзүш үчүн баяндамачыны дайындаган. 2018-жылдын январында журналисттердин коопсуздугуна көмөк көрсөтүү боюнча Европа

**80** UNESCO “Resolution 29 Condemnation of violence against journalists”, November 1997. Сайттан караңыз: http://www.unesco.org/new/fileadmin/MULTIMEDIA/FIELD/Brussels/pdf/ipdc_resolution_29.pd

Кеңешинин платформасынын өнөктөшү болгон сегиз уюм Министрлер комитетинин (2016) 4 сунушуна таянуу менен биргелешкен билдирүү таратып, анда төмөнкүлөр айтылган:

---

*Бийлик мыйзамсыз аракеттерге жардам берип же чыдамдуулук көрсөтүүгө жол бербестен, мыйзам үстөмдүгүн камсыз кыла аларына коомчулуктун ишенимин колдош үчүн иликтөөлөр натыйжалуу болууга тийиш. Жетектөөчү принциптерде жана сунуштарда ошондой эле «иликтөөлөр коомдук көзөмөл астында жүргүзүлүп, жабыркаган адамдын жакын туугандары алардын мыйзамдуу кызыкчылыгын коргош үчүн зарыл болгон деңгээлде бул процесске тартылышы керек» деген да сунуш бар.*[81]

Киши колдуу болгон журналист аял Галициянын уулу Пол Каруана Мальта өкмөтүнүн жооп иретиндеги аракеттерин «чабал» жана «натыйжасыз» деп мүнөздөгөн. Ал иликтөөнүн жүрүшүнө кызыкчылыктардын кагылышы жолтоо болуп жатат деген божомолун айтып: «Биз татаал кырдаалда турабыз, азыр энебиз ишмердигин иликтегендер, башкача айтканда полиция, өкмөт, арам акчаны адалдоо менен күрөш жүргүзүүчү органдар эми анын өзүнүн өлтүрүлүшүн иликтөө үчүн жооптуу болуп жатышат», - деди. Мальта өкмөтү иликтөөнүн жүрүшүндө жасалган бардык аракеттер мыйзамдын талабына ылайык келгенин жана бардык процессуалдык кепилдиктерди, анын ичинде коргоого болгон кепилдикти сактоо менен аткарылганын билдирди.[82]

**81** Карагыла: https://rsf.org/en/news/rsf-joins-calls-council-europe-ensure-justice-murdered-maltese-journalist-daphne-caruana-galizia

**82** Карагыла: https://www.coe.int/en/web/media-freedom/attacks-on-physical-safety-and-integrity-of-journalists/-/asset_publisher/TCvU5BkienuW/content/platform-partner-organisations-raise-alarm-after-grim-record-in-2017-and-urge-close-international-scrutiny-over-the-investigation-into-daphne-caruana-?_101_INSTANCE_TCvU5BkienuW_viewMode=view/

## > Санариптик байкоонун жана маалыматтарды массалык өлчөмдө сактоонун доорунда журналисттердин купуя булактарын коргоо

ЕККУнун Министрлер Кеңешинин журналисттердин коопсуздугу боюнча 2018-жылдагы чечиминде «санарип доорунда журналисттердин коопсуздугу өзгөчө коркунучка кабылып жатат, анын ичинде журналисттер хакердик чабуулдардын, мыйзамсыз же өзүм билемдик менен аңдуунун же маалыматты билип алуунун объектиси болуп калуу жагынан өзгөчө кооптуу жагдайга туш болушат, бул алардын пикир билдирүү эркиндигине болгон укугун жана жеке турмушка өзүм билемдик менен же мыйзамсыз кийлигишүүдөн коргонуу укугун бузууда» деп баса көрсөтүлөт. Чечим уюмдун курамындагы мамлекеттерди «журналисттер шифрлешүү жана анонимизация технологияларын колдонушуна мыйзамсыз же өзүм билемдик менен жолтоо болуудан карманууга, ошондой эле мыйзамсыз же өзүм билемдик менен аңдуу ыкмаларын колдонуудан карманууга чакырып, мындай аракеттер журналисттердин адамдык укуктарын жүзөгө ашырууну бузарын жана аларды зомбулуктун бутасы болуу коркунучуна калтырып, коопсуздугуна коркунуч келтирерин белгилейт».

Журналисттердин өз маалымат булактарын ачуудан баш тартуу укугу басма сөз эркиндигинин маанилүү негизи болуп саналат жана ишенимдүү коргоого муктаж. Ал коргоодон басма сөздүн так жана ишенимге татыган маалымат берүү жөндөмү көз каранды, антпесе коомдун кызыгуусун жараткан маселелер боюнча маалымат булактары басма сөзгө жардам бере албай калат, бул болсо коомдук көзөмөл функциясын аткарган институт катары басма сөздүн маанилүү ролуна зыян келтирет.

Маалымат булактарын ачыкка чыгаруу өзгөчө учурларда гана, көз каранды эмес жана компетенттүү сот органы тарабынан катталган, коомдун кызыкчылыгында аны ачуу зарылчылыгы үстөмдүк кылган бөтөнчө жагдайларда гана негиздүү деп эсептелиши мүмкүн.

Журналисттин иш ордунда же үйүндө тинтүү жүргүзүү, журналисттик материалдарды алуу же булактары аныкталышы мүмкүн болгон маалыматты ачыкка чыгаруу боюнча сотто токтом кабыл алуу катаал укуктук кепилдиктер менен, анын ичинде көз каранды эмес жана компетенттүү сот органынын чечими менен бекемделүүгө тийиш.

Өкмөттөр маалыматтарды аңдып, ачып окуу ыкмаларын кеңири колдонуп жатканы журналисттердин өз купуя булактарын коргоо дараметине зыян келтирип, ага ишеничти азайтты. Бул ыкмалар мета маалыматтарды, анын ичинде колдонуучулардын телефон номерлерин жана турган жери тууралуу маалыматтарды тандабастан чогултууну, ошондой эле онлайн жана мобилдик байланышты пайдаланууну камтыйт.

Мамлекетке жапырт же максаттуу аңдууга жана маалыматтарды сактоого байланыштуу кошумча ыйгарым укуктарды берген мыйзамдар журналисттердин жана маалымат берүүчүлөрдүн, ошондой эле коомдун кызыгуусун жараткан маалыматты ЖМКга берген башка адамдардын коопсуздугун камсыз кылыш үчүн зарыл болгон коргоо каражаттарына кепилдик берген жоболорду камтышы зарыл. Маалымат берүүчүлөр мыйзам бузуу жөнүндө билдире ала турган коопсуз каналдарды камсыз кылып жана аларга карата иштен кетирүү, кызматын төмөндөтүү жана башка жооп иретиндеги чаралардан натыйжалуу коргоого кепилдик бериш керек.

Мыйзамдарда кылмыштар жана мыйзам олуттуу бузулган учурлар тууралуу кабарлоого маалымат берүүчүлөргө жолтоо кылыш үчүн купуялык тууралуу

жоболорду колдонууга жолтоо боло турган жоболор камтылышы зарыл. Купуялык тууралуу жоболордун андай колдонулушу маалыматка жетүү укугун негизсиз чектөө же цензура болуп эсептелет.

## Мисал

2014-жылы Улуу Британиянын маалыматтарды ачып окуу маселеси боюнча комиссары – өкмөт дайындай турган көз каранды эмес кызмат адамы – Лондон полициясы гезиттерге маалыматты «төгүп» салган полиция кызматкерлерин аныктап чыгыш үчүн журналисттердин телефондорундагы маалыматтарды көп жолу жашыруун пайдаланганын аныктаган. Үч жыл ичинде британ полициясы жашыруун маалымат булактарын ачыкка чыгаруу жөнүндө талап менен жалпысынан 600дөн ашуун арыз бергени ачыкка чыккан. Маалыматтарды ачып окуу боюнча комиссар полиция сөз эркиндигине тиешелүү көңүл бурбай жатканын, ал эми өкмөттүн токтомдору журналисттик маалыматтын булактарын жетиштүү коргоону камсыз кылбай жатканын билдирген. Бул ашкерелөөдөн кийин өкмөт маалымат булактарын табуу максатында укук коргоо органдары журналисттик материалдарга жеткилик алыш үчүн сотко кайрылууга тийиш экенине макул болгон.

2015-жылдан тартып Францияда, Германияда, Польшада, Улуу Британияда жана башка Европа мамлекеттеринде электрондук аңдуу жүргүзүү боюнча мамлекеттин ыйгарым укуктарын кеңейткен жана соттук көзөмөлгө карата талапты жумшарткан мыйзамдар кабыл алынган. ЖМК уюмдары жана башка жактар бул мыйзамдарга каршы чыгууда, алардын пикиринде мындай мыйзамдар жашыруун журналисттик

маалымат булактарын коргоого жана ЖМКнын кабар берүү укугуна карата жаңы, кошумча коркунуч келтирет.[83]

## > Шайлоолордогу ЖМКнын ролун коргоо

Ар бир адамга негизги демократиялык укуктарынан пайдалангыдай кепилдик бериш үчүн анык маалымат берген көз каранды эмес жана ар түрдүү жалпыга маалымдоо каражаттары керек. Бул айрыкча шайлоо убагында актуалдуу, анткени ачык жана эркин дебаттар үчүн мейкиндик камсыз кылынган, кабардар коомдо гана адам өзүнүн добуш берүү укугун толук колдоно алат. Шайлоолордун, референдумдардын жана эл алдындагы маанилүү иш-чаралардын учурунда журналисттер өзүнүн журналисттик иши үчүн кол салуунун, камакка алуунун жана куугунтуктун күчөгөн коркунучунан корголууга тийиш.

Укук тартибин коргоо органдары шайлоонун жүрүшүнүн бардык өңүттөрүн чагылдыруу боюнча журналисттердин ролу менен милдетин сыйлап, зарыл учурларда шайлоо убагында, анын ичинде шайлоо участокторунда алардын коопсуздугун камсыз кылуу боюнча атайын чара көрүшү абзел.

Коомдук уктуруучулар менен көрсөтүүчүлөрдүн ишмердигин жөнгө салуучу укуктук-ченемдик база шайлоо өнөктүктөрүнүн убагында плюралисттик пикир билдирүүнү колдоп, ага өбөлгө түзүшү керек. Коомдук уктуруучулар менен көрсөтүүчүлөр шайлоо өнөктүктөрүн калыс, ар тараптуу жана эч кимисине жан тартпастан чагылдырууга милдеттүү.

Шайлоо өнөктүктөрүнүн убагында мамлекеттик бийлик органдары талапкерлер менен партияларга ЖМКга, анын ичинде мамлекеттик телеканалдарга бирдей жеткилик берүү, ошондой эле бул органдардын маалыматты ЖМКда чагылдырууга

**83** Карагыла: “Protecting Journalism Sources in the Digital Age”, Julie Posetti, 2017, published by UNESCO: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000248054

жана шайлоо өнөктүгүнүн убагында административдик ресурс колдонууга карата бейтарап позициясын камсыз кылуу боюнча өз милдеттенмелерин аткарууга тийиш.[84]

ЖМКлар улуттук же аймактык мамлекеттик органдар тарабынан көзөмөлдөнгөн жана алардын таасири алдында болгон, же ЖМКлардын таасирдүү кожоюндары белгилүү бир саясатчылардын кызыкчылыгында иш кылган өлкөлөрдө ЖМКлардын ээлеринин же жетекчилеринин таасири астында бир тараптуу чагылдырууга жол бербеш үчүн журналисттердин редакциялык өз алдынчалыгы коргоого муктаж.

Журналисттердин коопсуздугу жөнүндө ЕККУнун Министрлер кеңешинин 2018-жылдагы чечими менен ЕККУнун курамындагы мамлекеттер «шайлоону чагылдыруудагы, атап айтканда коомчулукту талапкерлер, алардын платформасы жана жүрүп жаткан дебаттар тууралуу кабардар кылуудагы журналисттердин чечүүчү ролун эске алып жана буга байланыштуу журналисттер кабылышы мүмкүн болгон опуза жана зомбулук менен коштолгон кол салуу боюнча олуттуу тынчсыздануу билдирип», өздөрүнө жаңы милдеттенме алышкан.[85]

## Мисал

Түркияда 2018-жылдын 24-июнунда өткөн президенттик жана парламенттик шайлоолорго карата ЕККУнун байкоочулар миссиясынын баштапкы корутундусунда өзгөчө абал шартындагы чектөөчү мүнөздөгү укуктук база жана ыйгарым укуктар негизги эркиндикти – чогулуш өткөрүү жана пикир билдирүү,

**84** Карагыла: the Venice Commission “Code of Good Practice in Electoral Matters”, 2002

**85** Муну да карагыла: Joint Declaration on Freedom of Expression and Elections in the Digital Age, сайт: https://www.osce.org/files/f/documents/9/8/451150_0.pdf

анын ичинде ЖМКда пикир билдирүү эркиндигин чектей турганы айтылган. Корутундуда ЕККУнун ЖМКУ эркиндиги боюнча өкүлү түрк бийлигин журналисттик иш үчүн жазык жоопкерчилигине тартууга жол берген мыйзам актыларын, анын ичинде «Басма сөз жөнүндө» мыйзамды жана Жазык кодекси менен «Терроризмге каршы күрөш жөнүндө» мыйзамдын жоболорун реформалоого көп жолу чакырганына шилтеме берилген.[86]

## Мисал

Орусияда 2018-жылдын 18-мартында өткөн президенттик шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча эл аралык миссия шайлоо өнөктүгүнүн жүрүшүндө бийликтеги президентти кеңири жана сыны жок чагылдыруу талапкерлерди теңдиги жок шартка койгонун билдирген. Атап айтканда, миссиянын баамында чектөөчү мүнөздөгү мыйзам жана ченем базасы, анын ичинде экстремизмге каршы кеңири мыйзамдар ЖМК эркиндигине коркунуч келтирип, өзүн өзү цензуралоого жол ачат. Жалаа жана кызмат адамдарынын ар-намысына шек келтирүү мурдагыдай эле кылмыш болуп эсептелет. ЖМКны жөнгө салуу боюнча орган болгон Роскомнадзор да медиа чөйрөсүн чектейт, ал баштапкы соттук токтом жок эле вебсайттарга толугу менен бөгөт коюуга укугу бар, башкача айтканда кеңири ыйгарым укуктарга ээ, аларды ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү «пикир айтуу эркиндигин ыксыз чектөө» деп мүнөздөгөн.[87] Медиа чөйрөсү Орусиянын ЖМКда чет өлкөлүк капиталдын үлүшүн чектөө боюнча мыйзамдары менен

**86** Карагыла: https://www.osce.org/odihr/elections/turkey/384600?download=true

**87** https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/410726; https://www.osce.org/ representative-on-freedom-of-media/451324

жана «чет өлкөлүк агенттер жөнүндө» мыйзамдар менен чектелет. Шайлоонун легитимдүүлүгүнөн күмөн санаган активисттер кармалган.[88]

## Мисал

Азербайжанда 2018-жылдын 11-апрелинде мөөнөтүнөн мурда өткөн президенттик шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча эл аралык миссия ЖМК тууралуу өтө эле чектөөчү мүнөздөгү мыйзамдар пикир билдирүү эркиндиги менен басма сөз эркиндигинен күмөн санатып, вебсайттар менен социалдык түйүндөрдүн контентине жайылтылат деп корутунду чыгарган. Миссия шайлоо чектелүү саясий чөйрөдө жана чыныгы демократиялык шайлоолордун өбөлгөсү боло турган негизги укуктар менен эркиндикти чектеген мыйзамдарга ылайык өттү деген жыйынтыкка келген. Байкоочулар Азербайжандагы диффамация жазык кылмышы болуп эсептелерин, ал эми президентке карата диффамация үчүн кошумча санкциялар каралганын белгилешкен. Алар өкмөттүн саясатын сын көз караш менен талдаган уктуруучу, көрсөтүүчү же басма ЖМКларынын жоктугунан улам жаңылыктардын чыгарылыштарында бийликтин ишмердүүлүгү тууралуу сын пикирлер жок болгонун аныкташкан. Шайлоодо бийликтеги президенттин талапкерлигин көрсөткөн партия үстөмдүк кылган. Бул Конституцияга президенттин ыйгарым укуктарын ого бетер кеңейткен түзөтүүлөр киргизилген 2016-жылдан кийинки алгачкы президенттик шайлоо болгон.[89]

**88** Карагыла: Statement of Preliminary Findings and Conclusions, ODIHR/OSCE: https://www.osce.org/odihr/elections/russia/375670?download=true

**89** Карагыла: https://www.osce.org/odihr/elections/azerbaijan/388580?download=true.

## Мисал

Венгрияда 2018-жылдын 8-апрелинде өткөн парламенттик шайлоону байкоо боюнча чектелүү миссиянын корутундусуна ылайык шайлоо процесси жалпыга маалымдоо каражаттарына ээлик кылуу маселесинин саясатташуусу жана чектөө киргизүүчү укуктук база менен начарлаган, бул редакциялык эркиндикке ооздуктоочу таасир тийгизип, шайлоочулардын плюралисттик маалыматка жетишин кыйынчылыкка учураткан. Венгрияда диффамация жазык кылмышы болуп эсептелет жана үч жылга чейинки мөөнөткө эркинен ажыратуу менен жазаланат. ЕККУнун алдындагы милдеттенмелерин жана коомдук уктуруучулар менен көрсөтүүлүлөрдүн көз каранды эместигине карата эл аралык стандарттарды бузуу менен венгриялык коомдук уктуруучу М1 башкаруучу коалиция менен өкмөткө ачык жан тартканын көрсөтүп турган. Миссия байкоо жүргүзгөн гезиттер оппозицияга караганда (10 пайызга жакын) башкаруучу коалицияга (54 пайыз) көбүрөөк көңүл бурган, бирок отчетко ылайык, ЖМКда сын көз караштагы чагылдыруунун кенемтеси Интернетте жана социалдык түйүндөрдө окуяларды жигердүү чагылдыруу жана жандуу дебаттар менен толукталган. ЕККУнун Демократиялык институттар жана адам укуктары боюнча бюросунун (ДИАУБ) отчетунда өнөктүк коркутуу риторикасы менен коштолгону белгиленген. Отчеттун авторлору башкаруучу партиянын лидери жана 2010-жылдан берки Венгриянын премьер-министри Виктор Орбандын өнөктүк учурунда жарандык коом активисттерине каймана опузаларды айтып, анын ичинде аларды «жалданма аскерлер армиясы» деп атаган сөзүнөн цитата келтиришкен.[90]

---

**90** Карагыла: Limited Election Observation Mission Hungary – Parliamentary Elections, 8 April 2018, Statement of Preliminary Findings and Conclusions, ODIHR/OSCE: https://www.osce.org/odihr/elections/hungary/377410?download=true

## Мисал

Польшада 2020-жылдын 12-июлунда өткөн президенттик шайлоонун экинчи айлампасынан кийин, ЕККУнун ДИАУБунун Шайлоого байкоо жүргүзүү боюнча атайын миссиясынын эл аралык байкоочулары саясий жааттaшуу, ошондой эле жалпыга маалымдоо каражаттарында шайлоо процессинин калыстыгы жок чагылдырылышы натыйжалуу өткөрүлгөн шайлоонун маанисин төмөндөткөнүн маалымдашкан. Байкоочулар терс өнөктүктөр менен өз ара каралоо көп болгонун белгилеп, саясатчылар менен журналисттерди коркутуу жөнүндө билдирүүлөргө карата тынчсызданууусун билдиришкен. Биринчи айлампадагыдай эле, бийликтеги президенттин өнөктүгү жана коомдук көрсөтүүчү тарабынан анын чагылдырылышы гомофобдук, ксенофобдук жана антисемиттик риторика менен коштолгон.[91]

I_____________________________________________________________ 7

## > Маалымат эркиндигин жана өкмөттүн ачыктыгын камсыз кылуу

Маалыматтарды жана идеяларды алуу, издөө жана таратуу укугу мамлекеттик бийлик органдарынын кароосунда турган жана негизсиз чектөөгө алынбастан эл алдына жарыялана турган маалыматка жетүүнү билдирет.

Коомдун кызыкчылыгын жараткан маалыматтарды алууга болгон коомдун укугу коомдун бардык мүчөлөрүнүн пикирлерин билдирген эркин жана плюралисттик жалпыга маалымдоо каражаттарын камсыз кылуу боюнча мамлекеттердин оң багыттагы милдеттенмеси менен тыгыз байланышкан.

**91** Карагыла: https://www.osce.org/odihr/elections/poland/457204

Ал ошондой эле коммерциялык же финансылык максат көздөбөстөн маалыматты объективдүү жана калыс берген, коомдун кызыгуусун жараткан маселелердин баарын чагылдырган коомдук уктуруу же көрсөтүү кызматынын зарылчылыгы менен байланышкан.

Өкмөттөр мамлекеттик маалыматты минималдуу чектөө менен жарыкка чыгарып, Европадагы жана эл аралык ченемдерди эске алуу менен маалыматка болгон укукту камсыз кылууга тийиш. Айкындуулук бийликтегилерди жоопко тартууга кепилдик берет.

Мыйзамдардын натыйжалуулугу үчүн маалымат эркиндиги боюнча комиссия же ошол сыяктуу өкмөттөн көз каранды болбогон, маалыматка иш жүзүндө тоскоолдуксуз жана токтоосуз жетүүгө жардам берген көзөмөл органын түзүш керек.

Эрежеден четтөөгө чектелүү гана негиздерде жол берилет; улуттук коопсуздук маселелеринде мындай четтөө өзгөчө маанилүү маселелер менен чектелет, ал эми маалымат берүүдөн баш тартууга каршы ачык жана көз карандылыксыз жол-жоболорго ылайык даттанса болот.

Мамлекеттик коопсуздук жана чалгын кызматтары да кайсы бир мамлекеттик органдагы же мекемедеги мыйзамсыз ишмердүүлүктү ачууга карата коомчулуктун кызыгуусун моюнга алган принципке баш ийет.

Буга байланыштуу журналисттердин коопсуздугу боюнча ЕККУнун Министрлер Кеңешинин 2018-жылдагы чечиминде ЕККУнун курамындагы мамлекеттер ЕККУнун бардык аймагындагы эркин маалымат агымынын чечүүчү маанисин таанып, алардын аймагындагы «жалпыга маалымдоо каражаттары маалыматтардын чет элдик булактарына жана маалымат кызматтарына

чектөөсүз жеткилик алышы керек экенин, коомчулук мамлекеттик бийликтин кийлигишүүсүнө кабылбастан, чек арага карабастан, анын ичинде чет өлкөлүк басылмалар жана телерадио программалар аркылуу маалыматтарды жана идеяларды алуунун жана өткөрүп берүүнүн ошондой эле эркиндигинен пайдаланарын...» ырастаган.

## Мисал

Акыркы жылдары Испаниянын айрым коомдук ишмерлери, анын ичинде өкмөт мүчөлөрү басма сөз үчүн өткөрүлгөн иш-чараларда журналисттерге суроо берүүгө мүмкүнчүлүк бербей ЖМК үчүн билдирүүлөрдү тарата баштакан. 2011-жылы Испаниянын басма сөз ассоциацияларынын федерациясы – өлкөнүн алдыңкы кесипкөй журналисттик уюму – мындай «суроосу жок басма сөз жыйындарына» каршы ачык нааразылык өнөктүгүн баштаган. 2013-жылы өкмөт финансылык чуулгандар боюнча ачык сынга кабылганда ошол кездеги премьер-министр Мариано Рахой өкмөттүн саясаты тууралуу өз билдирүүлөрүн журналисттер чогулган залда эмес, өзүнчө имаратта жаздырып алып журналисттердин суроолорунан кутулуунун жаңы ыкмасын көрсөткөн. 2015-жылы мындай тажрыйба өкмөттүн ишинин ачыктыгын камсыз кылуу принцибин бузуу жана расмий маалыматтын эркин агымына жолтоо кылуу катары Испаниядагы басма сөз эркиндиги боюнча эл аралык миссиянын мүчөлөрүнүн кескин сынына кабылган.[92]

---

**92** Карагыла: “The State of Press Freedom in Spain: 2015 – International Mission Report”, March 2015, International Press Institute: https://www.access-info.org/wp-content/uploads/IPISpainReport_ENG.pdf

## > Түйүндөгү куугунтук менен опузадан, өзүм билемдик менен кийлигишүүдөн, Интернетти өчүрүүдөн, дезинформация менен үгүт таркатуудан коргоо

Ачык, эркин жана коопсуз Интернет эл алдындагы дебаттарды өткөрүү жана эркин маалымат агымы үчүн маанилүү жана коргоого муктаж. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын санариптешүүсү журналисттерди жана түйүндүн башка катышуучуларын опуза жана коркутуу үчүн алсыз кылып койду.

Интернетти өчүрүп салуу сөз эркиндигине олуттуу кийлигишүү болуп эсептелет. Мамлекеттер маалыматка жеткиликти чектөөдөн же аны Интернетте таратууга жеткирбей коюудан карманышы керек, анткени бул адам укуктары боюнча эл аралык талаптарды одоно бузуу болуп эсептелет.

Бүдөмүк жана эки анжы аныктамаларга, анын ичинде «фейк маалыматтар» терминин колдонуу менен ачыктан ачык жалган маалыматты таркатууга тыюу салган мыйзамдар эл аралык стандарттарга туура келбейт жана бийлик ээлери үчүн жагымсыз контентти цензуралоо же тыюу максатында өзүм билемдик менен колдонулушу мүмкүн. Контентти жөнгө салууга тиешеси бар кайсы гана мыйзамдар же жоболор болбосун пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту, анын ичинде талаштуу фактыларды билдирүү жана өкмөттү, башка да таасирдүү социалдык субъектилерди сындоо укугун жүзөгө ашырууга жолтоо болбошу зарыл.[93]

**93** Joint Declaration on “Fake News”, Disinformation and Propaganda, на сайте: https://www.osce.org/fom/302796?download=true; Communiqué on propaganda in times of conflict, сайт: https://www.osce.org/fom/117701

Мамлекеттер жалган экенин билген же ошентип ойлошуна негиз болгон же текшерилип жаткан маалыматка ойлонбостон текебер мамилени көрсөткөн маалыматтарды даярдап, каржылап, колдоп же андан ары таратпашы керек.[94]

Журналист аялдар куугунтуктун, таш боор мамиленин, ачык жыныстык зомбулук коркунучунун жана башка зомбулук актыларынын, ошондой эле алар Интернеттен алып жаткан зомбулуктун ачык сүрөттөмөлөрүнүн айынан кабылып жаткан кошумча опузалар менен коркунучтардан аларды коргош керек.

Мамлекеттер кооптуу жагдайга кабылган адамдардын коопсуздугуна каршы коркунучтарды табуу жана андай адамдарды коргоо, анын ичинде тиешелүү каражаттарды берүү жана укуктук жана техникалык маселелер боюнча даярдоо жагынан укук тартибин коргоо органдарынын потенциалын бекемдеши зарыл.

Социалдык түйүндөрдүн платформаларында бирге таркатуу, көчүрүү, жүктөө же комментарий берүү сыяктуу «туунду» ишмердик үчүн жазык жана административдик жоопкерчиликке тартуу пикир билдирүү эркиндигине жана ЖМК эркиндигине коркунуч келтирет. Мындай ишмердикке карата жазык мыйзамдарын колдонуу коркунуч кырдаалын жаратат, андан оолак болуш керек.

Эгерде билдирүүлөр түздөн-түз зомбулук менен байланышпаса жана «мыйзамсыз экени шексиз» деген чен-өлчөмгө жооп бербесе аларды алмашуу жана маалыматты түйүндө чыгаруу сыяктуу аракеттер үчүн эч ким жазаланбашы абзел.

**94** Карагыла: Joint Declaration on Freedom of Expression and “Fake News”, Disinformation and Propaganda, 3 March 2017, сайт: https://www.osce.org/fom/302796?download=true

Социалдык түйүндөрдөгү ишмердүүлүккө карата кандай гана санкциялар болбосун шайкештик принцибине ылайык келүүгө тийиш.

## Мисал

2018-жылдын апрелинде ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү Орусиядагы ЖМКнын ишмердүүлүгүн жөнгө салуучу федералдык орган болуп эсептелген Роскомнадзордун өлкөдөгү популярдуу «Telegram» маалымат алмашуу кызматынын жана социалдык түйүнүнүн кожоюндары коопсуздук кызматтарына өз тейлөө кызматынын шифрин ача турган ачкычтарды берүүдөн баш тарткандан кийин ага бөгөт коюу боюнча саясатына тынчсыздануу билдирген. ЕККУнун өкүлүнүн айтымында, бул кадам сөз эркиндигин жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигин ылайыксыз чектөө болуп саналат, ал эми сунушталган мыйзам колдонуучулардын анонимдүүлүгүнө коркунуч келтирип, бүдөмүк процедуралык талаптардын негизинде контентти өчүрүүгө өбөлгө түзүшү мүмкүн. Роскомнадзор өзүнүн кеңири ыйгарым укуктарын көптөгөн вебсайттага бөгөт коюу жана «Дождь» телекомпаниясын өз кызматтарын Орусиянын ичиндеги кабелдик жана жандоочтук түйүндөрдө таратуу мүмкүнчүлүгүнөн ажыратуу үчүн колдонгон. Жергиликтүү ЖМКдагы чет өлкөлүк капиталдын үлүшүн чектеген жана бир нече чет элдик телеканалга «чет өлкөлүк агент» деген белгини жайылтышы мүмкүн болгон орус мыйзамдары пикир билдирүү эркиндигине жана жалпыга маалымдоо каражаттарына жана ЖМКдагы плюрализмге карата өлкөнүн милдеттенмелерине туура келбеген нерсе катары сынга алынган.[95]

**95** Карагыла: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/377767

## Мисал

2012-жылы АУЕС «Йилдирим (Yildirim) Түркияга каршы» иши боюнча түрк бийлиги бардык онлайн-платформага жеткиликти тосуп салуу менен пикир билдирүү эркиндигин камсыз кылуу боюнча өз милдеттенмелерин бузду деген токтом чыгарган. Интернет-контентке болгон жеткиликти чектөө боюнча кандай гана чаралар болбосун мыйзамда каралган, демократиялык максаттар үчүн зарыл жана шайкеш аракеттер болууга тийиш. Алар ошондой эле белгилүү гана багытта болуп, жоготулушу керек болгон конкреттүү гана контентке таасир тийгизиши керек.[96]

## > Журналист аялдардын коопсуздугу

Демократия Интернетте да, андан тышкары да ортого салынган пикирлердин плюрализминин шартында гана гүлдөйт. Ошого карабастан, бир конкреттүү топ – журналист аялдар – туруктуу жана системалуу асылуунун бутасы болушат. Журналист аялдар жана ЖМКда иштеген башка аялдар опузага, куугунтукка жана коркутууга алда канча көбүрөөк туш болушат. Айыкча Интернетте гендердик негиз боюнча опузанын күч алышы, журналист аялдардын коопсуздугуна жана алардын андан аркы иши менен түйүндөгү жигердүүлүгүнө гана эмес, ЖМКдагы плюрализмге да түздөн-түз таасир этет. Журналист аялдардын мойнунда кош жүк бар: алар журналист катары да, аял катары да асылууга дуушар болушат. Алар өз иши менен алек болгучакты почта үкөктөрүнө жана социалдык түйүндөрдөгү платформаларына зордуктоо жана физикалык зомбулук менен коркуткан опузалар жана андай зомбулуктун ачык сүрөттөлүшү келип турат.

**96** Карагыла: https://www.osce.org/fom/104157

Акыркы жылдары ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу журналист жана блогер аялдар Интернетте максаттуу, тажаал чабуулга кабылып жатканы тууралуу ЕККУнун бардык аймактарынан келип жаткан билдирүүлөр көбөйгөнүнө тынчсызданууда. 2015-жылы ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу «Журналист аялдардын онлайн коопсуздугу» (#SOFJO) аттуу долбоор баштаган, ал бул маселе боюнча маалымдуулуктун жогорулашына жана ага карата реакция кылуунун тиешелүү варианттарын иштеп чыгууга багытталган бир катар иш-чараларды камтыйт. Өнөктүктүн максаты – мындай куугунтук канчалык жайылганы тууралуу маалымдуулукту арбытуу жана жапа чеккен журналист аялдардын окуяларын ачыкка чыгаруу. Өнөктүктүн максаты - онлайн куугунтук журналист аялдардын жашоосуна, алардын ишине тийгизген таасирди жокко чыгарууга, ошондой эле гендердик зомбулуктун бул түрү ЖМКдагы плюрализмге келтирген олуттуу коркунучту жоюуга жол бере турган стратегияларды иштеп чыгуу.

2018-жылдын декабрында ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу Басма сөздүн эл аралык институту менен кызматташтыкта Интернеттеги куугунтуктан жабыркаган журналист аялдардын окуяларын чагылдырган «Караңгы жер» аттуу толук метраждуу даректүү тасма даярдаган. Фильмдин максаты – мүшкүл тууралуу маалымдуулукту арттыруу жана өзгөрүүгө кадам таштоо. «Караңгы жер» ЕККУнун курамындагы бир катар өлкөлөрдөгү журналист аялдардын, ошондой эле гендердик маселелер жана ЖМК боюнча эксперттердин баяндарына арналган. Бул ушул багыттагы туңгуч даректүү тасма, ал гендердик теңчиликтин алкагынан тышкары чыгып, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине жана плюралисттик маалымат алуу боюнча коомдун ар бир мүчөсүнүн түпкүлүктүү укугуна түз таасир эте турган, Интернетте журналист аялдарды куугунтуктоо маселесин талдайт. Бүгүн бул маселе эл аралык уюмдардын, өкмөттөрдүн жана медиа-компаниялардын көңүлүн бурууну бардык убактагыдан көбүрөөк талап кылат.

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу уюмдун курамындагы мамлекеттер, ЖМК уюмдары, ортомчулар жана социалдык түйүндөр үчүн тиешелүү сунуштардын топтомун иштеп чыкты.[97]

«Журналист аялдардын онлайн коопсуздугу» (#SOFJO) аттуу долбоор башталгандан бери эле журналист аялдар журналистикада кабылган өзгөчө коркунучтар бир нече жолу таанылган. Мисалы, Венада 2007-жылы формулировкаланган журналисттер жана ЖМКдагы этика тууралуу корутундуларда «журналист аялдар кабылып жаткан өзгөчө коркунучтар жана алардын ЖМКдагы плюрализмге тийгизген түз таасири таанылган. Буга байланыштуу журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды кароодо гендердик мамиле маанилүү экендиги баса белгиленет».[98]

Эң маанилүүсү – журналисттердин коопсуздугу жөнүндө Министрлер кеңешинин чечиминде уюмдун курамындагы мамлекеттер «журналист аялдар ишине байланыштуу кабылып жаткан, анын ичинде санарип технологияларын колдонуу менен байланышкан өзгөчө коркунучтарга» тынчсызданып, ошондой эле «журналист аялдардын коопсуздугун максималдуу камсыз кылуунун жана алардын тажырыйбасы менен көйгөйлөрүн натыйжалуу эсепке алуунун маанисин» баса белгилешкен. Уюмдун курамындагы мамлекеттер ошондой эле «журналист аялдарга ишине байланыштуу, анын ичинде санарип технологияларын колдонуу менен кол салууну, анын ичинде жыныстык асылууну, кордоону, коркутууну, опузаны жана зомбулукту сөзсүз айыптоого» милдеттенген.

Журналисттерди коргоонун натыйжалуу системасы өзгөчө мааниге ээ, бирок Интернетте коопсуздукту камсыз кылыш үчүн башка мамиле керек, ага бардык тараптар, айрыкча журналист катары да, аял катары да куугунтукка кабылып

**97** Recommendations following the Expert Meeting New Challenges to Freedom of Expression: Countering Online Abuse of Female Journalists”, Vienna, 17 September 2015, сайт: https://www.osce. org/fom/193556?download=true

**98** Карагыла: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/306836?download=true

жаткан журналист аялдар да катышуусу зарыл. Интернетте аялдарды куугунтуктоонун бардык өңүттөрүн эске алган комплекстүү мамиле жана анын таасири Интернеттен асылууга каршы аракеттенүү, санарип коопсуздугун камсыз кылуу жана акыр аягында плюралисттик жана диверсификацияланган жалпыга маалымдоо каражаттары үчүн натыйжалуу жана туруктуу чечимдерди таап иштеп чыгууда негизги мааниге ээ.

**Мисал**

2014-жылдан тартып Арзу Гейбуллаева көз каранды эмес журналисттик иши үчүн Интернетте бир нече жыл бою кеңири жалаа өнөктүгүнүн, анын ичинде өлтүрүү жана зордуктоо менен коркутуунун бутасы болуп келген. Азербайжандын бийлиги бул опузаларды натыйжалуу иликтебегенине карабастан ал ЕККУнун бардык аймагында жана анын чегинен тышкары журналисттерди виртуалдык жана физикалык коркутууга ачык каршы чыгууда. Анын окуясы «Караңгы жер» даректүү тасманын сюжеттеринин бирине айланган.

## > Эл аралык стандарттарга ылайык ЖМКны калыс, көз карандылыксыз жана туруктуу жөнгө салуу

Мамлекеттик органдар репортаждарга таасир этүү же аларды манипуляциялоо максатында ЖМКнын эркиндигин жана көз каранды эместигин чектөөнүн журналисттерди аккредитациялоодон баш тартуу, сындагандардын оозун басуу, жарнаманы кошкондо мамлекеттик ресурстарды кыянат пайдалануу сыяктуу ыкмаларынан же болбосо аларды көзөмөлгө алуу, жалпыга маалымдоо

каражаттарын же алардын ишмердигин жөнгө салуучу органдарды тартып алуу аракеттеринен баш тартууга тийиш.

Мамлекеттер ЖМКдагы плюрализмди жана ЖМКдагы менчик үлүштөрүнүн ашкере топтолушуна ийгиликтүү бөгөт коё турган атаандаштык эрежелерин камсыз кылууга тийиш; ошондой эле каттоого жакшылап көз салуу, анын ичинде акционерлер менен бенефициардык кожоюндардын тек-жайын ачыкка чыгаруу аркылуу ЖМКдагы менчиктин ачыктыгын камсыз кылышы керек.

Жалпыга маалымдоо каражаттарына ээлик кылуу, редактордук көзөмөл жана аны мамлекеттик же саясий орган тарабынан башкаруу ЖМКнын эркиндигин, көз каранды эместигин жана плюрализмин камсыз кылуу боюнча милдеттенмени бузат. Саясий таасирден улам ачык же туруктуу редакциялык бир тараптуулук цензурага тете бааланат.

Мамлекеттик бийликтин улуттук же аймактык органдары же мекемелери ээлик кылган же башкарган ЖМКларды реформалап, мүмкүн болушунча Европа Кеңешинин курамындагы мамлекеттердин Министрлер кеңеши формулировкалаган коомдук ЖМКларды башкаруунун көз каранды эместик стандарттарына туура келчү коомдук ЖМКга айлантуу абзел.

Кызыкчылыктар кагылышы тууралуу мыйзамдар шайланма кызматта турган саясатчылардын же кызмат адамдарынын ЖМКга тийгизчү таасиринин алдын алышы зарыл.

Мамлекеттик жана коомдук жарнама бюджеттери өкмөттү же айрым саясий партияны колдогон жалпыга маалымдоо каражатанын пайдасына дискриминация кылбастан гезиттер менен телеканалдардын ортосунда калыс бөлүнүшү керек.

Лицензиялоо жана жыштыктарды бөлүштүрүү маселелери менен өкмөттөн же саясий таасирден көз каранды болбогон орган алектенүүгө тийиш; анда да бөлүштүрүү өзүм билемдик менен эмес, калыс жүрүшү зарыл.

Калкка ар кандай пикирлерди чагылдырган маалыматтын ишенимдүү булактарына жол ачып бериш үчүн уктуруучу жана көрсөтүүчү коомдук ЖМКларды башкаруу жана аларга болгон редакциялык көзөмөл саясий же башка кызыкчылыгы бар топтордон алардын редакциялык жана операциялык өз алдынчалыгын камсыз кылышы абзел. Мамлекет ЖМКдагы аткаруучу же редакциялык кызмат адамдарын дайындоого катышпашы керек.

Коомдук ЖМКлар чындыкка умтулган жоопкерчиликтүү, компромисске барбаган журналистиканын маданиятын жигердүү таратууга тийиш. Карама-каршылыктуу көз караштарды бейтарап чагылдыруу жана ички күмөн менен кайра ойлонууга умтулуу менен мүнөздөлгөн терең иликтөөлөр менен талкуулардын маданияты зарыл.[99]

## Мисал

2015-жылы жарыяланган корутундусунда Венеция комиссиясы Венгриянын ЖМКга тиешелүү айрым мыйзамдары менен токтомдорун сындап чыккан; анын арасында ЖМК боюнча кеңештин көз каранды эместиги жана анын мүчөлөрүн дайындоо тууралуу жоболор; мыйзамсыз медиа-контент түшүнүгүнүн аныктамасы; улуттук маалымат агенттигинин базардагы үстөмдүк абалы жана

**99** Карагыла: Recommendation of the Committee of Ministers of the Council of Europe to member States on public service media governance, сайт: https://search.coe.int/cm/Pages/result_details.aspx?ObjectID=09000016805cb4b4

саясий таасирге жакындыгы; журналисттик булактарды ачуу жөнүндө жоболор; ири айыпка жыгуу жана башка санкциялардын аракеттеги жол-жоболору; ошондой эле мамлекеттик жарнама бюджетин бөлүштүрүү үчүн сатып алуу системасы болгон.[100]

## Мисал

АКШдагы ЖМКнын плюрализмине жана эркиндигине карата, 2018-жылдын июнунда ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү телекоммуникация жана медиа булактарындагы менчиктин ашкере топтолушу күчөгөнүнө, айрыкча компания ЖМК сыяктуу инфратүзүмгө ээ болгон учурларга тынчсызданусун билдирген. ЕККУ өкүлү түйүндөгү бейтараптык эрежелерин жокко чыгаруу жөнүндө Байланыш боюнча федералдык комиссиянын чечими Интернеттеги маалымат булактарынын плюрализмин чектеши мүмкүн экенин да эскерткен.[101]

**100** Карагыла: “Venice Commission Opinion on Media Legislation in Hungary”, 2015: http://www.venice.coe.int/webforms/documents/default.aspx?pdffile=CDL-AD(2015)015-e

**101** Карагыла: “Concluding visit to USA, OSCE Representative stresses need for US leading role in promoting free media as journalists are increasingly under threat”, 22 June 2018: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/385575

Үчүнчү бөлүк.

# Коргоо жана кылмыштын артынан түшүү

## Үчүнчү бөлүк.
# Коргоо жана кылмыштын артынан түшүү

«Биз журналисттерди коргоого милдеттүүбүз, анткени журналисттер коопсуздукта болсо гана демократиялык жана таза коомду куруунун айныксыз шарты болгон эркин маалымат алмашууга жана ага негизделген коомдук дебаттарга жол ачылат».

**Линас Линкявичюс,** *Литванын тышкы иштер министри,* ЕККУнун «Журналисттердин коопсуздугу – жаңы сыноолор жана жооптор» аттуу конференциясындагы сөзүнөн

Вилнюс, 2017-жылдын июлу.

## > Журналисттердин коопсуздугу: негизги багыт

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросунун негизги багыты болуп журналисттердин коопсуздугу жана аларды коргоо, ошондой эле аларга каршы жасалган кылмыштардын жазасыз калышы менен күрөш эсептелет. Бул бөлүктө негизинен уюмдун курамындагы мамлекеттер журналисттерди коргоо жана кылмыштын жазасыз калышына чекит коюу максатында аларга каршы кылмыш кылган адамдардын артынан түшүү боюнча өз милдеттенмелерин аткарыш үчүн көрүшү зарыл болгон чараларга көңүл бурулат. Журналисттердин өмүрүнө олуттуу коркунуч келип жатканы ЕККУ аймагында 1992-2017-жылдары өз ишин аткарып жүрүп өлтүрүлгөн журналисттердин бюро жарыялаган тизмесинен көрүнүп турат, анда 392 адамдын аты-жөнү бар.[102]

Өлтүрүлгөн журналисттердин бюро жарыялаган тизмесиндегилер:

- Георгий Гонгадзе, Киевде уурдалып, 2000-жылы өлтүрүлүп, башы кесилген;
- Элмар Гусейнов, Бакудагы өз үйүндө 2005-жылы атып өлтүрүлгөн;
- Анна Политковская, Москвадагы өз үйүнүн киришинде 2007-жылы атып өлтүрүлгөн;
- Грант Динк, Стамбулда өз кеңсесинин жанында 2008-жылы атып өлтүрүлгөн;
- Наталья Эстемирова, Грозныйда машинеге күчтөп отургузулуп, 2009-жылы атып өлтүрүлгөн;

**102** https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/363446

- Стефан Шарбонье, 2015-жылы «Charlie Hebdo» сатирикалык журналына эки жоочу кол салганда кесиптештери менен кошо өлтүрүлгөн;

- Павел Шеремет, 2016-жылы Киевде автоунаа жардырылганда өлтүрүлгөн;

- Дафна Каруана Галиция, 2017-жылы Мальтада автоунаа жардырылганда өлтүрүлгөн;

- Ян Куцак, 2018-жылдын февралында Словакияда колуктусу Мартина Кушнирова менен кошо атып өлтүрүлгөн.

Ушул жана башка иштердин жагдайларынан улам коррупцияны, кылмыштарды жана бийликти кыянат пайдалануунун учурларын ашкерелөөгө батынган журналисттер өз иши үчүн чабуул же ал тургай өлүм коркунучуна кабылып жатканы ачык көрүнүп турат. Бул киши өлтүрүү кылмыштарынын айрымдары журналисттерге компрометациялоочу материалдарды жарыялоого жол бербеш үчүн таасирдүү адамдардын буйругу менен жалданма киши өлтүрүүчүлөр тарабынан жасалган буюртма кылмыштар болуп эсептелет. Башкалары, мисалы «Charlie Hebdo» редакциясындагы канабайрам террорчу же кылмыштуу топтордун колунан келген.

ЕККУнун курамындагы бир катар мамлекеттерде журналисттерге чабуул коюлуп, алар иш ордунда, өз үйүндө же көчөдө белгисиз адамдар тарабынан коюлган буктурмага туш келип, ок атууга же ур-токмокко кабылган, айрым учурларда уурдалып кетип же өлтүрүлүп же «дайынсыз жок болгон». Журналисттер көп учурда өз жашоосун түп-тамырынан бери өзгөрткөн физикалык же психологиялык жаракат алышкан. Опуза, коркутуу, асылуу жана жыныстык мүнөздөгү агрессия

узак жана кыска мөөнөттө кесепети тийет; ал өзүн цензуралоого алып келүүчү коркунуч жаратып, акыр аягында коомдук дебаттардын ургаалдуулугун жана ар түрдүүлүгүн кемитет. Мындай асылуунун орду көбүнчө Интернет, ал эми бутасы журналист аялдар болуп, бул гендердик өңүттөрдү эске алуу менен чара көрүү зарылдыгын шарттап турат.[103]

Бардык мамлекеттер эркин жана ылайыктуу шарт түзүү аркылуу пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту пайдаланган журналисттерге жана башка адамдарга каршы кылмыштардын **алдын алууга** (IV бөлүктү карагыла); натыйжалуу коргоо чараларын көрүү аркылуу журналисттерди **коргоого**; ошондой эле аларга каршы жасалган кылмыштарды иликтөөгө, журналисттерди өлтүрүү жана аларга кол салуу үчүн күнөөлүү адамдардын **изине түшүп,** аларды жазык жообуна тартууга милдеттүү.

Журналисттердин коопсуздугу жөнүндө ЕККУнун Министрлер кеңешинин 2018-жылдагы чечиминде уюмдун курамындагы мамлекеттер төмөнкүлөргө милдеттенет:

*Журналисттердин ишин солгундатуу жана/же алардын редакцияларын күч менен жабуу үчүн, анын ичинде чыр-чатак шартында өлтүрүүнүн, кыйноонун, күч менен жоготуунун, өзүм билемдик менен кармоонун жана чыгарып салуунун, коркутуунун, куугунтуктоонун жана бардык формада, анын ичинде физикалык, юридикалык, саясий, психологиялык же экономикалык формада журналисттерге кол салуунун жана аларга каршы зомбулук актыларынын баарын ачык жана сөзсүз айыптоо;*

**103** Карагыла: 2019-жылдагы баяндама “Legal Responses to Online Harassment and Abuse of Journalists: Perspectives from Finland, France and Ireland”, сайт: ННрз://ммм.озсе.огд/герезеп1а1^е-оп-Егее- Сот-оЕ-те^а/413552.

*Журналисттерге каршы жасалган кылмыштардын жазаланбай калышын түп тамырынан бери жок кылуу максатында журналисттерге каршы зомбулук жана коркутуу актыларын токтоосуз, натыйжалуу жана бейтарап иликтеп, күнөөкөрлөрдү сотко берип жана жабыркагандарга тиешелүү укуктук коргоо каражаттарына жеткилик бериш үчүн кийинки чабуулдардын алдын алуунун негизги элементи катары күнөөкөрлөрдү жоопко тартууну камсыз кылып натыйжалуу чараларды көрүү.*[104]

Журналисттердин өлтүрүлүшү жазаланбай калган иштерди карай келгенде типтүү, улам-улам кайталанган элементтер байкалат, аларды мамлекеттер журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу жана кылмыштардын жазаланбай калышынын тамырын кыркуу боюнча натыйжалуу стратегияларды жана аракеттерди жүзөгө ашырыш үчүн колдонушса болот.

## > Коргоону камсыз кылууга жана кылмыштын артынан түшүүгө жөндөмсүздүк – реформалардын жана укуктук коргоо каражаттарынын зарылчылыгынын көрсөткүчү

Төмөндө журналисттерге каршы опуза менен зомбулук формаларынын спектрин көрсөткөн жана мамлекеттик бийлик органдары адамдардын өмүрүн сактоо, мыйзам үстөмдүгү менен сот адилеттигин камсыз кылуу максатында, ошондой эле иштиктүү демократияны колдош үчүн укук тартибин коргоо жана сот системаларында натыйжалуу реформа жүргүзүшү зарыл экенин көрсөткөн мисалдар келтирилет.

**104** 4 https://www.osce.org/chairmanship/406538?download=true.

## Мисал

2017-жылдын апрелинде 73 жаштагы журналист, Ленсоветтин мурдагы депутаты, Орусиядагы «Новый Петербург» гезитинин редактору Николай Андрущенко ооруканада жатып бир жума мурда болгон таш боор кол салуудан алган жаракаттарынан көз жумган.[105] Маалыматтарга караганда, журналисттин өлтүрүлүшүнө анын коррупция жана адам укуктарын бузуу жөнүндө репортаждары, анын ичинде жергиликтүү полицияны айыптаганы себеп болгон. Журналисттин киши колдуу болгону үчүн эч кандай айып коюлган эмес. Журналисттерди коргоо комитети мурун да, 2016-жылдын ноябрында Андрущенкого үйүнүн алдынан кол салып сабап кетишкенин билдирген.

Журналист ал иштеген гезитте тинтүү жүргүзгөнгө чейин бир нече апта мурун 2007-жылы да таяк жеген. Андан кийин ал киши өлтүрүүнү иликтөөгө байланыштуу жарыялаган маалыматы үчүн айыпталып, эки айга баштапкы камакка кесилген. Колдогу маалыматтар боюнча изоляттордо отурган кезинде Андрущенконун бир көзү көрбөй калган. Айкындуулукту коргоо фонду (АКФ) журналистке коюлган экстремизм жана жалаа боюнча айыптарга ачык каршылык билдирип, аларды «тандама сот адилеттиги» деп атап, башка ЖМКлар бул иш боюнча унчукпай калгыдай коркутууга дуушар болгонун билдирген. Кийинчерээк фонд Андрущенкодон экстремизм боюнча айыптоо алынганын, ал эми 2009-жылы жалаа боюнча айып да жокко чыгарылганын маалымдаган.

**105** Карагыла: https://www.osce.org/files/f/documents/9/b/356511.pdf, Тиркеме, 26-бет.

## Мисал

Украиналык журналист Васил Климентьев Украинанын атайын кызматтарынын кызматкерлери катышты деп божомолдонгон коррупция боюнча ишти иликтөөнүн жүрүшүндө 2010-жылдын августунда жоголуп кеткен. Климентьев Украинанын чоңдугу боюнча экинчи шаары болгон Харьковдогу коррупциялашкан аткаминерлерди ашкерелеген чуулгандуу аракеттери менен белгилүү харьковдук «Новый стиль» гезитинин редактору болуп иштечү. Киши өлтүрүү боюнча иш иликтене баштаган. Климентьевдин чөнтөк телефону жана башка буюмдары ал акыркы жолу көзгө урунган суудан алыс эмес жерде табылган, бирок тергөө эч кандай жыйынтык берген эмес. Журналисттин сөөгү табылбай калып, киши өлтүрүү боюнча шек менен эч ким камакка алынбай калган.[106]

## Мисал

2008-жылы Словакияда иликтөөгө адистешкен журналист Павол Рипал күтүүсүз жоголуп кеткен. Ал кибер кылмыштуулук жана словак кылмыш дүйнөсү тууралуу репортаждары менен белгилүү болчу. Журналисттин туугандары ал өзүнүн кесибине байланыштуу өлтүрүлгөнүнө ишенерин билдиришкен. 2015-жылдын мартында Словакиядагы башка бир иликтөөчү журналист, «Hospodarske Noviny» аттуу күн сайын чыкчу ишкер гезитте иштеген Мирослав Пейко да жоголуп кеткен. Эки учурда тең расмий тергөө органдары алардын жоголушун иликтөө боюнча жылышка жетпей койгонун билдиришкен. 2018-жылдын февралында кылмыштуу топтор журналист Ян Куцак менен анын колуктусун өлтүрүп

**106** Карагыла: https://www.osce.org/fom/72159

кетишкенден кийин ЖМКлар жана укук коргоочу топтор Павол Рыпал менен Мирослав Пейконун жоголушу боюнча маалымат берүүнү жана иликтөөнү кайра жандандырууну кайрадан талап кылышкан.

---

## > Кризис же куралдуу чыр-чатак шартында журналисттерди жарандык адам катары коргоо

Эл аралык гуманитардык укуктун талаптарына ылайык, мамлекеттер жана куралдуу чыр-чатактагы бардык тараптар журналисттер алардын жарандык статусуна туура келбеген эч кандай аракеттерге барбаса аларга жарандык адам катары мамиле кылууга милдеттүү. Тынч жашоочуларга кандай гана кол салуу болбосун аскердик кылмыш же адамзатка каршы кылмыш катары бааланышы мүмкүн. Бул принцип 1949-жылдагы Женева конвенцияларында жана 1977-жылдагы I Кошумча протоколдо түптөлүп, БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2006-жылдагы №1738 резолюциясы жана ЕККУнун Министрлер кеңешинин 2018-жылдагы чечими менен бекитилген.

Мамлекеттер башка да эл аралык документтер боюнча өз милдеттенмелерин аткарып, өзүнүн жарандык адамдарын, анын ичинде журналисттерди коргоо боюнча кадимки эл аралык укукту сактоого тийиш. Андай документтерге башкалар менен катар Бардык адамдарды зомбулук аракеттеринен улам жоголуудан коргоо үчүн эл аралык конвенция, Кыйноонун алдын алуу боюнча Европа конвенциясы жана БУУнун Кыйноого каршы конвенциясы, ошондой эле «Мыйзамсыз, өзүм билемдик менен жасалган жана суммардык өлүм жазаларынын алдын алуунун жана аларды иликтөөнүн принциптери» (БУУ) кирет. 2017-жылы «Чек арасыз репортёрлор» уюму Украина өкмөтүнүн көзөмөлүнө карабаган Донецк жана Луганск облустарында эки журналист барымтага алынганын билдирген.

2014-жылы ошол эле облустарда 30дан ашуун журналист уурдалып, айрым учурларда узак убакытка күч менен кармалып турган. Көптөгөн журналисттер уурдалып кетүү, жарадар болуу же киши колдуу болуу коркунучунун айынан Донецк жана Луганск облустарына баруудан карманып турушат.

Жалпысынан «Чек арасыз репортёрлордун» баасы боюнча 2017-жылы дүйнө жүзүндө 54 журналист, анын ичинде Сириядагы куралдуу исламисттик токтор кармап кеткен жети чет элдик репортёр барымтада кармалып турган. Барымтадагылардын арасында ЕККУнун курамындагы мамлекеттерде жашаган жана аларда жайгашкан ЖМКлар менен тигил же бул жол аркылуу кызматташкан белгисиз сандагы адамдар болгон.

### > Журналисттерге кол салуунун жана аларды коркутуунун кесепети: өзүн өзү цензуралоо же үндөбөй коюу

2-17-жылы Европа Кеңешинин демилгеси менен жүргүзүлгөн «Журналисттерге көрсөтүлгөн кысым: Европадагы санкциясы жок кийлигишүү, коркунуч жана өзүн цензуралоо» аттуу иликтөөдө Европа өлкөлөрүндөгү журналисттерди опузалоонун жана аларга кол салуунун далилдери топтолгон.[107] Иликтөө Европа Кеңешинин курамындагы 47 мамлекеттеги жана Беларустагы 940 журналистти сурамжылоого негизделген, ага ылайык сурамжылангандардын жалпы санынын 31 пайызы акыркы үч жыл ичинде жок дегенде бир жолу физикалык зомбулукка дуушар болгон. Аймактарга бөлө келгенде жыйынтыгы мындай болот: 60% Түштүк Кавказда, 52% Түркияда, 45% Чыгыш Европада, 26% Түштүк-Чыгыш Европа өлкөлөрүндө жана 25% Батыш Европа өлкөлөрүндө.

**107** Карагыла: : http://www.europarl.europa.eu/cmsdata/124026/marilyn-clarke.pdf.

Изилдөө бүт Европа боюнча коркутуу жана зомбулук журналисттер үчүн кадыресе иш болуп баратканын көрсөткөн. Мисалы, респонденттердин 46 пайызы зомбулук менен коркутуу тууралуу айтышкан, ал эми 40 пайызы өздөрү кабылган басым менен опуза алардын жашоосун өзгөрткөнүн же ага кыйла таасир эткенин билдиришкен; сурамжылангандардын 37 пайызы зомбулук же дагы башка жооп иретиндеги чаралардан кооптонуудан улам маалыматты жашыруу же жарым-жартылай жашыруу аркылуу өзүн өзү цензуралап турарын маалымдаган.

Бир катар өлкөлөрдөн сурамжылоого катышкан журналисттер негизинен полициядан опуза көргөнүн айтышкан. Түркияда бардык опузанын 72 пайызы, Түштүк Кавказда - 55 пайызы, Чыгыш Европада - 43 пайызы полиция тарабынан болгон. Коркутуунун башка учурлары саясий, ишкер, журналисттик же сүрөөнчүлүк кызыкчылыктар менен байланышкан. Изилдөө полицияга жана башка мамлекеттик мекемелерге ишенбестик кеңири жайылганын аныктаган: кол салууга кабылган журналисттердин 57 пайызы полицияга кайрылгысы келген эмес. Жалпысынан респонденттердин үчтөн биринен көбү коркутуу же негизсиз кийлигишүү болгон учурлар жөнүндө билдирүүгө жардам бере турган механизм жок деп эсептейт.

## > Жазаланбай калган кылмыштар – мыйзам үстөмдүгү олуттуу бузулганынын белгиси

Журналисттерди өлтүргөн же аларга каршы башка олуттуу кылмыштарды кылган адамдар жазаланбай калган учурлардын көптүгү мыйзам үстөмдүгүнүн жана сот системасынын көз каранды эместигинин негиздери олуттуу коркунучта турганын далилдейт.

ЕККУнун корутундусуна ылайык, мындай учурларда жазаланбай калган кылмыштар өтө көп. ЕККУнун курамындагы мамлекеттердин көбүндө

киши өлтүрүү боюнча иштерде кылмыштын изине түшүүнүн ийгиликтүү жалпы көрсөткүчтөрү жогору экени катталган, бирок журналисттер өлтүрүлгөн учурларда бул көрсөткүч дайыма төмөнүрөөк.[108]

Варшавада 2017-жылдын сентябрында Адамдык өлчөм жаатындагы милдеттенмелерди аткарууну кароо боюнча кеңешмедеги сөзүндө ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү мамлекеттик бийликти ал өз милдеттенмелерин аткара албай жатышы мүмкүн экенин эскертүүгө, бийлик болсо анын эскертүүсүн угуп, зарыл учурда өз мамилесин кайра карап чыгууга милдеттүү экенин белгилеген. Кылмыштар жазаланбай калган көрүнүштөр менен күрөш жана анын тамырын кыркуу эң орчундуу маселелердин бири, аны чечиш үчүн келишпестик жана төмөндө айтылган жаңы мамилелер зарыл.

## Мисал

Белгилүү түрк журналисти, «Агос» гезитинин редактору Грант Динк 2007-жылы январда Стамбулда өз гезитинин редакциясынын жанында атылып өлтүрүлгөн. Аны өлтүргөн киши шериги менен кошо изин суутпай кармалган. Динк Биринчи дүйнөлүк согуш убагындагы Осмон империясында армяндарды жапырт кырууну чагылдырган ишмердигине түрк ультраулутчулдары наарazылыгын билдирген соң аны өлтүрүп кетебиз деп коркуткандар чыккан. 2010-жылы Адам укуктары боюнча Европа соту (АУЕС) өлкөнүн бийлиги Грант Динктин өмүрүн жана сөз эркиндигин коргоо боюнча өз милдетин аткарган жок деп тапкан. Сот ошондой эле «Фират [Грант] Динктин өмүрүн коргоодогу мыйзам бузулган учурлар

108 Карагыла: https://www.osce.org/fom/363586; жана https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/401738

натыйжалуу иликтенген эмес» деп токтом чыгарган. Динк 2006-жылы түрк сотунда өз эмгектеринде Түркиянын аброюна шек келтирүү үчүн Жазык кодексинин 31-беренеси менен соттолгону да маанилүү жагдай болгон. АУЕС түрк сотунун чечими «Динкти ашынган улутчулдардын бутасына айландырган жана аны өлтүрүүгө камынган кутум тууралуу маалыматы болгонуна карабай түрк бийлиги аны коргош үчүн чара көргөн эмес» деп аныктаган.[109]

## Мисал

Көз каранды эмес «Украинская правда» жаңылыктар интернет-сайтынын редактору, иликтөөчү журналист Георгий Гонгадзе 2000-жылы уурдалып кеткен. Анын башы кесилген сөөгү ошол эле жылы кийинчерээк табылган, бирок тулкусу Георгий Гонгадзеники деген ырастама анын жесири Мирослава Гонгадзеге 2003-жылы гана берилген. Иликтөөнүн жүрүшү бүт бойдон негизсиз кечиктирүү жана расмий органдардын карама-каршылыктуу маалыматы менен коштолгон. 2005-жылы АУЕС украин бийлиги журналисттин өмүрүн коргоо боюнча өз милдетин аткарган жок деп тапкан. Сот ошондой эле бийлик «кылмыштын буюртмачылары менен уюштуруучуларынын эмес, түздөн-түз аткаруучуларынын гана изине түшүү менен чектелип», киши өлтүрүүнү натыйжалуу жүргүзө алган жок деген токтом чыгарган. Акыр аягында полициянын мурдагы генералы Алексей Пукач жана анын үч шериги Гонгадзенин өлтүрүлүшү үчүн соттолуп, узак мөөнөткө эркинен ажыратылган. Бирок сот бийликтин жогорку эшелондорундагы

**109** Карагыла: https://www.osce.org/fom/48142; https://www.osce.org/fom/110385; https://www. osce.org/fom/294641; https://www.osce.org/fom/87053 .

коррупция жөнүндө Гонгадзенин билдирүүлөрүнө байланыштуу Украинанын мурдагы президентинин аны өлтүрүүнү уюштурууга болгон катышын ашкерелеген далилдерди эске алган эмес.[110] Гонгадзенин иши боюнча токтомдо АУЕС Украинанын бийлиги киши колдуу болгон журналисттин жесири Мирослава Гонгадзеге иштин материалдарына 2005-жылдын августунда гана жеткилик бергенине көңүл бурган. Сот бийликтин Мирослава Гонгадзеге кылган мамилесин ар-намысты кемсинтүү катары балаган.

---

Георгий Гонгадзе менен Грант Динктин иши өзүнүн сөз эркиндигине болгон укугун ишке ашырганы үчүн зомбулук коркунучуна кабылып жаткандарды коргош үчүн натыйжалуу чара боюнча жана күнөөкөрлөрдү жазага тартыш үчүн натыйжалуу иликтөө жүргүзүү боюнча мамлекеттердин оң маанидеги милдеттенмелери жагынан АУЕСтин тажрыйбасындагы ишараттуу окуялар болуп калды.

## > Коргоо жана кылмыштын изине түшүү жагынан мамлекеттердин оң маанидеги милдеттенмелери

«Оң маанидеги милдеттенмелер» принцибине ылайык, мамлекеттер журналисттерди коргоого, аларга кол салууну иликтөөгө жана күнөөкөрлөрдү сот жообуна тартууга, ошондой эле кылмыштардын жазаланбай калышы менен күрөшүүгө милдеттүү. ЕККУнун курамындагы мамлекеттерде шайлануучу кызмат ээлеген саясатчылар, мамлекеттик аткаминерлер жана сот органдарынын мүчөлөрү АУЕСте иштерди кароонун жүрүшүндө иштелип чыккан бул принципти колдонуунун өзгөчөлүктөрүн түшүнүүгө тийиш. Бул жөнүндө укук боюнча алдыңкы эксперттин Европа Кеңеши жарыялаган баяндамасында айтылат:

---

**110** Карагыла: https://www.osce.org/fom/53283; https://www.osce.org/fom/54659; https://www.osce.org/fom/83631; https://www.osce.org/fom/182411

*Адам укуктары жөнүндө Европа конвенциясынын көптөгөн жоболорунун максаты адамды мамлекеттин кийлигишүүсүнөн сактоо болгонуна карабастан, тиешелүү укуктарды натыйжалуу коргоонун ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген оң маанидеги кошумча милдеттер да бар экендиги Европадагы адам укуктарын коргоо системасынын негизи болуп саналат. Бул белгилүү бир жагдайларда айрым адамдар (же башка мамлекеттик эмес органдар) тарабынан башка адамдарга карата Конвенциянын бузулушунун алдын алууга милдеттүүлүк дегенди билдирет.*[111]

АУЕС өз мотивдерин 2000-жылдагы токтомунда түшүндүргөн:

*Сот демократиянын түзүк иштеши үчүн айныксыз шарттардын бири катары пикир билдирүү эркиндиги биринчи даражадагы мааниге ээ экенин баса белгилейт. Бул эркиндикти чындап, иш жүзүндө турмушка ашыруу жалаң эле мамлекеттин кийлигишүүдөн баш тартуу милдетинен көз каранды эмес, ал тургай жеке жактардын ортосундагы мамилелерде да оң маанидеги коргоо чараларын талап кылышы мүмкүн.*[112]

Оң маанидеги милдеттенмелер атап айтканда пикир билдирүү эркиндигине жана журналисттерди коргоого колдонулат. АУЕСтин токтомунда мындай айтылат:

*...авторлорду жана журналисттерди коргоонун натыйжалуу системасын орнотуп, мамлекеттер бардык адамдардын коомдук дебаттарга катышуусу үчүн жагымдуу шарт түзүүгө милдеттүү, ал ошол адамдарга өз пикирлери менен идеяларын расмий бийлик же коомдун кыйла бөлүгү колдогон пикирлерге*

**111** “The principles which can be drawn from the case-law of the European Court of Human Rights relating to the protection and safety of journalists and journalism”, Philip Leach, 2013, сайт: НИрз:// гт.сое.т1/1680484е7С.

**112** Özgür Gündem v Turkey, No. 23144/93, 16.3.00, paras. 43 & 46.

*каршы келсе да, ал тургай алардын кыжырына тийип же дендароо кылса да коркпостон бөлүшүүгө мүмкүнчүлүк бергидей болууга тийиш.*[113]

Алдын алуу иретинде чара көрүү боюнча оң маанидеги милдеттенме төмөнкү жагдай аныкталган учурда келип чыгат:

*бийлик үчүнчү жактардын кылмыштуу аракеттерине байланыштуу конкреттүү адамдын өмүрү үчүн конкреттүү учурда түздөн-түз коркунуч бар экенин билген же билүүгө тийиш болгон, ошол коркунучту жокко чыгарыш үчүн өз ыйгарым укуктарынын алкагында андан күткүдөй чара көргөн эмес.*[114]

Сот өмүргө карата коркунуч тууралуу бийликтин маалымдуулугунун деңгээлин баалап жатып андай коркунуч коопсуздук күчтөрүнө байланышкан адамдардын аракетинен улам келип чыгышы мүмкүн экенин эске алып жатканын да белгилейт. Опузага кабылган журналисттин өмүрүн сактоого жана тез арада, калыс жана натыйжалуу иликтөө жүргүзүүгө мамлекеттин чамасы жетпесе кылмыштар жазаланбай кала берген маданиятты калыптандырып, ал кийин журналисттерге кол салууга жана ал тургай алардын өлүмүнө да алып келиши ыктымал.

Европа Кеңешинин Министрлер комитети мамлекеттин мындай дараметсиздиги коомго тийгизиши мүмкүн болгон кесепеттерди төмөнкүдөй белгилеген:

*Мындай натыйжалуу чаралардын жоктугу кылмыштар жазаланбаган маданиятты калыптандырып, ал журналисттерге жана башка ЖМК кызматкерлерине каршы жасалган кыянаттыкка жана кылмыштарга карата*

---

**113** Dink v Turkey, Nos. 2668/07, 6102/08, 30079/08, 7072/09 & 7124/09, 14.9.10, para. 137

**114** Карагыла, мис, Kilic v Turkey No. 22492/93, 28.3.00, paras. 63; Dink v Turkey, Nos. 2668/07, 6102/08, 30079/08, 7072/09 & 7124/09, 14.9.10, para. 65.4.

*чыдамдуу мамилени калыптандырат. Кылмыштын артынан түшүү ыктымалдыгы аз же дээрлик жок болсо, мындай кыянаттык менен кылмыштардын күнөөкөрлөрү жазага тартылуудан коркпой калат. Бул жабыркагандарды ого бетер азапка салып, кыянаттык менен кылмыштардын кайрадан жасалышына жол ачышы мүмкүн.*[115]

2018-жылы ЕККУнун курамындагы мамлекеттер Министрлер кеңешинин чечиминде кылмыштар жазаланбай калган учурларга тынчсызданып, төмөнкүлөргө милдеттенишкен:

*Күнөөкөрлөрдү сот жообуна тартып, жабыркагандардын тиешелүү укуктук коргоо каражаттарына жетишин камсыз кылууну көздөп, журналисттерге каршы жасалган кылмыштардын жазаланбай калышына чекит коюу максатында кийинки чабуулдардын алдын алуу элементинин бири катары жоопко тартуу, анын ичинде журналисттерге каршы зомбулук жана коркутуу актыларын укук тартибин коргоо органдары токтоосуз, натыйжалуу жана калыс иликтешин камсыз кылуу аркылуу натыйжалуу чара көрүү.*[116]

Кылмыштар жазаланбай кала бериши журналисттерди өлтүрүүгө жана аларга каршы башка зомбулук кылмыштарын кылууга түрткөн негизги фактор болуп эсептелет, анткени ал эч кандай жазага тартылбастан журналисттердин же дагы башка каяша айткандардын оозун басууга аракет кылса болорун билдирет.

Журналисттерге кол салуунун ооздуктоочу таасири көпкө чейин кесепетин тийгизет. Журналисттерге кол салып же ал тургай аларды өлтүргөн адамдардын

**115** Recommendation CM/Rec(2016)4 of the Committee of Ministers to member States on the protection of journalism and safety of journalists and other media actors.

**116** Карагыла, ошондой эле: https://www.osce.org/fom/368491

жазаланбай калышына жол берүү курмандыктарга каршы кайрадан кылмыш кылуу деген кеп. Кылмыштын жазаланбай калышы ооздуктоочу таасирди күчөтөт. Көптөгөн журналисттер өз өлкөсүнөн куулуп чыккан, далайлары журналисттик иштен толук баш тартууга мажбур болгон. Башкалары басымга баш ийип же убадага азгырылып көз каранды эмес журналистикадан баш тартып, бир тараптуу маалыматты атайылап таратуу, оппоненттеринин аброюна зыян келтирүү же ачык коомдук дебаттарды чектөө максатында ЖМКнын үстүнөн көзөмөлдү пайдаланууга умтулган өкмөттөрдүн, саясий же ишкер чөйрөлөрдүн кызыкчылыгын туюндуруучу адамдарга айланган. Мындай аракеттердин мисалдары ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү ЕККУнун Туруктуу кеңешине жөнөтүп жаткан мезгилдүү отчёттордо жана мониторинг менен алектенген улуттук жана эл аралык уюмдардын жарыкка чыккан отчётторунда маал-маалы менен көрүнүп турат.

Журналисттерди өлтүрүүнүн буюртмачыларын, аткаруучуларын, өнөктөрүн жана козутуучуларын таап, жоопко тартуу өзгөчө маанилүү. Мурда кылмыштар үчүн негизги жоопкерчиликке тартылышы керек болгон адамдар көп учурда, ал тургай иш жүзүндөгү аткаруучулар жоопко тартылып же соттолгон учурларда да белгисиз бойдон же жазаланбай кала берген.

Жазаланбай кала берген кылмыштардын көптүгү сот адилеттигинин көз каранды эместиги менен натыйжалуулугунан жана мыйзам үстөмдүгүнөн күмөн санатат, ошондой эле коомдун мамлекеттик бийликке болгон ишенимин кетирет. Кылмыштар жазаланбай калган көрүнүштүн тамырын кыркыш үчүн бийлик чындап көз каранды эмес институттарды түзүп жана кепилдиктерди камсыз кылып, ошондой эле укук тартибин коргоо жана сот системаларындагы саясий жана башка коррупциялык таасирди түп-тамырынан бери жок кылышы керек.

## > Пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштар

Журналисттерди кол салуудан коргоо жана кол салуу үчүн натыйжалуу иликтөөнү камсыз кылуу жана жазык жоопкерчилигине тартуу боюнча мамлекеттердин жоопкерчилигине тиешелүү негизги принциптер «Пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштар жөнүндө биргелешкен декларацияда» жазылган, ал 2012-жылы БУУнун ишенимдер жана аларды билдирүү эркиндиги боюнча атайын баяндамачысы, жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги боюнча ЕККУнун өкүлү, Америка мамлекеттери уюмунун (АМУ) пикир билдирүү эркиндиги боюнча атайын атайын баяндамачысы жана Адамдын жана элдердин укуктары боюнча Африка комиссиясынын пикир билдирүү эркиндиги жана маалымат эркиндиги боюнча атайын баяндамачысы тарабынан жарыяланган.

Биргелешкен декларация мамлекеттердин назарына төмөнкү принциптерди сунуш кылган:

*Жалпы жоболор*

a. Мамлекеттердин расмий адамдары пикир билдирүү эркиндигин жүзөгө ашыруу үчүн өч алуу катары кол салууну сөзсүз айыптоого тийиш жана эркин пикир билдирүү укугун жүзөгө ашырганы үчүн кол салууга кабылган адамдарга тийчү зыянды көбөйтө турган билдирүүлөргө жол бербеши керек.

b. Мамлекеттер пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштар өзгөчө олуттуу экендиги, анткени алар бардык негизги укуктарга зыян келтирүү болуп эсептелери жөнүндө жоболорду өз укуктук системаларына киргизип, төмөндө айтылгандай иш жүзүнө ашырышы зарыл.

c. Атап айтканда жогоруда кеп болгон нерселер, мамлекеттер:

I. бул маселе чечиле элек шартта өз пикири үчүн кол салууга дуушар болуу ыктымалдыгы жогору болгон адамдарды коргоо жагынан өзгөчө чара көрүүгө;

II. пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштар көз каранды эмес, тез жана натыйжалуу иликтенишин жана күнөөкөрлөрдүн жоопко тартылышын камсыз кылууга;

III. пикир билдирүү эркиндигине каршы жасалган кылмыштардан жабыркагандарга тиешелүү юридикалык коргоо каражаттарына жетишин камсыз кылууга милдеттүү экенин билдирет.

Биргелешкен декларация **коргоо боюнча** төмөнкүдөй милдеттерди коет**:**

a. Мамлекеттер пикир билдирүү эркиндигине болгон өз укугун жүзөгө ашырганы үчүн кылмыштын курмандыгы болуп калуу коркунучуна кабылган адамдарды тез арада натыйжалуу жана конкреттүү коргоо аракеттерин камсыз кылышы керек.

b. Пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштын олуттуу коркунучу болгон жерлерде өзгөчө талаптарды эске алуу менен иштелип чыккан атайын коргоо программаларын ишке киргизүү зарыл. Андай атайын программалар коркунуч алдында турган конкреттүү адамдын жагдайларын, анын ичинде жынысын, кесиби боюнча ишин улантуу зарылчылыгын же каалоосун, ошондой эле социалдык жана экономикалык шарттарын эске алуу менен атайын иштелип чыккан коргоо чараларын камтууга тийиш.

Декларацияга ылайык, пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыш жасалган учурда мамлекеттер мындай кылмыштардын аткаруучуларын да, буюртмачыларын да **жазык жоопкерчилигине тартуу** жана объективдүү, көз карандылыксыз соттоо максатында «көз каранды эмес, тез жана натыйжалуу иликтөө» жүргүзүүгө милдеттүү.

*Кылмыш пикир билдирүү эркиндигине каршы жасалганы тууралуу далилдер турса иликтөө бул кылмыш башкача экени далилденмейинче жана жабыркаган адамдын пикир билдирүүгө тиешелүү ишмердигине байланышкан тергөөнүн версиялары толук эске алынып четке кагылмайынча ошондой кылмыш болуп эсептеле берет деген презумпция менен жүргүзүлүшү керек.*

*Декларацияда «эгерде пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыш мамлекеттик бийлик органдары тарабынан жасалса, анда ал пикир билдирүү эркиндигине карата укукту өзгөчө олуттуу бузуу болуп эсептелери» баса көрсөтүлөт.*

Мындан тышкары, анда төмөнкү учурларда иликтөөнүн жана соттун институционалдык жана иш жүзүндөгү көз каранды эместигин камсыз кылуунун зарылдыгы баса белгиленет:

*Кылмыштын жасалышына расмий адамдардын тиешеси бар деп эсептегенге кыйла салмактуу негиздер болсо, иликтөөнү тиешелүү адамдардын юрисдикциясынын жана таасир чөйрөсүнүн чегинен тышкары турган орган жүргүзүшү керек жана тергөөчүлөр колдо болгон шектүү жагдайлардын баарын толук иликтегенге мүмкүнчүлүгү болушу зарыл.*

Укук тартибин коргоо органдары иликтөөгө байланышкан арыздарды кароонун натыйжалуу жана көз каранды эмес системасын ишке киргизиши керек.

*«Кырдаалдын олуттуулугу талап кылган, атап айтканда пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштар тез-тезден жана үзгүлтүксүз болгон»* учурларда андай кылмыштарды иликтеш үчүн *«атайын бөлүктөрдү»* түзүүнүн мүмкүнчүлүгүн караштырып көрүү зарыл.

Биргелешкен декларацияда каралган маанилүү жоболордун бири жабыркагандар үчүн жана алардын жакын туугандары үчүн сот адилеттигин камсыз кылуу болуп эсептелет:

*Жабыркагандар үчүн, ал эми алар курман болуп, уурдалып же жок болуп кеткен учурларда – алардын жакын туугандары үчүн сот адилеттиги камсыз болууга тийиш. Жабыркаган адам же анын жакын туугандары жок эле дегенде алардын мыйзамдуу кызыкчылыгын сакташ үчүн зарыл даражада сот иштерине катышуусу зарыл. Көпчүлүк учурларда бул алардын териштирүүгө иштиктүү катышуусун камсыз кылуу максатында аларга юридикалык зарыл жол-жоболордун айрым этаптарына жана зарыл документтерге жеткилик берүүнү талап кылат.*

Сот адилеттигинин ачыктыгы сот адилеттиги чындап эле ишке ашарын көрсөтүш үчүн зарыл:

*Пикир билдирүү эркиндигине каршы жасалган кылмыштар боюнча иштер тууралуу сот жүрүмдөрүн жалпыга маалымдоо каражаттары чагылдырышына карата чектөөлөр өтө өзгөчө учурларда, мындай иштер тууралуу ачык маалымат берүүдөн ашып түшкөн олуттуу зарылчылыкты көрсөткөн даана кызыкчылык болсо гана колдонулууга тийиш.*

## > БУУ кылмыштардын жазаланбай калышы менен күрөш боюнча узак мөөнөттүү чара көрүүгө чакырат

БУУнун Башкы Ассамблеясынын журналисттердин коопсуздугу жана кылмыштардын жазасыз калышы боюнча 2013-жылдын 18-декабрында кабыл алынган №68/163 резолюциясы 2-ноябрды Журналисттерге каршы жасалган кылмыштардын жазаланбай калышын токтотуунун жыл сайын өтүүчү эл аралык күнү деп жарыялаган. Бул дата 2013-жылы Малиде куралдуу козголоңчулар Гислен Дюпон жана Клод Верлон аттуу эки француз радиожурналистин өлтүрүп салганын белгилейт. Резолюция уюмдун курамындагы бардык мамлекеттерди:

*Журналисттерге жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлерине карата зомбулукту токтотуш үчүн колдон келген нерсенин баарын кылууга, журналисттерге жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын кызматкерлерине карата өз юрисдикциясына тиешелүү болгон зомбулуктун бардык болжолдуу учурларын бейтарап, тез жана натыйжалуу иликтөө аркылуу ошондой кылмыш кылган адамдардын баарын жазык жоопкерчилигине тартып жана соттоп, ошондой эле жабыркагандардын тиешелүү укуктук коргоо каражаттарына жетишин камсыз кылууга чакырат.*

Резолюция мамлекеттерди кылмыштардын жазаланбай калышы менен күрөш үчүн атайын кошумча чараларды көрүүгө жана механизмдерди түзүүгө, атап айтканда  укук тартибин коргоо жана сот органдарынын билими менен жөндөмүн жогорулатып, алардын ишмердигин эл аралык стандарттарга ылайык келтирүүгө көптөн-көп чакырат:

a. иликтөө жүргүзүү боюнча атайын бөлүктөрдү же көз каранды эмес комиссияларды түзүү;
b. атайын прокурорду дайындоо;

c. тергөөнүн жана кылмыштын изине түшүүнүн конкреттүү протоколдору менен ыкмаларын бекитүү;

d. журналисттердин коопсуздугу боюнча прокурорлорду жана судьяларды даярдоону уюштуруу;

e. журналисттерди опузалоо жана аларга кол салуу жөнүндө так маалыматтардын топтолушун камсыз кылыш үчүн маалымат топтоо механизмдерин, анын ичинде маалымат базаларын түзүү;

i. журналисттер коркунучка кабылганда бийлик органдарына жана коргоо каражаттарына кайрылгыдай кылып эртелеп эскертүү жана тез чара көрүү механизмдерин түзүү.

## > БУУнун Адам укуктары боюнча комитети: Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга ылайык милдеттенмелер

Натыйжалуу коргоо чараларынын зарылдыгы Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пактыга (ЖСУЭАП) ылайык мамлекеттерге алардын эл аралык милдеттенмелери боюнча кеңеш берген көз каранды эмес юридикалык эксперттердин органы болгон БУУнун Адам укуктары боюнча комитетинин жалпы тартиптеги сын-пикирлеринде белгиленет. ЖСУЭАПтын *«Пикирлердин жана аларды билдирүүнүн эркиндиги»* аттуу 19-беренесине карата 2011-жылкы жалпы тартиптеги №34 сын-пикирде: *«Уюмдун курамындагы мамлекеттер эркин пикир билдирүү укугуна ээ болгондордун оозун басуу аракетинен алардын пикир айтуу эркиндигин коргоодо натыйжалуу чара көрүүгө милдеттүү»* деп жазылган.[117]

**117** Карагыла, сайт: http://www2.ohchr.org/english/bodies/hrc/docs/gc34.pdf

Сын-пикирде ачык дебаттарга натыйжалуу катышуу кыйла кеңейген азыркы коомдогу журналистиканын ролу жана функциясы тууралуу маселе каралат:

*Өз ишмердигине байланыштуу мындай опузага, коркутууга жана агрессивдүү аракеттерге көп учурда журналисттер кабылат. Адам укуктары жаатындагы абал тууралуу маалыматты топтоп, талдоо менен алектенген жана адам укуктары боюнча баяндмаларды жарыялаган адамдар, анын ичинде судьялар менен адвокаттар да ошондой аракеттерден жабыр тартышат.*

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети журналисттерди жана журналисттик функцияларды аткарган адамдарды коргоо боюнча мамлекеттердин милдеттери штаттагы кесипкөй журналисттер же расмий адамдар колдоо көрсөткөн же тааныган адамдар менен чектелбей тургандыгын даана көрсөтөт:

*Журналисттик функциялар адамдардын кеңири чөйрөсүн, анын ичинде кесипкөй штаттык репортерлор менен талдоочуларды, блогерлерди жана басылмаларда, Интернетте же дагы башка жакта жазгандары басылып чыккан башка да адамдарды камтыйт.*

## > Европа Кеңеши

Европа Кеңеши Адам укуктары боюнча Европа конвенциясынын (АУЕК) сакчысы катары кызмат кылат. Страсбургдагы Адам укуктары боюнча Европа соту (АУЕС) АУЕКте айтылган жарандык жана саясий укуктардын болжолдуу бузулушу боюнча токтом чыгарат. Анын чечимдери уюмдун курамындагы мамлекеттерде милдеттүү юридикалык күчкө ээ жана башка мамлекеттерде абройлуу болуп эсептелет.

Европа Кеңешинин Министрлер комитети журналисттерге кол салуу менен аларды коркутуунун масштабы менен жыштыгы жана ЖМК эркиндиги боюнча кырдаал «кооптондуруп жана алгылыксыз болуп» жатканын уюмдун курамындагы мамлекеттердин атынан билдирген. 2016-жылдын апрелинде Министрлер комитети журналисттерди **коргоо**, аларга каршы кылмыштардын алдын алуу жана журналисттер менен башка ЖМК субъектилерине каршы кылмыштардын **изине түшүү** боюнча мамлекеттердин милдеттенмелерине тиешелүү жетектөөчү принциптерди камтыган сунушту кабыл алган.[118]

Журналисттерди **коргоо** боюнча милдеттенмелерге карата Комитет мамлекеттерге тиешелүү чараларды көрүүнү, анын ичинде полиция тарабынан коргоону же коопсуз жайга ыктыярдуу эвакуациялоону сунуш кылат:

*Мамлекеттик бийлик органдары адамдардын өмүрүнө же физикалык кол тийбестигине үчүнчү тараптардын кылмыштуу аракеттерине байланыштуу чындап жана түздөн-түз коркунуч келгени белгилүү болсо же белгилүү болууга тийиш болсо аларга каршы кылмыштарды токтотууга жана алдын алууга жана ошол коркунучтан кутулуш үчүн ыйгарым укуктарынын алкагында алардан күтсө боло турган чараларды көрүүгө милдеттүү.*

*Ал үчүн уюмдун курамындагы мамлекеттер айрыкча журналисттердин же башка ЖМК өкүлдөрүнүн талабы менен полиция тарабынан коргоону камсыз кылуу же коопсуз жайга ыктыярдуу эвакуациялоо сыяктуу алдын алуучу тиешелүү ыкчам чараларды көрүшү керек. Бул чаралар натыйжалуу жана өз убагында болуп, журналист аялдар же ЖМКнын өкүлү болгон башка аялдар жынысына байланыштуу туш болуп жаткан коркунучтарды эске алуу менен иштелип чыгышы зарыл.*

**118** Recommendation CM/Rec(2016)4 of the Committee of Ministers to member States on the protection of journalism and safety of journalists and other media actors, сайт: https://search.coe.int/cm/Pages/result_details.aspx?ObjectId=09000016806415d9:

Комитет ошондой эле журналисттерди же башка ЖМК субъектилерин кармоо же камакка алуу максатында укук тартибин коргоо органдарынын кызматкерлеринин же башка адамдардын бийликтен кыянат пайдаланышына каршы кепилдиктерди камсыз кылууга чакырат:

*Полиция же башка укук тартибин коргоо органдарынын кызматкерлери журналисттерди жана башка ЖМК өкүлдөрүн эркинен ажыраткан бардык учурларда мыйзамсыз кармоонун же таш боор мамиленин алдын алыш үчүн тиешелүү процессуалдык кепилдиктер сакталышы зарыл.*

Сунушка ылайык, андай процессуалдык кепилдиктер негизги укуктарга, анын ичинде адвокат жана дарыгер чакыруу укугуна, ал эми айып коюлган учурда камакта негизсиз көпкө кармалбоо укугуна жеткиликти камсыз кылышы абзел.

Европа Кеңешинин сунушу уюмдун курамындагы мамлекеттерди журналисттерге же башка ЖМК субъектилерине «коркунуч туулган учурда коргоо каражаттарына ыкчам жеткиликти» камсыз кылыш үчүн ЖМК же жарандык коом уюмдары түзгөн эртелеп эскертүү жана тез арада чара көрүү механизмдерине, анын ичинде ыкчам байланыш линияларына, онлайн-платформаларга же чукул байланыш үчүн күнү-түнү иштечү пункттарга да дем берип, аларды колдоого чакырат.

Журналисттер жана ЖМКлар мамлекеттик бийликтин ак ниетине же натыйжалуу коргоону камсыз кылып берерине дайыма эле ишене бербей тургандыгын эске алып, Европа кеңеши төмөнкүнү белгилейт:

*Эгерде андай [коргоо] механизмдерин мамлекет түзүп жана башкарып жатса, алар жарандык коомдун натыйжалуу көзөмөлүнө алынып, маалымат*

*берүүчүлөр менен өз анонимдүүлүгүн сактагысы келген булактар корголо тургандыгына кепилдик бериши зарыл.*

Сунуш иликтөөнүн жүрүшүндө журналисттерге каршы опуза жана зомбулук менен журналисттик иш жүргүзүүнүн же «коомдук дебаттарга ошондой мааниде катышуунун» ортосундагы болжолдуу байланыштарды табуу максатында бардык далилдерди чогултуп талдоого үндөгөн чакырыкты камтыйт.

Кызмат адамдары ээлеген кызматына байланыштуу өзгөчө коргоого алынбашына жана аларга мыйзам боюнча башкалар менен бирдей мамиле кылынышына өзгөчө көңүл бурулат:

*Бийлик мыйзам үстөмдүгүнүн принцибин сактап жатканына коом ишениши үчүн, мыйзамга каршы аракеттер менен келишүүнүн же көз жумду мамиленин кандай болбосун көрүнүштөрүнө жол бербеш үчүн бийлик өкүлдөрү же органдары катышкан учурда алардын күнөөсү менен болгон өлүм үчүн аларды жоопко тартыш үчүн иликтөөлөр натыйжалуу болууга тийиш.*

Сунуш иликтөөгө жолтоо болуп жаткан кызмат адамдарын алда канча катаал жазага тартууну караштырат:

*Мыйзам журналисттерге же башка ЖМК субъектилерине каршы кылмыштар үчүн күнөөлүү адамдардын ишин иликтөөгө, сотко ашырууга же жазалоого шалаакылыгы, кылмышка катышуусу же атайын аракеттери менен жолтоо болгон же бөгөт койгон адамдарга карата кошумча же катаал жазаларды караштырышы керек.*

## > Мониторингдин, отчеттуулуктун жана кылмыштар жазаланбай калышына каршы күрөштүн глобалдык механизмдери

Журналисттердин коопсуздугу жана кылмыштардын жазаланбай калышы боюнча маселелер мекеме аралык «Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу жана кылмыштардын жазаланбай калышы менен күрөш боюнча БУУнун иш планы» кабыл алынган 2012-жылдан бери эл аралык коомчулуктун назарын буруп, анын макулдашылган аракеттеринин объекти болуп келатат.[119] План 100дөн ашык иш багыттарын камтыйт жана БУУнун мекемелери менен органдарын, ЕККУ жана Европа Кеңеши сыяктуу аймактык уюмдарды, уюмдун курамындагы мамлекеттерди, өкмөттүк эмес уюмдарды, ЖМКларды жана илимий коомчулукту бул ишке жигердүү катышууга чакырат. Документте «пикир билдирүү эркиндиги жана өзгөчө сөз эркиндиги болмоюнча маалымдуу, жигердүү жана аракеттерге даяр жарандык коом калыптанышы мүмкүн эмес» экендиги баса белгиленет.

Журналист аялдар кабылган коркунучтар күчөгөнүнө байланыштуу, ошондой эле плюрализмди жана жарандардын тиешелүү деңгээлдеги маалымдуулугун жана алардын коомдук ишке жигердүү катышуусун камсыз кылуу максатында Иш планы гендердик өңүттү эске алган мамилени колдонуунун зарылдыгын баса белгилейт.

ЮНЕСКО – БУУнун Иш планын аткаруу боюнча негизги агенттик – журналисттердин өлтүрүлүшү тууралуу иштер боюнча иликтөөлөрдүн жана соттук териштирүүнүн жыйынтыгы жөнүндө глобалдуу өкмөт аралык мониторинг жана отчеттуулук механизмин башкарат. Эки жыл сайын ЮНЕСКОнун башкы директору кызыкчылыгы бар мамлекеттер ыктыярдуу берген маалыматка негизделген «Журналисттердин коопсуздугу жана кылмыштардын жазаланбай калышы

**119** https://en.unesco.org/sites/default/files/un-plan-on-safety-journalists_en.pdf

маселеси боюнча баяндаманы» жарыкка чыгарат жана тааныштырат.[120] Анда мурдагы мезгилде киши колдуу болгон бардык журналисттердин тизмеси берилип, кылмыштын изине түшүү жана күнөөкөрлөрдү соттоо аркылуу иштер чечилген-чечилбегени көрсөтүлөт.

2017-жылы ЮНЕСКОнун Аткаруучу кеңеши БУУнун Иш планын улуттук деңгээлде аткарууну ыктыярдуу камсыз кылууга уюмдун курамындагы мамлекеттерди ачык чакырган. Ал журналисттердин өлтүрүлүшүн сотто териштирүү боюнча ЮНЕСКОнун сурамына жооп иретинде маалымат берүүнү талап кылган, ошондой эле журналист аялдардын коопсуздугуна карата конкреттүү коркунучтарды жоюуга багытталган ишмердүүлүккө биринчи иретте көңүл бурууга үндөгөн.

Ошол эле жылы ЮНЕСКО жана БУУнун Адам укуктары боюнча жогорку комиссарынын башкармалыгы мамлекеттердин, ЖМК субъектилеринин жана башка тараптардын катышуусунда БУУнун Иш планын аткаруу боюнча кеңеш өткөрүшкөн. Жыйынтыктоочу документ кошумча иретинде БУУнун курамындагы мамлекеттерге Иш планынын максаттарына ынтызар экенин көрсөтүүгө, анын ичинде журналисттерди натыйжалуу коргоону камсыз кылуу жана анын бузулушу үчүн кылмыштын изине түшүүнү камсыз кылуу максатында укук тартибин коргоо органдарынын кызматкерлери үчүн протоколдорду жана иш регламенттерин кабыл алууну; журналисттердин коопсуздугу боюнча улуттук деңгээлде отчеттуулукту жакшыртууну; журналисттердин өлтүрүлүшүнө байланыштуу сот көргөн чаралар тууралуу маалымат берүү жөнүндө ЮНЕСКОнун сурамына жооп бербеген, уюмдун курамындагы мамлекеттерди кайрадан ынандырыш үчүн башка мамлекеттер тарабынан басым көрсөтүүнү («колдоо жана отчет алуучулук») сунуш кылган.[121]

**120** Карагыла: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000265828.

**121** “Strengthening the Implementation of the UN Plan of Action on the Safety of Journalists and the Issue of Impunity: Consultation outcome document, August 16, 2017”, сайт: https://en.unesco.org/sites/default/files/options_geneva_consultation.pdf

Төртүнчү бөлүк.

# Кылмыштардын алдын алуу: чектелбеген басма сөз эркиндиги үчүн коопсуз жана ыңгайлуу чөйрө

## Төртүнчү бөлүк.
## **Кылмыштардын алдын алуу: чектелбеген басма сөз эркиндиги үчүн коопсуз жана ыңгайлуу чөйрө**

«Эркин, цензурага жана чектөөгө кабылбаган басма сөз жана башка жалпыга маалымдоо каражаттары кайсы коомдо болбосун пикирлердин жана аларды билдирүүнү камсыз кылуунун, ошондой эле башка укуктарды жүзөгө ашыруунун маанилүү элементи болуп саналат».

Жалпы тартиптеги № 34 сын-пикир: 19-берене:
Пикирлердин жана аларды билдирүүнүн эркиндиги,
БУУнун Адам укуктары боюнча комитети,

Сентябрь, 2011-ж.

Бул басылманын үчүнчү бөлүгү журналисттерди коргоо жаатындагы эл аралык стандарттарга жана алдыңкы тажрыйбага, ошондой эле журналисттерге каршы кылмыштар үчүн кылмыштын изине түшүүгө жана мындай кылмыштардын жазаланбай калышынын тамырын кыркууга арналган эле. Бул бөлүктө болсо журналисттерге кол салуунун жана сөз эркиндигин чектөөнүн алдын алыш үчүн мамлекеттер жасай турган жалпы аракеттер жана иштиктүү стратегиялар сүрөттөлөт. Мындай кылмыштардын алдын алыш үчүн мамлекеттер ЖМКнын эркиндигине, көз каранды эместигине жана плюрализмине кепилдик берилген, журналисттер болсо эч нерседен коркпостон жана тыштан негизсиз кийлигишүүгө кабылбастан өз иши менен алек болгудай коопсуз жана жагымдуу шарттарды түзүшү керек.

Кылмыштардын алдын алуунун натыйжалуу стратегиясы айрыкча улуттук коопсуздук жана диффамация же пикир билдирүүнүн башка формалары үчүн жазык жоопкерчилиги боюнча мыйзамдуулукка карата эл аралык стандарттарга жана алдыңкы тажрыйбага ылайык келген мыйзам чыгаруучу жана ченемдик базаны; демократиялуу коомдун негизи катары басма сөз эркиндигине жана пикир билдирүү эркиндигине карата кепилдиктер менен бекемделген көз каранды эмес сот системасын; укук тартибин коргоочу жана башка мамлекеттик бийлик органдарынын отчеттуулугун камсыз кылуунун натыйжалуу механизмдери менен кепилдиктерин; ошондой эле укуктук мүнөздө болбогон чараларды, анын ичинде адам укуктары жана саясий маданият жаатында жарандык эркиндикти жана коомдун бардык катмарларынын үнү бирдей даражада угулган жигердүү, плюралисттик коомдук дебаттарды колдогон стандарттарга мамлекеттик кызматкерлерди үйрөтүүнү камтышы керек.

БУУнун Адам укуктары боюнча комитети пикир билдирүү эркиндигин камсыз кылуу жана башка укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн эркин басма сөздүн маанисин баса

белгилеген шартта, мамлекеттер саясий же коммерциялык кийлигишүүдөн эркин, көз каранды эмес жана отчеттуу көзөмөл органдарына, мисалы маалымат комитеттерине, адам укуктары боюнча комитеттерге, шайлоо комиссияларына, телерадио боюнча көз каранды эмес органдарга, телекоммуникация жаатындагы жөнгө салуучу органдарга, адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөргө жана эл аралык стандарттар менен улуттук мыйзамдардын талаптарына туура келген арыз берүү жана кароо механизмдерине колдоо көрсөтүү менен эркин пикир билдирүүгө жагымдуу шарт түзүүгө милдеттүү.

Мамлекеттер ошондой эле БУУ жана аймактык баяндамачылар, БУУнун Адам укуктар боюнча кеңешинин универсалдуу мезгилдүү баяндамасы, ошондой эле БУУнун механизмдери, анын ичинде журналисттердин коопсуздугу жана жазаланбай калган кылмыштар маселеси боюнча ЮНЕСКО жетектеген БУУнун мекеме аралык иш планы, ошондой эле кылмыштардын жазаланбай калышын түп тамырынан жоюу боюнча эл аралык стратегиянын алкагында журналисттердин өлтүрүлүшү боюнча иштерге байланыштуу соттук териштирүү жөнүндө маалымат берүү тууралуу ЮНЕСКОнун сурамдары сыяктуу эл аралык механизмдер менен жигердүү кызматташууга тийиш.

1975- жана 1989-жылдары ЕККУнун курамындагы мамлекеттер өздөрүнө «журналисттердин иш шартын оңдоого» милдеттенме алышкан.

## > Мыйзамдарга сереп салуунун жана аларды реформалоонун механизмдери

Мамлекеттер журналистиканы коргоого жана журналисттер менен башка ЖМК субъектилеринин коопсуздугуна таасир этe турган улуттук мыйзамдар менен тажрыйбаны, анын ичинде мамлекеттик сыр, улуттук коопсуздук, жөнгө салуу

жана тергөө органдары, ошондой эле маалыматтарды аңдуу жана ачып окуу менен байланышкан мыйзамдар менен ченемдерди көз карандылыксыз баалоонун макулдашылган механизмдерин түзүшү зарыл.

Мамлекеттер ошондой эле жаңы мыйзамдардын же мыйзам долбоорлору менен тажрыйбанын бул стандарттарга ылайык келишине кепилдик бериш үчүн алардын таасирине баа берүүнүн туруктуу иштеген механизмдерин түзө алышат. Мыйзамдарды баалоого жана аны өзгөртүүгө же жокко чыгарууга ыйгарым укуктары бар судьялар жана көз каранды эмес укуктук эксперттер жүргүзүүчү соттук көзөмөл жол-жобосун караштырыш керек.

Журналисттердин коопсуздугу жана пикир билдирүү эркиндиги үчүн жагымдуу шарт түзүү жана колдоо тууралуу талаптар мамлекеттердин милдеттенмеси менен байланышкан, ага ылайык пикир билдирүү эркиндигине кандай гана чектөө болбосун мыйзам тарабынан орнотулуп, демократиялуу коомдо мыйзамдуу максатка кызмат кылып (мисалы улуттук коопсуздукту, коомдук тартипти же саламаттыкты коргоого) жана айтылган максатка жетиш үчүн зарыл болгон даражада колдонулушу керек. Журналисттерге же жалпыга маалымдоо каражаттарына санкция салуу же вебсайттан зыяндуу же мыйзамсыз контентти өчүрүү жөнүндө буйрук сыяктуу кандай гана чектөө болбосун мыйзам бул максатта караштырган мүмкүн болушунча азыраак кийлигишүү жөнүндө талапка ылайык келиши зарыл.

Укуктарды коргоо аларды бузган тарап ким болбосун – мамлекеттик субъектилерби, мисалы кызмат адамдарыбы, же мамлекеттик эмес субъектилерби, мисалы уюшкан кылмыштуу же террордук топторбу же кайсы гана болбосун жеке адамдарбы – мыйзам бузуудан ар бир адамды коргоону билдирет.

Буга байланыштуу азыркы заманда журналисттик функцияларды жалаң эле кесипкөй штаттык журналисттер эмес, бийлик үчүн журналист болгон-болбогонуна карабастан маалыматты топтоп, кандай гана болбосун жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу калк арасында тараткан адамдардын кеңири тобу да аткарарын белгилей кетүү маанилүү. ЕККУнун Министрлер кеңеши бул фактыны журналисттердин коопсуздугу тууралуу 2018-жылдагы чечиминде ырастап, «журналисттер менен технологиялар эволюциялашып баратканын» тааныган.

## > ЕККУнун Министрлер кеңешинин журналисттердин коопсуздугу жөнүндө чечими

2018-жылдын декабрында ЕККУнун Министрлер кеңеши консенсустун негизинде журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу жөнүндө ыктыярдуу, саясий жактан милдеттендирүүчү чечим кабыл алып, ал аркылуу уюмдун курамындагы мамлекеттердин ЖМК эркиндиги жаатындагы милдеттенмелерин бекиткен. Коопсуз жана жагымдуу чөйрөнү жаратуу боюнча мыйзамдарга карата Министрлер кеңеши уюмдун курамындагы мамлекеттерди төмөнкүлөргө чакырган:

*Өздөрүнө пикир билдирүү эркиндиги жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги боюнча ЕККУда алган жана эл аралык милдеттенмелеринин баарын аткаруу, анын ичинде мамлекеттик чек араларга карабастан маалыматты издөө, алуу жана таркатуу эркиндигин сыйлоо, колдоо жана коргоо аркылуу аткаруу;*

*Жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине тиешелүү мыйзамдарын, саясатын жана тажрыйбасын алар журналисттер өз ишин көз каранды болбостон жана ылайыксыз кийлигишүүгө кабылбастан аткарышын чектебегидей кылып кайра карап чыгып, керек болсо жокко чыгарып же түзөтүү киргизүү менен өздөрүнүн эл аралык укуктук же башка эл аралык милдеттенмелерине толук ылайык келтирүү;*

*Мамлекеттик мекемелерге жана укук тартибин коргоо органдарына журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун зарылчылыгына байланышкан маалыматдоо-агартуу иши жана кесиптик даярдык менен алектенүүгө түрткү берүү жана зарыл учурларда мындай ишке жарандык коомду тартууга жардамдашуу;*

*Диффамация жөнүндө мыйзамдар журналисттердин коопсуздугуна зыян келтириши жана/же аларды иш жүзүндө цензурага дуушар кылышы жана коомго маалымат берүү боюнча өз вазийпасын аткарышына жолтоо кылышы мүмкүн болгон ашкере санкцияларды же жазаларды караштырбай тургандыгын камсыз кылуу, ошондой эле зарыл учурларда андай мыйзамдарды кайра карап чыгуу жана жокко чыгаруу;*

*Журналисттерди коргоого тиешелүү укуктук базанын ченемдерин жана ЕККУда кабыл алынган бардык тиешелүү милдеттенмелерди алда канча натыйжалуу аткаруу.*

## > Коопсуз жана жагымдуу шарттарды түзүүнүн башка эл аралык механизмдери

Журналисттер үчүн коопсуз жана жагымдуу шарттарды түзүш үчүн зарыл болгон чараларга карата мамлекеттер үчүн көрсөтмөлөр БУУнун Адам укуктары боюнча кеңешинин журналисттердин коопсуздугу жөнүндө 2016-жылы сентябрда кабыл алынган № 33/2 резолюциясында камтылат.[122]

Резолюция эл аралык коомчулуктун атынан кабыл алынган саясий милдеттенме болуп эсептелет. Ал мамлекеттерди төмөнкү нерселер аркылуу журналисттер

**122** Карагыла, сайт: https://ap.ohchr.org/documents/dpage_e.aspx?si=A/HRC/RES/33/2

үчүн коопсуз жана жагымдуу шарттарды мыйзам жүзүндө да, иш жүзүндө да «түзүүгө жана колдоого» чакырат:

*Өз мыйзам базасын эл аралык милдеттерине жана милдеттенмелерине толук ылайык келтирүү; жана ошондой эле улуттук мыйзамдар, саясат жана тажрыйба журналисттер өз ишин көз каранды болбостон жана ыксыз кийлигишүүгө кабылбастан аткарышын чектебей тургандыгына кепилдик берүү;*

*Журналисттердин коопсуздугуна тиешелүү эл аралык укук, адам укуктары жана эл аралык гуманитардык укук боюнча милдеттер жана милдеттенмелер тууралуу сот органдарынын, укук тартибин коргоо органдарынын кызматкерлеринин жана аскерлердин, ошондой эле журналисттер менен жарандык коомдун даярдыгы менен маалымдуулугун арттыруу боюнча иштерди колдоо;*

*Журналисттерге кол салуу болгон учурларга такай көз салуу, алар тууралуу билдирүү жана зомбулук менен чабуулдарды ачык, сөзсүз жана системалуу түрдө айыптоо;*

*Андай кол салууну иликтеп сотко ашырыш үчүн зарыл болгон ресурстарды бөлүү.*

Резолюцияда төмөнкү аракеттер маанилүү экени өзгөчө белгиленет:

*Журналист аялдар өз ишин аткарып жатып туш болгон өзгөчө коркунучтардан улам журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча чараларды иштеп чыгууда гендердик өңүттү эсепке алган мамилени жетекчиликке алуу;*

*Журналисттер алардын жеке турмушунун кол тийбестигине жана эркин пикир билдирүү укугуна кол салуу иретинде мыйзамсыз же өзүм билемдик менен аңдуу жана каттарын ачып окуу коркунучуна көбүрөөк кабыларын эске алуу менен санариптик технологиялар доорунда журналисттердин коопсуздугуна карата коркунучтарды азайтыш үчүн чара көрүү.*

*Шайлоо, анын ичинде талапкерлер, алардын платформалары жана жүрүп жаткан дебаттар тууралуу коомго маалымат берүү жагынан журналисттер менен жалпыга маалымдоо каражаттарынын чечүүчү ролун таануу;*

*Мамлекеттер терроризм менен күрөш жана улуттук коопсуздукту коргоо боюнча көрүп жаткан чаралар алардын эл аралык укук боюнча милдеттенмелерине ылайык келишин жана журналисттердин иши менен коопсуздугуна өзүм билемдик менен же ылайыксыз түрдө зыян келтирбешин камсыз кылуу;*

*Өкмөттөрдүн отчеттуулугун камсыз кылуудагы жана эрежелерден белгилүү гана сандагы так аныкталган чегинүүлөргө жол берилген, социалдык бөгөттөрдөн эркин жана тынчтыкты сүйгөн коомду куруудагы журналисттердин эң маанилүү ролун таануу иретинде журналисттер алып жаткан маалыматтардын купуялыгын камсыз кылуу.*

Резолюция журналисттердин коопсуздугун камсыз кылыш үчүн эл аралык кызматташтык менен аракеттерди координациялоону жакшыртуунун зарылдыгын баса белгилейт жана журналисттердин коопсуздугунун тиешелүү өңүттөрүн өз ишинде эске алууга улуттук, аймак астындагы жана эл аралык укук коргоо механизмдери менен органдарын чакырат.

БУУнун Башкы Ассамблеясы 2017-жылдын 19-декабрындагы № 72/175 резолюциясында «журналисттер өз ишин көз каранды болбостон жана ыксыз кийлигишүүгө кабылбастан аткарышына зыян келтирүү же аны чектөө максатында улуттук мыйзамдар, саясат жана тажрыйба кыянаттык менен пайдаланылып жатканына терең тынчсыздануу» билдирген.[123]

Башкы Ассамблея мамлекеттердин журналисттер өз ишин көз каранды болбостон жана ыксыз кийлигишүүгө кабылбастан аткара алышын чектей турган мыйзамдарга, саясатка жана тажрыйбага сереп салып, зарыл учурда кайра карап чыгуу боюнча аракеттерин колдойт жана мамлекеттерди алар терроризм менен күрөш жана улуттук коопсуздукту бекемдөө боюнча көргөн чаралар «журналисттердин ишине жан коопсуздугуна, анын ичинде өзүм билемдик менен камакка алуу же ошондой камакка алуу же камоо менен коркутуу аркылуу зыян тийгизбеши» үчүн колунан келген аракеттердин баарын кылууга чакырат.

Бул документтерде эл аралык коомчулук журналисттер коркутууга да, физикалык зомбулук актыларына да кабылып жатканын, журналисттердин коопсуздугуна соттук териштирүүдөн, кыянат мамиледен же мыйзамдарды өзүм билемдик менен колдонуудан коргой турган кепилдиктердин жоктугу да коркунуч келтирип жатканын айныксыз моюнга алат. Резолюцияларда ошондой эле журналист аялдар жана башка аялуу топтор кабылып жаткан кошумча кооптуу жагдайлар баса көрсөтүлөт.

Европа Кеңешинин баш катчысынын уюмдун курамындагы 47 мамлекеттеги демократиянын, адам укуктарынын абалын баалоого арналган 2018-жыл үчүн баяндамасы бүтүндөй Европа боюнча журналисттердин коопсуздугуна карата коркунучтардын масштабын ачып берип, физикалык кол салуунун жана

**123** Карагыла, сайт: https://digitallibrary.un.org/record/1467885.

куугунтуктун, коркутуунун жана өзүм билемдик менен жана тандамал түрдө сотко берүүнүн жана түрмөгө камоонун мисалдарын ачыкка чыгарган.[124] Баяндамага ылайык, журналисттердин жана башка ЖМК субъектилеринин коопсуздугу боюнча кырдаалды 47 мамлекеттин 23үндө гана «туруктуу» деп атаса болот болчу, уюмдун курамындагы калган 17 мамлекетте коопсуздук боюнча кырдаал «начарлаган».

## > Улуттук коопсуздук жана терроризм

Терроризм жана зомбулукчул экстремизмдин бардык түрлөрү бардык адамдарды коркунучка дуушар кылып, баарынын укуктарын бузат. Мамлекеттер коомдук жана улуттук коопсуздукту терроризмдин бардык түрлөрүнөн коргоого милдеттүү. Ошентсе да мамлекеттик бийлик органдары эл аралык укуктун талаптарында каралган кепилдиктери жок мыйзамдар менен процессуалдык ченемдерди көп кабыл алышат. Алар пикир билдирүү эркиндигин, анын ичинде журналисттердин, укук коргоочулардын жана жарандык коом активисттеринин, ошондой эле саясий оппоненттердин эркиндигин чектөө жана алар айткан сынды басуу үчүн терроризм коркунучун же андан коркуу сезимин пайдаланат деген дооматка көп кабылат.

Террористтик чабуул же башка өзгөчө кырдаалдар учурунда жалпыга маалымдоо каражаттары коомчулукка мүмкүн болушунча сапаттуу маалымат жеткириши өтө маанилүү. Мамлекеттик бийлик журналисттерге такай жаңыланып туруучу маалыматка жеткиликти камсыз кылууга жана аларга басым көрсөтүүдөн же тиешелүү жерлерге барышына тоскоол болуудан карманууга тийиш. ЖМК терроризм менен күрөштө өнөктөш катары каралышы керек.

**124** Council of Europe Secretary General’s 2018 Report, сайт: https://rm.coe.int/state-of-democracy-human-rights-and-the-rule-of-law-role-of-institutio/168086c0c5

Мамлекеттерге журналисттерди коргоо боюнча оң маанидеги милдеттенме жүктөлгөндөй эле ЖМКлар да мүмкүнчүлүгүнө жараша өз кызматкерлерине кам көрүү милдетинин алкагында аларды терроризмдин күчөшүнө байланышкан коркунучтардан коргошу зарыл. Башка жагынан, журналисттер өздөрү тараткан маалымат адамдардын коопсуздугун коркунучка дуушар кылбашы үчүн колунан келген аракеттин баарын кылууга тийиш.[125]

Экстремисттик же террористтик кыймылдардын көбөйүшү жана алардын Интернетти колдонушу зомбулук менен жек көрүүнү тутандырган жана терроризмге видео, тексттер жана башка медиа-форматтар, айрыкча Интернет аркылуу үгүттөгөн материалдардын тарашына алып келди. Мыйзамдуу ЖМКлар жана айрым журналисттер, ошондой эле мамлекеттик мекемелер жана коммерциялык уюмдар көп учурда алардын бутасына айланууда.

Бирок журналисттердин ишине жана жашоосуна терроризмдин тийгизген эң олуттуу таасири бийлик терроризм жана экстремизм менен күрөштү шылтоо кылып негизги жарандык жана саясий укуктарды чектеп жатканы менен байланышкан. Бүтүндөй Евроатлантикалык аймакта кеңири антитеррористтик мыйзамдар кабыл алынып, бул мамлекеттик сырды коргоону күчөтүүгө жана жазык иретинде журналисттердин артынан түшүүгө жана аларды камакка алууга алып келди. Айрым учурларда бул сот системасынын көз каранды эместигин бузуп, мыйзам үстөмдүгүнө жана демократиялык стандарттарга карата коркунучтарды пайда кылды.

Мунун натыйжасында пикир билдирүү эркиндигин жана басма сөз эркиндигин жүзөгө ашырууда келип чыккан маселелер менен тоскоолдуктар пикирлердин жана аларды билдирүүнүн эркиндиги боюнча БУУнун атайын баяндамачысы, ЕККУнун

**125** Карагыла: the Council of Europe Committee of Ministers Declaration on freedom of expression and information in the media in the context of the fight against terrorism, 2005, сайт: https://search.coe.int/cm/Pages/result_details.aspx?ObjectId=09000016805dac48

жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги боюнча өкүлү, Америка мамлекеттеринин уюмунун (АМУ) пикир билдирүү эркиндиги боюнча атайын баяндамачысы жана Адамдын жана элдердин укуктары боюнча Африка комиссиясынын пикир билдирүү эркиндиги жана маалымат эркиндиги боюнча атайын баяндамачысы 2012-жылы жарыкка чыгарган «Пикир билдирүү эркиндигине каршы кылмыштар жөнүндө биргелешкен декларацияда» сөз болгон.[126]

Биргелешкен декларация журналисттер терроризмди даңазалоо, терроризмге, экстремизмге жана «ээн баштыкка» үгүттөө же аны колдоо сыңары кылмыштар үчүн сот аркылуу жазалоого негиз болгон пикирлер үчүн кылмыш жоопкерчилигин караштыруучу бүдөмүк же радикалдуу мыйзамдардын кабыл алынышын айыптайт. Улуттук коопсуздук үчүн мамлекеттер айрым учурларда тиешелүү талдоо жүргүзбөстөн же кызыкчылыгы бар тараптар жана коомчулук менен кеңешпестен мыйзамдарды кабыл алышат. Төрт эл аралык баяндамачы эгерде терроризм тууралуу маалыматтардын түздөн-түз максаты зомбулукка чакыруу болбосо жана ал аракеттер менен зомбулуктун ортосунда байланыш жок болсо мамлекеттер андай маалыматтарды чектебеши керек деп эсептейт. Мамлекеттер журналисттердин өз маалымат булактарын коргоо укугун урматташы керек. Көзөмөл органдарынын кыянаттыгына жол бербеш үчүн көз каранды эмес укуктук жана көзөмөл механизмдерин пайдалануу зарыл; ал эми зомбулукчул экстремизмдин алдын алууга жана ага каршы турууга багытталган бардык мамлекеттик демилгелер менен программалар алардын адам укуктарына тийгизген таасирине баа берүү максатында такай көз каранды эмес талдоодон өтүп турушу абзел.

**126** 2016 Joint Declaration on Freedom of Expression and countering violent extremism, сайт: http://www.ohchr.org/EN/NewsEvents/Pages/DisplayNews.aspx?NewsID=19915&LangID=E.

Европа Кеңеши уюмдун курамындагы мамлекеттерди журналистиканы коргоо жана журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу максатында тиешелүү мыйзамдар менен процессуалдык ченемдерге, анын ичинде терроризм тууралуу мыйзамдарга негиздүү сереп салууга чакырган. Сунушка ылайык, мыйзамдарга сереп салуу жана зарыл реформалар боюнча сунуштарды иштеп чыгуу боюнча бир же бир нече көз каранды эмес органга сереп салууну табыштаган оң. Министрлер комитетинин № 2016 (4) сунушунда бул серептер улуттук коопсуздук жана терроризм менен күрөш маселелерин камтышы керек:

*Серептер учурдагы мыйзамдар менен мыйзам долбоорлорун, анын ичинде терроризмге, экстремизмге жана улуттук коопсуздукка тиешелүүлөрүн, ошондой эле журналисттер менен башка ЖМК өкүлдөрүнүн пикир билдирүү эркиндигине болгон укугуна жана пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту натыйжалуу жүзөгө ашырыш үчүн зарыл болгон башка укуктардын кайсынысына болбосун тиешеси бар башка мыйзамдардын кайсынысын болсо да камтууга тийиш.*

## Мисал

Адам укуктары боюнча Европа сотунун (АУЕС) прецеденттик укугу мамлекеттик коопсуздук жана чалгын органдары мыйзамдан жогору эмес экенин даана көрсөтүп турат. Миалы, 2013-жылы Румыниянын атайын кызматтары аралашкан «Букур (Bucur) жана Тома (Thoma) Румынияга каршы» аттуу иште АУЕС атайын кызматтардын мыйзамсыз аракеттерин ачууга болгон коомдун кызыкчылыгы коомдун бул кызматтарга ишенимин сактоонун маанисинен ашып түшөт деп токтом чыгарган.[127] АУЕС атайын кызматтардын мыйзамсыз ишмердигин

**127** https://hudoc.echr.coe.int/app/conversion/pdf/?library=ECHR&id=002-7395&filename=002-7395.pdf

ашкерелеген маалыматты ачыкка чыгаруу демократиялык коом үчүн коопсуздук жана чалгын кызматтарына болгон коомдун ишенимин кармап туруудан алда канча маанилүү деп эсептеген. Сот телекоммуникация каражаттарын пайдалануу менен журналисттерди, саясатчыларды жана ишкерлерди мыйзамсыз аңдуу жөнүндө басма сөзгө чыгып кеткен маалыматтар мамлекеттин демократиялык негиздерине тиешелүү болгонун баса белгилеген. Ал маалыматтар коомчулук мыйзамдуу түрдө кызыккан демократиялык коомдогу саясий дебаттар үчүн мааниси чоң маселелерге байланышы болгон. Андыктан сот өз өлкөсүндөгү атайын кызматтардын мыйзамсыз ишмердиги тууралуу ЖМКга билдирген адамга каршы санкция колдонууну Адам укуктары боюнча Европа конвенциясынын 10-беренесин бузуу деп тапкан.[128]

---

## > Журналисттердин купуя маалымат булактарын коргоо

Маалымат булактарын коргоо – басма сөз эркиндигинин негизги шарты. «Гудвин (Goodwin) Бириккен Падышалыкка каршы» аттуу иш боюнча белгилүү болгон чечимде АУЕС коомдун кызыгуусун жараткан маселелер жөнүндө коомду кабардар кылууга ЖМКнын дарамети маалымат булагын ачуу жөнүндө буйрук коомдун кызыкчылыгынын үстөмдүгү менен акталган учурда гана ошондой коргоону камсыз кылуудан көз каранды деп токтом чыгарган:

Андай коргоо болбосо маалымат булактары басма сөзгө жардам бере алмак эмес, ал болсо коомдун кызыгуусун жараткан маселелер боюнча так жана ишенимдүү

**128** "The Right to Freedom of Expression and Information under the European Human Rights System: Towards a more Transparent Democratic Society – Dirk Voorhoof". 14 February 2014: https:// inforrm.org/2014/02/14/the-right-to-freedom-of-expression-and-information-under-the-european-human-rights-system-towards-a-more-transparent-democratic-society-dirk-voorhoof/

маалымат берүү боюнча басма сөздүн дараметине терс таасир этмек. Натыйжада коомдун кызыкчылыгын коргоочу катары басма сөздүн маанилүү ролу зыян тартмак.[129]

Өкмөттөр кылмыштуулук жана терроризм менен күрөш менен актаган аңдууну жана маалыматтарды ачып окууну алда канча кеңири колдонушу журналисттердин жана ЖМКлардын өз маалымат булактарынын купуялыгын жана өздүгүн коргоо жөндөмүнө терс таасир этти.

2017-жылы жарык көргөн «Санариптик технологиялар доорунда журналисттик иштин булактарын коргоо» аттуу баяндамада ЮНЕСКО келип түшкөн маалыматтар боюнча бүт дүйнө жүзүндө жапырт аңдуунун, маалыматтарды ылгабай топтоонун жана сактоонун айынан журналисттердин маалыматтарды коркпой таратуу дарамети коркунуч алдында турганын билдирген.[130] Баяндамада маалымат булактарын коргоо жөндөмүнүн жоктугунун кесепеттери өзүнө: журналисттерди коркутууга, маалыматты жашырууга же жок кылууга алып келиши мүмкүн болгон, жарыкка чыга элек журналисттик иликтөө тууралуу маалыматты ачыкка чыгарууну; маалымат булактарынын өздүгүн аларга юридикалык же юридикалык эмес кесепет тийгидей кылып ачып салууну; маалымат булактарын жоготуп алууну; жана жалпы эле журналисттер менен жарандар өзүн цензуралай башташын камтышы мүмкүн экени айтылат.

ЮНЕСКО журналисттерге маалымат булактарын коргоо максатында алар маалыматтарды жана байланыш каналдарын коргош үчүн колдонгон ыктар менен технологияларды радикалдуу жакшыртууну сунуш кылат. Баяндамада журналист аялдар өз ишинде Интернетте да, чыныгы жашоодо да кошумча коркунучтарга

**129** Goodwin v. the United Kingdom, 27 March 1996, Para 39, сайт: http://hudoc.echr.coe.int/ eng?i=001-4027

**130** UNESCO, "Protecting Journalism Sources in the Digital Age", by Julie Posetti, сайт: http://unesdoc.unesco.org/images/0024/002480/248054E.pdf

туш келери, маалымат берүүчү аялдар да бакан ооз же купуя булак катары иш аткарып жатып чоң коркунучтарга кабылары моюнга алынат. Андан тышкары, штаттан тышкаркы журналисттер юридикалык жана технологиялык коркунучтар үчүн коргоосуз болушат.

## > Маалымат берүүчүлөрдү коргоо

ЖМКга маалымат берген адамдар коррупцияны жана башка мыйзам бузууну ашкерелөөдө, ошондой эле чындап коомдун кызыгуусун жараткан маселелер боюнча калкты кабардар кылууда маанилүү роль ойнойт. Мыйзам маалымат берүүчүлөрдү коргоонун элементардык каражаттарын караштырышы керек, бирок иш жүзүндө андай каражаттар натыйжасыз же таптакыр эле жок.[131]

Улуу Британияда ЖМКга британ жаза аткаруу системасындагы мыйзам бузуу жана кыянатчылык тууралуу маалымат берген 30дан ашуун аткаминер эки гезит аларга маалымат үчүн акча төлөгөнүн билдиргенден кийин соттолуп кеткен.[132] Жаза аткаруу системасындагы кырдаалды көп жыл бою чагылдырып келген журналисттер коомдун кызыкчылыгында аракет кылган, демек мыйзам бузбаганы үчүн акталып чыккан.

2015-жылы PWC бухгалтердик фирмасынын кызматкерлери Антуан Делтур менен Рафаэл Але Люксембург менен эл аралык жеке менчик компаниялардын ортосунда ал компанияларды салыктан куткаруу максатында үчүн түзүлгөн «LuxLeaks» аттуу жашыруун келишимге байланышкан жаңжалдын демилгечиси болушкан.

**131** Карагыла, мис.: Joint Declaration on Media Independence and Diversity in the Digital Age, сайт: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/379351?download=true

**132** Карагыла: https://www.theguardian.com/uk-news/2017/feb/12/uk-government-accused-full-frontal-attack-prison-whistleblowers-media-journalists.

Делтур менен Але сотко берилип, 2016-жылдын июлунда соттолгон.[133] Сот аларды айыпка жыгып, тиешелүү түрдө 12 жана 9 айга шарттуу кескен (кийинчерээк бул жаза мөөнөттөрү тиешелүү апелляциялардын натыйжасында кыскартылган). Акыр аягында Люксембургдун бийлиги Антуан Делтурду маалымат берүүчү деп тапкан. Рафаэл Але боюнча АУЕС Люксембургдун чен-өлчөмдөрү анын маалымат берүүчү катары статусуна туура келер-келбесин мындан ары дагы иликтеши керек. Иликтөөчү журналисттердин эл аралык консорциуму (ICIJ) аркылуу бул жаңжалдын бетин ачкан француз журналисти Эдуард Перрен коммерциялык сыр менен купуялыктын шартын бузуу боюнча айып коюлуп иши сотко ашып, бирок кийин акталган.

Маалымат берүүчүлөр өздөрүнүн ашкерелөөчү кабарларын анонимдүү жайгаштыра ала турган купуя онлайн-платформалардын мисалдары Венгрияда коррупцияга каршы «Atlaszo.hu» башкарган «Magyarleaks» сайтын, Белгиядагы «Neuwsleaks» сайтын жана Нидерланддардагы «Publeaks» сайтын камтыйт. 2016-жылы Нидерланддардын өкмөтү маалымат берүүчүлөргө юридикалык кеңеш берген жана тиешелүү уюмдардан документтерди суратууга укугу бар адам укуктары боюнча улуттук ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппаратынын алдында «Маалымат берүүчүлөр үчүн борборду» түзүүнү колдогон. Нидерланддар ири юридикалык компанияларга карата маалымат берүүчүлөр үчүн коопсуз ички каналдарды түзүү жөнүндө талап киргизген.

2013-жылы «Транспэренси интернэшнл» уюму «Маалымат берүүчүлөрдү коргоо жөнүндө мыйзам чыгаруунун эл аралык принциптерин» чыгарган,[134] ал маалымат берүүчүлөр үчүн жеткиликтүү ашкерелөө каналдарын, маалымат берүүчүлөрдү өч алуунун бардык түрлөрүнөн коргоону, ошондой эле алар ачып берген маалымат

**133** Карагыла: https://www.osce.org/fom/154056

**134** Карагыла, сайт: https://www.transparency.org/whatwedo/publication/international_principles_for_whistleblower_legislation

зарыл реформалардын жүргүзүлүшүн камсыз кылышын караштырган мыйзамдар менен саясатты кабыл алууга үндөгөн чакырыкты камтыйт. Мамлекеттик жана коммерциялык сыр жөнүндө мыйзамдар маалымат берүүчүлөр менен журналисттердин оозун басуу максатында пайдаланылбашы үчүн мамлекеттер чара көрүшү керек. Тиешелүү мыйзамдар коомдук кызыкчылыктарды ишенимдүү коргоп, ыгы жок ашкере санкциялардын алдын алууга тийиш.

## > Диффамация жана ар-намыска шек келтирүү жөнүндө мыйзамдар

ЕККУнун курамындагы айрым мамлекеттерде диффамация үчүн кылмыш жоопкерчилигине тартуу жөнүндө мыйзамдар башкача ойлонгондордун оозун басуу, ЖМКда айтылган сынга тыюу салуу жана жеке же корпоративдик кызыкчылыктарды коргоо үчүн пайдаланылат. Андай мыйзамдар ЖМК эркиндиги жана пикир билдирүү эркиндиги үчүн олуттуу бөгөт болуп саналат. Жазык жоопкерчилигине тартуу коркунучу өзүн өзү цензуралоого алып келип, коомчулукту көз каранды эмес булактардан маалымат алуу укугунан ажыратат.

2017-жылдын аягында ЕККУнун курамындагы мамлекеттердин басымдуу көпчүлүгүндө диффамация үчүн жазык жоопкерчилигин караштырган мыйзамдар дагы эле иштеп жаткан. Ар-намысын коргоо максатында диффамация үчүн жазык жоопкерчилигине тартуу өтө өзгөчө учурларда гана өзүн актайт деген эл аралык кеңири консенсуска карабай, көп мамлекеттер андай мыйзамдарды такай кабыл алып турат. АУЕС диффамация үчүн киргизилчү санкциялар пикир билдирүү эркиндигине сөзсүз ооздуктоочу таасир тийгизерин билдирип, андай санкцияларды киргизүүнү бир нече жолу сындап келген.[135]

**135** Карагыла: “Defamation and Insult Laws in the OSCE Region: A Comparative Study” (Commissioned by the OSCE RFoM), 2017, сайт: https://www.osce.org/fom/303181?download=true

ЕККУнун Министрлер кеңеши уюмдун курамындагы мамлекеттерди «адам укуктары жаатында эл аралык укуктун ченемдерине ылайык уюмдун курамындагы мамлекеттердин милдеттенмелерин аткаруу иретинде диффамация тууралуу мыйзамдар журналисттердин коопсуздугуна зыян келтире турган жана/же аларды цензурага туш кылып, коомчулукка маалымат берүү боюнча өз вазийпасын аткарышына жолтоо боло турган артыкбаш санкциялар менен жазаларды караштырбай турганын камсыз кылууга жана зарыл учурларда андай мыйзамдарды кайра карап чыгып, жокко чыгарууга» чакырган.[136]

Диффамация боюнча иштерде АУЕС жеке абройду коргоону кеңири коомчулуктун коомдук жандуу дебаттарга болгон кызыкчылыгына каршы коет. 1986-жылы «Лингенс (Lingens) Австрияга каршы»[137] аттуу иште сот саясатчылар, коомдук ишмерлер жана мамлекет башчылары кадимки жарандарга караганда сынга көбүрөөк чыдашы керек деген токтом чыгарган. Бул иш журналист ошол кезде Австриянын канцлери болуп турган Бруно Крайскийди 1975-жылы сындап чыгышына байланыштуу болгон.

Диффамация тууралуу жарандык доолордо зыяндын ордун толтуруунун ыксыз чоң өлчөмдөрү да сөз эркиндигин ооздуктоочу таасирге ээ, демек аларга каршы так, ачык жана катаал кепилдиктерди караштыруу зарыл.

Өтө маанилүү Жарандык жана саясий укуктар боюнча эл аралык пактынын сакталышын көзөмөлдөгөн БУУнун келишимдик органы болгон БУУнун Адам укуктары боюнча комитети «уюмдун курамындагы мамлекеттер жалааны кылмыштардын тизмесинен чыгаруунун мүмкүнчүлүгүн караштырышы абзел,

**136** Карагыла: https://www.osce.org/chairmanship/406538?download=true.

**137** Lingens v. Austria, Application No. 9815/82, Judgement of 8 July 1986, сайт: http://hudoc.echr.coe.int/eng?i=001-57523

бирок кандай болгон күндө да жазык мыйзамдары эң олуттуу учурларга байланыштуу гана колдонулушу керек, ал эми эркинен ажыратуу жазанын ылайыктуу чени деп эч качан эсептелбеши зарыл» деп билдирген.

Аймактык өкмөт аралык органдардын өкүлдөрү диффамация үчүн жазык жоопкерчилиги жөнүндө мыйзамдарга ачык каршы чыгып келатышат. 2002-жылдагы биргелешкен декларацияда ЕККУнун жалпыга маалымдоо каражаттары боюнча өкүлү БУУнун жана АМУнун пикир билдирүү эркиндиги боюнча атайын баяндамачылары менен кошо: *«Кылмыш иретинде жазалануучу диффамация пикир билдирүү эркиндигин укуктун негизине таянбастан чектөө болуп эсептелет; диффамация үчүн жазык жоопкерчилигин караштырган бардык мыйзамдар жокко чыгарылып, зарыл учурда диффамация тууралуу тиешелүү жарандык-укуктук ченемдер менен алмаштырылышы зарыл»*[138] деп билдирген.

Кийин Адамдын жана элдердин укуктары боюнча Африка комиссиясынын пикир билдирүү эркиндиги жана маалыматка эркин жетүү боюнча атайын баяндамачысы да кошулган ошол эле топ 2010-жылы диффамация үчүн жазык жопкерчилигине тартууну алдыдагы он жылда сөз эркиндигине коркунуч келтирген он жагдайдын бири деп жарыялаган.[139] ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү ЕККУнун курамындагы мамлекеттерди диффамация үчүн жазык жоопкерчилиги тууралуу бардык калган мыйзамдарды жоюуга бир нече жолу чакырган.

**138** Карагыла, сайт: https://www.osce.org/files/f/documents/8/f/39838.pdf

**139** Tenth Anniversary Joint Declaration: Ten key challenges to freedom of expression in the next decade (2010), сайт: https://www.osce.org/fom/41439?download=true

## > Мыйзамдарга сереп салуу жана реформалуу: өтө маанилүү кепилдик

2016-жылы Европа Кеңешинин жетектөөчү органдары уюмдун курамындагы мамлекеттерге өз ички мыйзамдары менен мамлекеттик тажрыйбасын Европа конвенциясынын алкагындагы өз милдеттенмелерине ылайык келтирүү максатында аларга кылдат жана көз карандылыксыз туруктуу сереп салыш үчүн чара көрүүнү сунуш кылууну биринчи ирет чечишкен. Журналисттерди коргоо жана журналисттер менен башка ЖМК субъектилеринин коопсуздугу жөнүндө Европа Кеңешинин Министрлер комитети кабыл алган № (2016) 4 сунуш мамлекеттерди *«өз ички мыйзамдары менен процессуалдык ченемдерин талдап чыгып, зарыл болсо алар Адам укуктары жөнүндө Европа конвенциясына ылайык келишин камсыз кылыш үчүн кайра карап чыгууга»* чакырат.[140]

Сунушта пикир билдирүү эркиндигине болгон укукту жүзөгө ашыруу кепилдиги «иш жүзүндө ишенимдүү жана натыйжалуу» экендигине жана мыйзамдар натыйжалуу аткаруу механизми менен бекемделгенине ишениш үчүн тиешелүү көз каранды эмес орган мыйзамдарга баштан аяк ыкчам сереп салышына үндөгөн чакырык бар. Мамлекеттик органдар серептин жыйынтыктары тууралуу отчет берип, зарыл болсо аларга мыйзамдарды кайра карап чыгуу жана башка түзөтүүчү аракеттер аркылуу жооп берип турушу абзел. Министрлер кеңеши мамлекеттик бийлик органдары бул жүрүмдүн турмушка ашырылышы үчүн зарыл шарттарды түзүүгө чакырат жана кийин да туруктуу түрдө сереп салууну сунуш кылат:

**140** Recommendation CM/Rec (2016) 4, adopted by the Committee of Ministers on 13 April 2016.

*Зарыл болгон ыйгарым укуктары жана жетиштүү ресурстары бар бир же бир нече, жаңы же иштеп жаткан көз каранды эмес органдар сереп салышы мүмкүн. Мамлекеттик бийликке коомчулук жакшылап көз салгыдай кылып өкмөттүк, саясий, диний, коммерциялык же башка кызыкчылыктардын таасирине көз каранды болбогон уюмдар жана эксперттер сунуштарды даярдап чыгышы үчүн мындай серептерди салууга жагымдуу шарт түзүү көптөн-көп сунушталат.*

Мындай көз каранды эмес орган же органдар Адам укуктары боюнча улуттук комиссия, Адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдүн аппараты же ошол сыяктуу орган болушу мүмкүн. Сереп салган органдар документтерге жеткилик алуу жана аткаминерлер менен мамлекеттик кызматтарды ээлеген башка адамдарды сурамжылоо үчүн жетиштүү ыйгарым укуктары болууга тийиш. Алар бул жүрүмгө журналисттер, көз каранды эмес ЖМКлар жана жарандык коом уюмдары мүмкүн болушунча кеңири катышуусун камсыз кылышы керек, ал эми алардын сунуштары Европадагы же эл аралык ченемдер менен стандарттарга туура келбейт деп табылган мыйзамдар менен процессуалдык ченемдерди жокко чыгарууга же реформалоого алып келиши зарыл.

## > Улуттук укук коргоочу мекемелердин ролун күчөтүү

ЕККУнун курамындагы көптөгөн мамлекеттер мамлекеттик бийликтин ишмердүүлүгүн көзөмөлдөө менен ички жана эл аралык кепилдиктердин сакталышына коомдун ишенимин камсыз кылуу боюнча улуттук укук коргоочу мекемелердин ролун тааныйт. Андай мекемелердин мандаты, алардын юридикалык же кеңеш берүүчү ыйгарым укуктары, түзүмдөрү, каржылоо булактары жана өз ара мамилелери өкмөттөрдүкүнөн кыйла айырмаланат.

Эреже катары, улуттук укук коргоочу мекемелердин мандаттары жалпы эле адам укуктарын, анын ичинде азчылыктардын жана башка аялуу топтордун укуктарын коргоону жана колдоону, кыйноонун алдын алууну жана балдар менен майыптардын укуктарын коргоону караштырат.

Иш жүзүндө улуттук укук коргоочу мекемелер укуктук коргоо каражатын берүү, мыйзамдарды өзгөртүү же өкмөттүн аракеттерине таасир этүү жагынан чабал же катуу чектелген ыйгарым укуктарга ээ.[141] Мындай мекемелердин айрымдары маалыматка жетүү боюнча мыйзамдардын аракетин көзөмөлдөө укугуна ээ болсо да, алардын аз гана бөлүгү пикир билдирүү эркиндиги же журналисттерди жана журналистиканы коргоо менен байланышкан маселелерди чечиш үчүн конкреттүү ыйгарым укуктарга ээ.

Ошентсе да улуттук укук коргоочу мекемелер эркин жана көз карандылыксыз журналистика үчүн коопсуз жана жагымдуу шарт түзүүгө натыйжалуу жардам бериши үчүн мамлекеттер алардын көз карандылыксыз мандатын, ыйгарым укуктарын жана ресурстарын кеңейтүү, зарыл болсо күчөтүү мүмкүнчүлүгүн караштырып көрө алышат.

Улуттук укук коргоо мекемелеринин ишмердигиндеги азыркы чектөөлөр айрым мамлекеттердин бийликти бөлүштүрүүгө жана саясий истеблишментти түзгөн мекемелердин чыныгы көз каранды эместигине карата саясий маданиятынын түзүмдүк кемчиликтерин көрсөтүп турганы белгиленет.

Улуттук укук коргоо мекемелерин:

**141** Карагыла: Европа Кеңешинин документи “How to strengthen soft powers for press freedom: national human rights institutions”, by Joan Barata Mir, 2016: https://rm.coe.int/168066d07a

*... айрыкча бийликти бөлүштүрүү жана ар кандай токтотуучу күчтөр менен тең салмактын идеясын адамдар анча түшүнө бербеген жана кабыл ала бербеген өлкөлөрдө ойдогудай ишке киргизиш үчүн белгилүү бир убакыт жана даярдык талап кылынган башкаруу моделинин бөлүгү катары караса болот. Башкача айтканда, улуттук укук коргоочу мекемелер өз ишмердигинин өтө мыкты натыйжасы аркылуу өзүнө бекем легитимдүүлүк камсыз кылышы зарыл, бирок ошол эле учурда алар тиешелүү саясий жана институционалдык чөйрөдө аракеттениши керек.*

## > Маалымат эркиндиги

ЕККУнун милдеттенмелери жана принциптери маалымат таратуу эркиндигин колдоону жана илгерилетүүнү, ошондой эле пикир билдирүү эркиндигин илгерилетүүдө жана коомдун кызыкчылыгын жараткан маалыматка өкмөттөр кеңири жеткилик беришинде журналисттердин ролун камтыйт.

Маалыматка жетүү укугу ар бир адамга кийлигишүүгө кабылбастан жана мамлекеттик чек араларга көз каранды болбостон маалымат издөө, алуу жана таратуу эркиндигине кепилдик берген Жарандык жана саясий укуктар жөнүндө эл аралык пакт жана Адам укуктары боюнча Европа конвенциясы сыяктуу эл аралык каражаттарда бекитилген. Маалыматтын эркиндиги тууралуу мыйзамдар коомдук кызыкчылыктарды туюндуруу же журналисттер жана башка ЖМК субъектилери «көзөмөлдөөчү органдардын» ролун аткарышы үчүн чоң мааниге ээ. Бул мыйзамдар маалыматка жетүү боюнча жалпы укукту таануу принцибине негизделиши керек жана артык баш чектөөлөрдү камтыбашы керек. Пикир эркиндигине жана аны билдирүү эркиндигине болгон укук маселелери боюнча өзүнүн абройлуу сын-пикиринде БУУнун Адам укуктары боюнча комитети мындай деп билдирген:

*Маалыматка жетүү укугун натыйжалуу жүзөгө ашыруу максатында уюмдун курамындагы мамлекетер коомдун кызыгуусун жараткан өкмөттүк маалыматка биринчи иретте кеңири жеткидей жол ачып бериши керек. Уюмдун курамындагы мамлекеттер андай маалыматка жеңил, тез, натыйжалуу жана иш жүзүндөгү жетүүнү камсыз кылыш үчүн бардык аракеттерди көрүшү зарыл. Уюмдун курамындагы мамлекеттер калктын маалыматка жетишин камсыз кылууга жол бере турган, мисалы маалымат эркиндиги жөнүндө мыйзамдын жардамы менен бардык зарыл жол-жоболорду түзүп чыгууга тийиш.*[142]

Маалыматка жетүү «жеңил, тез, натыйжалуу жана иш жүзүндө» болушуна жетиш үчүн бир катар шарттар аткарылышы зарыл. Көрсөтүлгөн жол-жоболор Жарандык укуктар жөнүндө эл аралык пактыга каршы келбеген так эрежелерге ылайык маалымат алууга карата берилген сурамдарды өз убагында карап чыгууну камсыз кылууга тийиш. Сурамдарды карап чыгыш үчүн төлөнчү акы маалыматка жетүүдө ыксыз тоскоолдук жаратпашы керек. Бийлик маалыматка жеткилик берүүдөн баш тарткан ар бир чечимди негиздеп бериши абзел. Маалыматка жеткилик берүүдөн баш тарткан чечимдерге, ошондой эле сурамдарды жоопсуз калтырууга каршы даттануу механизмдерин түзүү зарыл.

Европа Кеңеши маалымат эркиндигине болгон укук жөнүндө адекваттуу мыйзамдар менен журналисттердин укуктарын жана коопсуздугун коргоонун ортосундагы байланышты тааныган. Европа Кеңеши андай мыйзамдардын жоктугу мамлекет салмактуу негизи жок эле жашыргысы келген, коомду кызыктырган маалыматты алууда же жарыкка чыгарууда журналисттерге тоскоол болууга же демократия шартында кадыресе болгон коомдук көзөмөлдөн кызмат адамдарын

**142** UN Human Rights Committee General Comment No. 34, сайт: http://www2.ohchr.org/english/bodies/hrc/docs/gc34.pdf

коргоого багытталган расмий же расмий эмес чараларга карата журналисттерди алсыз кылып коёрун билдирген.

*Журналисттер жана ЖМК аркылуу коомдук көзөмөл функциясын аткарган башка адамдар коомчулукка маалымат берүүдө жана коомдун кызыгуусун жараткан маселелерди талкуулоо жагынан демилге көтөрүүдө ойногон ролунан улам мамлекеттик бийликке же таасирдүү топторго карата аялуу абалда көп калышат. Коомдун кызыгуусун жараткан маалыматка жетүүнү чектөө максатында коюлган бөгөттөр журналисттерге жана башка ЖМК өкүлдөрүнө коомдук көзөмөл функциясын аткарууда жолтоо болуп гана тим болбостон, алардын коопсуздугуна да терс таасир этиши ыктымал.*[143]

2009-жылы АУЕС мамлекеттик бийликтин карамагында турган маалыматка жетүү боюнча негизги укукту тааныган. Сот бул органдар маалыматы бар жалгыз тарап болуп турганда («маалыматтык монополия») жана маалымат коомдук дебаттарга көмөк көрсөтүү жана өкмөттүн ишмердигине көзөмөл кылыш үчүн ЖМКга же жарандык коом уюмдарына зарыл болуп турганда маалыматка жетүү укугу өзгөчө жакшы камсыз болушу керек деп билдирген.[144]

ЕККУнун курамындагы мамлекеттердин басымдуу көпчүлүгүндө маалыматка жетүү жөнүндө мыйзамдар кабыл алынган. Алардын көпчүлүк бөлүгүндө көзөмөл механизми, мисалы апелляциялар менен арыздарды караган адам укуктары боюнча ыйгарым укуктуу өкүлдөр бар, бирок уюмдун курамындагы мамлекеттердин

**143** Declaration of the Committee of Ministers on the protection of journalism and the safety of journalists and other media actors, 30 April 2014, сайт: https://search.coe.int/cm/Pages/result_details.aspx?ObjectId=09000016805c5e9d

**144** Карагыла: Társaság a Szabadságjogokért v Hungary (2011).

жок эле дегенде он чактысында апелляцияны же арызды сот аркылуу гана берсе болот.

Журналисттер жана башка адамдар үчүн маалыматка жетүү укугу жөнүндө улуттук мыйзамдардын иш жүзүндөгү натыйжалуулугу кыйла айырмаланып турат. Сурам жиберген журналисттер көп учурда негизсиз баш тартууга, ашыкча создуктурууга, бюрократиялык бөгөттөргө жана ашкере чыгымдарга кабылышат. Билдирүүлөргө караганда, көп мамлекеттерде сырдуулук маданияты сакталып турат. Маалыматты ачыкка чыгаруудан баш тартууну акташ үчүн мамлекеттик сыр жөнүндө жана терроризм тууралуу эл аралык стандарттарга туура келбеген мыйзамдарды шылтоо кылышат, ал эми чечимге каршы даттануу системалары көп учурда натыйжалуу эмес.

## > Журналисттердин чек арадан өтүшү: бөгөттөр жана мажбурлап чыгарып жиберүү

ЕККУнун милдеттенмелери анын курамындагы кайсы мамлекеттин чек арасынан болбосун журналисттердин эркин өтүшүнө жол берет. Бирок бир нече мамлекет, анын ичинде Орусия менен Украина айрым журналисттер менен ЖМК өкүлдөрүнүн өз аймагына киришине тыюу салып, аларга карата чектөө киргизген. Өз өлкөсүнүн чегинен тышкары чыккан бир катар журналисттерге карата кылмыш иши козголгон. Бир топ учурларда ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу чет өлкөлүк журналисттердин ишмердигине жана орун которуу эркиндигине карата  киргизилген, маалыматты эркин алмашууга жана басма сөз эркиндигине тасир эткен керексиз чектөөлөрдөн карманууга чакырып украин жана орус бийлигине кайрылган.[145]

**145** OSCE RFOM communiqué on the accreditation of foreign journalists for implementing the right to freedom of information: https://www.osce.org/fom/245466

## Мисал

2017-жылдын майында Азербайжан өкмөтүндөгү коррупция тууралуу макалалары менен белгилүү болгон журналист Афган Мухтарлы уурдалып кетип, өзү ыктыярдуу сүргүндө жүргөн Грузиядан Азербайжанга күч менен жеткирилген. Кийинчерээк грузин бийлиги журналисттер мажбурлап мыйзамсыз кармалганы тууралуу иликтөө башталганын билдирген. 2018-жылдын январында ишенимдүү далилдердин жоктугуна карабастан Мухтарлы аткезчилик жана башка кылмыштар боюнча айыптуу деп табылып, алты жылга эркинен ажыратылган. Басма сөз эркиндигин коргогон уюмдар Азербайжандын бийлигин журналистти уурдап кеткени жана жалган кинелер менен эркинен ажыратканы үчүн айыптап чыгышкан.[146] 2020-жылдын мартында сот түрмөдөгү анын калган мөөнөтүн айып төлөө менен алмаштырып, журналистти бошоткон.

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу жана кызыкчылыгы бар тараптар чет өлкөдө жүргөн журналисттерге карата Азербайжандын, Казакстандын, Түркиянын жана Өзбекстандын талабы менен Интерпол «кызыл маалымдама» чыгарганына байланыштуу журналисттердин эркиндигине жана коопсуздугуна коркунуч келгенине олуттуу тынчсыздануу билдиришкен. «Кызыл маалымдама» - бул Интерпол өз курамындагы мамлекеттин же эл аралык трибуналдын сурамы менен ордер сураган мамлекеттеги камакка алуу боюнча ордердин негизинде экстрадициялана турган адамды убактылуу кармоо жөнүндө жарыя. Мисалы, 2017-жылдын августунда ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу

**146** Карагыла: https://www.osce.org/fom/366346; https://www.osce.org/fom/363206; https://www.osce.org/fom/347741

Интерполду Түркия камакка алууга берген ордерлерди кайрадан карап чыгууга чакырып, бир да мамлекет пикир билдирүү эркиндигин кысымга алыш үчүн Интерполду пайдаланууга укугу жок экенин билдирген.[147] Адамдарды куугунтуктан коргоо боюнча милдетине ылайык Интерпол түрк тектүү немис жазуучусу Доган Аханлиге карата мындай чечимди жокко чыгарууну чечкен.

**147** Карагыла, мисалы: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/384561; https://www.osce.org/fom/362881; https://www.osce.org/fom/264751; https://www.osce.org/fom/165661; https://www.osce.org/fom/336406

Бешинчи бөлүк.

# Журналисттер жана ЖМК уюмдары: өз жардам жана журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун алдыңкы ыкмалары

## Бешинчи бөлүк.
# Журналисттер жана ЖМК уюмдары: өз жардам жана журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун алдыңкы ыкмалары

### > Иш шартында, жаңылыктар бөлүмүндө жана редакцияда

Акыркы жылдары чатак чыккан жерлерде да, тынч аймактарда да журналисттердин жеке коопсуздугуна карата коркунуч кескин күч алды. Журналисттик жана медиа уюмдар журналисттерде тиешелүү кесипкөй ыктардын өнүгүшүнө жана кооптуу жагдайларды азайтуу максатында аларды коргоо каражаттары менен камсыз кылууга алда канча көбүрөөк көңүл бурушу керек. Бул уюмдардын көпчүлүгү мыйзам чыгарууда жана иш жүзүндө журналисттерди жана алардын ишин коргоонун алда канча натыйжалуу каражаттарын камсыз кылуу боюнча улуттук, аймактык жана эл аралык демилгелерге катышып жүрөт.

Аңдуу, чалгын жана көзөмөл жаатында жаңы технологиялардын өнүгүшү журналисттер үчүн системалуу кооптуу жагдайлардын жаңы түрү болуп эсептелет. Журналисттер өздөрүн киберчабуулдардан, киберкылмыштардан, аңдуудан жана маалыматын ачып окуудан мүмкүн болушунча коргошу зарыл. Өз ишмердигинде мындай кооптуу жагдайларга туш болгон журналисттерге, редакторлорго, ЖМКлардын жетекчилери менен кожоюндарына чыр-чатак зоналарында жана башка кыйын же коркунучтуу жерлерде иш жүргүзгөн ЖМК кызматкерлеринин коопсуздугуна келген коркунучтарды азайтыш үчүн бардык мүмкүн болгон коопсуздук чараларын көрүү сунушталат. Бул кастык курчоодо иштөө, биринчи жардам көрсөтүү, жекече коргонуу каражаттарын пайдалануу, материалдык-техникалык камсыздоо, маалыматтар менен байланыш каналдарынын коопсуздугун камсыз кылуу жана камсыздандыруу жагынан эң жогорку даярдык деңгээлин камсыз кылууну билдирет.

Журналисттер жана иш берүүчүлөр улуттук жана эл аралык мыйзамдарга ылайык өз укуктары тууралуу, ошондой эле ал укуктарды иш жүзүндө кантип коргоп жана талашуу зарыл экенинен кабардар болушу керек.

Журналисттер айрыкча алар ыплас өнөктүктөргө катышканы, акча төлөнгөн жаңылыктарды таркатканы, телефондогу сүйлөшүүнү мыйзамсыз тыңшаганы жана башка укуктан тышкары кийлигишүүнүн башка формаларына аралашканы билинип калгандан кийин ЖМКга коом жогору даражада ишенишине биринчи иретте кызыкчылыгы бар. Журналисттердин баары жалаа боюнча доого кабылганда же өз ишине байланыштуу башка юридикалык маселелерге дуушар болгондо коомдун кызыгуусу эң мыкты коргонуч болуп берерин түшүнүшү зарыл.

Журналисттер ошондой эле терроризмге же зомбулукка көкүтүү, ошондой эле балдарды эзүүгө же аларга таш боор мамиле кылууга козутуу сөз эркиндигине болгон укукту коргоо категориясына кирбей тургандыгын баамдай билүүгө тийиш.

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү Бириккен Улуттар Уюмунун, Америка мамлекеттеринин уюмунун, Америка жана Африка мамлекеттеринин уюмунун атайын баяндамачылары менен бирге 2017-жылы кабыл алынган «Пикир билдирүү эркиндиги, ошондой эле «фейк» жаңылыктар, дезинформация жана үгүт жөнүндө биргелешкен декларацияда» ЖМКнын өзүн өзү жөнгө салышы үчүн ынанымдуу жүйөлөрдү келтирип, атап айтканда төмөнкүлөрдү билдирген:

*ЖМКлар жана журналисттер зарылчылыкка жараша же ЖМКнын секторлорунда (мисалы, басма сөзгө каршы арыздарды кароо боюнча органдар), же жалпыга маалымдоо каражаттарынын айрым органдарынын деңгээлинде (акыйкатчылар же «коомдук редакторлор») өзүн өзү жөнгө салуунун натыйжалуу системаларын, анын ичинде окуяларды чагылдыруудагы*

*тактыкка тиешелүү жана атап айтканда ЖМКда жол берилген так эмес маалыматтарга төгүндөө же жооп берүү укугун караштырган стандарттарды киргизүүнү колдоп чыгышы зарыл.*[148]

Эл аралык басма сөз институту «Аль-Жазира» медиа түйүнү, Жаңылыктардын коопсуздугунун эл аралык институту жана «Африка медиа демилгеси» менен бирге журналисттердин эл аралык стандарттар тууралуу маалымдуулугун арттыруу жана коркунучтуу тапшырма аткарып же коркунучтуу шарттарда жашап жаткан журналисттерди коргоо максатында жаңылыктар бөлүмдөрүндө алдыңкы тажрыйбаны колдоо аркылуу медиа тармагында коопсуздук маданиятын илгерилетүү боюнча глобалдык демилгенин башында турган.

Бул демилгенин натыйжасында 2015-жылы «Журналисттердин укуктарын коргоо боюнча эл аралык декларация»,[149] ошондой эле ыктыярдуу «ЖМК уюмдары үчүн алдыңкы тажрыйбанын кодекси» кабыл алынган, аны колдоо ЖМКга, жаңылыктар агенттиктерине жана журналисттик уюмдарга көптөн-көп сунушталат. Кодекс ЖМК тармагындагы иш берүүчүлөрдү алардын өз кызматкерлеринин жана жалпы эле ЖМК кызматкерлеринин коопсуздугуна тиешелүү бардык маселелерде, ошондой эле өкмөттөр эл аралык ченемдер менен стандарттарды сакташына тиешелүү маселелерде демилгелүү болууга чакырат.

Төмөндө «ЖМК уюмдары үчүн алдыңкы тажрыйбанын кодексинин» айрым негизги принциптери берилген:

- *Журналисттерди ачык кооптуу жагдайлар менен коштолгон коркунучтуу тапшырмаларга алардын өз эркине каршы эч ким жибербеши керек.*

---

**148** Карагыла: https://www.osce.org/fom/302796?download=true

**149** Карагыла, сайт: http://www.freemedia.at/international-declaration-on-the-protection-of-journalists/

*ЖМК уюмдары өз журналисттери үчүн эң жакшы коопсуздук протоколдорун кабыл алыш үчүн бардык аракеттерди кылууга милдеттүү... финансы ресурстарынын тартыштыгы жаңылыктар уюмдарынын журналисттерди жана алардын укуктарын коргош үчүн колунан келгендин баарын кыла албаганын актай албайт.*

*Коопсуздук маселелери боюнча, анын ичинде санариптик коопсуздук, эмоционалдык жана психикалык саламаттык жана экологиялык коркунучтар менен байланышкан элементтер боюнча журналисттердин жалпы даярдыгы, ошондой эле коркунучтуу тапшырмалардын үстүнөн же коркунучтуу шарттарда иштеген журналисттердин атайын даярдыгы алардын коопсуздук чаралары тууралуу маалымдуулугун кыйла арттырат жана коркунучтарды азайтат.*

*ЖМК уюмдары жекече коопсуздуктун жана коргоочу каражаттар менен жабдууну колдонуунун бардык өңүттөрү боюнча журналисттердин мыкты даярдыгын камсыз кылыш үчүн, ошондой эле тапшырмаларды аткаруу учурунда иш жүзүндө аларга колдоо көрсөтүш үчүн колунан келген аракетинин баарын кылышы керек.*

*Журналисттер эл аралык укукка ылайык өз укуктары менен милдеттери, ошондой эле өздөрү иштеген өлкөлөрдүн улуттук мыйзамдары тууралуу кабардар болушу керек. Алар укуктардын бузулушун натыйжалуу чагылдырып жана табышы үчүн адам укуктары жана эл аралык гуманитардык укук жаатындагы эл аралык ченемдер жана принциптер тууралуу кабардар болушу зарыл.*

*Бардык журналисттердин коопсуздугу кабылып жаткан коркунучтардан тышкары, журналист аялдар коопсуздуктун өзгөчө көңүл бурууну жана тиешелүү чараларды талап кылган гендердик өңүттөрүнө да туш болушат.*

- *Журналисттерди коомчулук колдоп турушу алардын коопсуздугуна өбөлгө түзөт... ЖМКларга болгон ишенич жана алардын көз каранды эместиги, ошондой эле журналисттик этиканын стандарттарын сактоо коомчулуктун колдоосун тартууга өбөлгө түзөт, аны баалаш керек. Кесиптик этика бузулган айрым учурлар журналисттерге кол салууну акташ үчүн кызмат кылбашы зарыл.*

  *• Журналисттердин ынтымагы кесиптин өкүлдөрү опузага жана зомбулукка кабылган учурларда өтө чоң мааниге ээ. ЖМК уюмдары журналисттерге каршы кылмыштарды ачууда жана журналисттерге кол салууга каршы глобалдуу өнөктүк жүргүзүүдө кызматташуунун натыйжалуу каражаты боло алат. Кайсы жерде болбосун журналистке кол салуу – бул бүт дүйнөдө журналистикага кол салуу. Ал эми журналистке же журналистикага кол салуу – бул коомдун маалымат алууга жана демократиялык өзүн өзү башкарууга болгон укугуна тийишүү.*

- *Бардык аймактардагы ЖМК уюмдары ушул Декларацияны толуктаган «Штаттан тышкаркы журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу боюнча принциптерге жана чараларга» кошулуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгып, алардын иш жүзүндө аткарылышын камсыз кылышы зарыл.*

## > Штаттан тышкаркы журналисттердин ишмердигинин өзгөчөлүктөрү: чоң коркунуч жана өзгөчө колдоо менен колдоонун зарылчылыгы

2015-жылы алдыңкы жаңылыктар компанияларынын жана журналисттик уюмдардын коалициясы штаттан тышкары иштеген журналисттерди коргоонун эл аралык стандарттарын бекитиш үчүн коопсуздуктун бир катар принциптери менен эрежелерин

бекиткен.[150] Бул эрежелер менен принциптер штаттан тышкаркы журналисттерди, анын ичинде репортёрлорду, фотографтарды жана тапшырмаларды аткарууда коопсуздук маселелерине туш болуучу башка адистерди ишке тарта турган жаңылыктар уюмдарына арналган. Штаттан тышкаркы журналисттердин коопсуздугунун эл аралык принциптери менен эрежелери жаңылыктар уюмдары менен журналисттик топтордун, анын ичинде «Frontline Freelance Register» уюмунун жана Журналистика менен травманын «Дарт» борборунун колдоосуна арзыган. Төмөндө негизги принциптердин айрымдары келтирилет:

- *Чыр-чатак зонасына же башка кооптуу жерге жөнөтүлөрдө журналисттер негизги ыктарга жана даярдыкка, анын ичинде өзүнө же жарадар кесиптештерине жардам берүү, ошондой эле кас чөйрөдө жүрүү ыктарына ээ болууга тийиш.*

- *Журналисттер тапшырма менен байланышкан кооптуу жагдайды түшүнүп баарына даяр болушу үчүн көз каранды болбой иштесе буюртмачы уюм же кесиптештери менен тыгыз кызматташуусу зарыл; алар мобилдик жана интернет-байланышын чабуулдан же аңдуудан коргоо боюнча тиешелүү чара көрүшү керек.*

- *Редакторлор жана ЖМК уюмдары айрыкча кооптуу аймактардагы эл аралык кырдаалды чагылдырууда жер-жерлердеги журналисттер жана штаттан тышкаркы кабарчылар, анын ичинде фотографтар менен видео-операторлор маанилүү роль ойной турганын моюнга алышы керек. Коопсуздук техникасына же башка коргоо каражаттарын колдонууга үйрөтүүгө тиешелүү маселелердин баарында ЖМК уюмдары өздөрү кызматын көргөн штаттан тышкаркы журналисттерге штаттык кызматкерлер менен бирдей мамиле кылууга тийиш.*

**150** Карагыла, сайт: https://dartcenter.org/content/global-safety-principles-and-practices#. VN4UpC6sXlN

- *Жаңылыктар уюмдары өз штаттык кызматкерлери уурдалып кетсе же жарадар болсо алардын коопсуздугу үчүн алганга барабар жоопкерчиликти штаттан тышкаркы журналисттердин коопсуздугу үчүн да алууга даяр болбосо анда аларды чыр-чатак зонасына жибербеши керек.*

## > Журналисттик этика

Биздин өлкөлөрдө демократиянын сапаты маалыматтын сапатынан көз каранды, ал эми сапаттуу маалымат алыш үчүн плюралисттик, көз карандылыксыз жана этикалуу журналистика зарыл.

Редакциялык этика редакторлор менен журналисттерден тактыкты, ак ниеттикти жана калыстыкты, ошондой эле акыл-эсти жана ойлордун көз каранды эместигин талап кылат. Бирок журналисттердин коопсуздугу же ЖМК эркиндиги маалыматтын сапаты менен шартталбашы керек. Толук эркин басма сөз гана чындап жоопкерчиликтүү боло алат. ЖМКлар ыксыз чектөөлөргө жана зомбулук коркунучуна же мамлекеттик бийликтин өзүм билемдик менен жасалган басымына кабылбастан иликтөө жүргүзүп, жаңылыктарды билдирип же кабарларды чыгарышы зарыл.

Мамлекеттер ЖМКда түздөн-түз үлүшкө ээ болуу аркылуу да, уктуруучу жана көрсөтүүчү ЖМКларга өз талапкерин дайындоо же аларга уктуруу жана көрсөтүү боюнча лицензияны бөлүштүрүү аркылуу да басма сөздүн ишине түз кийлигишпеши керек. Мамлекеттик ЖМКларды үгүт, жалган маалыматтарды таркатуу же жек көрүүнү козгоо каражаты катары мыйзамсыз пайдалануу редакциялык көз каранды эместиктен баш тартуу болуп эсептелип, этикалык стандарттарды төмөндөтөт, ал коомчулуктун ишенимин азайтат.

ЖМК эркиндиги жаатындагы эл аралык ченемдер менен стандарттар журналисттик ишмердиктин этикалык жана кесиптик стандарттары жана ЖМК өкүлдөрү тарабынан

редакциялык чечимдерди кабыл алуу менен байланышкан маселелерди мамлекеттик бийлик органдары эмес, журналисттер өздөрү формулировкалап жана бекитиши керек деп таанышат. Журналисттик этиканын принциптерине ылайык келүү жана коомдун ишенимине ээ болуу максатында журналисттердин бирикмелери менен ассоциациялары мамлекеттик бийликтен өз алдынчалыгын сактап калышы зарыл.

Украинадагы жана анын тегерегиндеги чатакка арналган бир катар жолугушууларга 2014-2017-жылдары катышкан орусиялык жана украиналык журналисттер мамлекеттин көз жумду мамилесинин шартында жалпыга маалымдоо каражаттарын манипуляцялоого байланыштуу олуттуу тынчсызданнуусун билдиришкен. 2014-жылдын декабрында жарык көргөн кайрылууда тегерек үстөлдүн катышуучулары маалымат согуштарына катышуудан жана жек көрүүнү козутуудан оолак болуш керек экенин кесиптештерине эскертип, аларды «журналисттердин ортосунда чагым салып, аларды бири-бирине тукуруу аракеттерине каршы турууга» чакырышкан.[151]

ЮНЕСКОнун «Пикир билдирүү эркиндиги жана ЖМКнын өнүгүшү боюнча дүйнөлүк тенденциялар: Борбордук жана Чыгыш Европага арналган аймактык сереп (2017/2018)» аттуу баяндамасында сындагандардын үнүн басып, журналистикага болгон ишеничти кетирүүнүн каражаттарын пайдалануу аркылуу ЖМКдагы идеологиялык багыттарды манипуляциялоо максатында мамлекеттик бийлик өкмөтчүл ишкер топтор менен бирге «ЖМКны басып алышынын» маселеси толук талданган.

Журналистиканы жана журналисттер менен башка ЖМК субъектилеринин коопсуздугун коргоо жөнүндө Европа Кеңешинин Министрлер комитети кабыл алган № (2016) 4 сунуш уюмдун курамындагы мамлекеттерди «журналисттерди жана башка ЖМК субъектилери

**151** OSCE RFoM publication “Two Countries – One Profession”, page 3, сайт: https://www.osce.org/files/f/documents/0/8/226351.pdf

жалпыга таандык журналисттик стандарттардан жана кесиптик этикадан баш тартышына» багытталган талаптардан, мажбурлоодон жана кысымдан баш тартууга чакырат.

ЖМКны басып алуунун алдын алуу боюнча чаралар мамлекеттик кызмат ээлеген адамдар ЖМКга ээлик кылышына чектөө киргизүүнү, ЖМКнын белгилүү бир топтордун колунда топтолушунун алдын алууну жана ЖМКга ээлик кылуу маселесинин ачыктыгын камсыз кылууну өзүнө камтыйт. Финляндия журналисттерге «абийирдеги жүйөгө» таянууга мыйзамдуу укук берген ЕККУ мамлекеттеринин катарына кирет. Бул аларга журналисттик этиканы бузуучу аракеттерден баш тартууга жана эгер абийирдин жүйөсүнө таянса жооп иретиндеги аракеттерден кутулууга жол берет.

Өзүн өзү жөнгө салууну жана ЖМК бийликке жан тартканы жагынан эмес, кесипкөйлүк деңгээли жагынан гана баалана турган тиешелүү стандарттарды илгерилетүү аркылуу мамлекеттин кийлигишүүсүн болушунча азайтып редакциялык эркиндикти жана ЖМКнын көз каранды эместигин бекемдесе болот. Жүрүм-турум кодекстери, этикалык стандарттар жана өзүн өзү жөнгө салуунун башка формалары да плюрализмди жана пикирлер менен маселелердин ар түрдүүлүгүн чагылдырган ишенимдүү маалыматтарды алмашуу аркылуу жалпыга маалымдоо каражаттарынын плюрализмине көмөк көрсөтө алат. Плюрализм ошондой эле ЖМК уюмдарынан гендердик теңчиликтин, айрыкча алардын кызматкерлери маргиналдашкан топторго кирсе аларды опузалоого жана куугунтуктоого карата келишпес мамиленин корпоративдик маданиятын түзүүнү талап кылат.

Коомдук ЖМКлар калыстыкты, бейтараптыкты жана тактыкты камсыз кылуу, ошондой эле коомчулуктун кызыкчылыгында пикирлер менен сын-пикирлердин кеңири спектрин чагылдыруу максатында иштелип чыккан белгилүү бир редакциялык стандарттарга баш

ийет. Коомдук ЖМКлардын негизги ролу көпчүлүктүн коммерциялык жактан кирешелүү маселелерин чагылдырып тим болбостон, коомчулукка ар кандай пикирлерди жеткирүүдө турат. ЕККУнун курамындагы айрым мамлекеттерде өткөрүлүшү зарыл болгон эң маанилүү реформалардын бири өкмөттөр менен тыгыз байланышта болгон мамлекеттик уктуруучу жана көрсөтүүчү уюмдарды редакциялык көз каранды эместигине жана коомчулукка отчет беришине кепилдик берилген коомдук уктуруучу же көрсөтүүчү компанияларга айландырууда турат.

ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу жалпыга маалымдоо каражаттарына ар кандай этика кодекстеринин, басма сөз жана ЖМК эркиндиги боюнча кеңештердин, арыздарды кароо боюнча комиссиялар менен ички механизмдердин формасына өтүшү мүмкүн болгон өзүн өзү жөнгө салуу механизмдерин түзүүгө жана өнүктүрүүгө жардам берет. Бул механизмдер ЖМКлардын редакциялык ишмердигинин ыктыярдуу принциптерин кабыл алуу жана сактоо аркылуу алардын редакциялык автономиясы менен көз каранды эместигин сактап туруп сапатын көтөрүүгө багытталган. Бюро журналистиканын сапатын арттырыш үчүн зарыл болгон ЖМКлардын өзүн өзү жөнгө салуусунун мындан ары өнүгүшүн колдоп, ал аркылуу окутуу, эксперттердин кеңеши жана эл аралык тегерек үстөлдөрдүн аркасы менен ЕККУ аймагында ЖМК эркиндиги жаатындагы жалпы абалды жакшыртууга жардам берет.

Башкасын айтпаганда да, бюро «ЖМКнын өзүн өзү жөнгө салышы боюнча жол көрсөткүчтү» басып чыгарды – анын биринчи басылышы[152] (2008 г.) өзүн өзү жөнгө салуу механизмдерин жаңыдан түзүү же бекемдөө боюнча маселелер менен ыкмалардын кеңири спектрин камтыса, экинчи басылышы[153] (2013 г.) санарип доорунда өзүн өзү жөнгө салуунун механизмдери менен байланышкан маселелерге кайрылат.

---

**152** Карагыла: https://www.osce.org/fom/31497?download=true

**153** Карагыла: https://www.osce.org/fom/99560?download=true Карагыла, ошондой эле: Vienna Conclusions on Safety of Journalists and Media Ethics, сайт: https://www.osce.org/representative-on-freedom-of-media/306836?download=true

2006-жылы ЕККУнун курамындагы мамлекеттер «журналисттер арасында кесипкөйлүктүн, тактыктын жана этикалык ченемдерди жактоонун күчөшүн камсыз кылыш үчүн журналистиканын ыктыярдуу кесипкөй стандарттарын, ЖМКнын өзүн өзү жөнгө салышын» колдой турганын билдиришкен.[154] 2007-жылы уюмдун курамындагы мамлекеттер журналисттерге «журналисттик чөйрөдө кесипкөйлүктүн, акыйкаттын жана этикалык ченемдердин сакталышын күчөтүүгө кепилдик бере турган ыктыярдуу кесипкөй ченемдерди, ЖМКлардын өзүн өзү жөнгө салышын жана башка механизмдерди кабыл алууну» дагы бир жолу сунуш кылышты.[155]

Европа уктуруу жана көрсөтүү бирикмеси илгерилетип жаткан редакциялык принциптер менен эрежелер коомдук уктуруучулар менен көрсөтүүчүлөр объективдүү жана анык маалыматтын булагы жана ар кандай саясий пикирлердин рупору болушуна багытталган. Мисалы, Би-би-синин редакциялык эрежелеринде *«кандай гана жаңылыкка болбосун бейтарап мамиле кылып, окуяларга, пикирлерге жана талкуунун негизги багытына тиешелүү көңүл буруу зарыл»* деп айтылат. Би-би-синин эрежелеринде ошондой эле журналисттер менен редакторлор жалган көз караштардан, кыянат ниеттен же дискриминацияга көкүтүүдөн оолак болууга милдеттүү экени айтылып, төмөнкүлөр баса белгиленет: *«Биз далилдерди изилдөөдө жана болуп жаткан фактыларга баа берүүдө калыс жана бейтарап болушубуз керек. Биз талкууланууччу темалардын көптүгүнө жана ар түрдүүлүгүнө тиешелүү көңүл бурууга милдеттүүбүз»*.

Журналисттер күн мурунтан жаман ойдо болуп же редакциялык этиканы бузганы маалыматтардын чыгарылышында, комментарийлерде жана коомдук дебаттарда белгилүү бир көз караштар же материалдар алынып ташталып, же маалыматтык

---

**154** MC Decision No. 13/06 on Combating Intolerance and Discrimination and Promoting Mutual Respect and Understanding, сайт: https://www.osce.org/mc/23114?download=true
**155** MC Decision No. 10/07 on Tolerance and Non-Discrimination: Promoting Mutual Respect and Understanding, сайт: https://www.osce.org/mc/29452?download=true

материалдардын мазмуну менен тону жөнү жок эле сый-урмат көрсөтпөгөн мамилени, арам саноону же кастыкты көрсөтүп турганда ачыкка чыгып калат. Заманбап ЖМКлардын доорунда адамдар үгүт менен дезинформациянын булактарын тааный билиши жана аныктай билиши үчүн зарыл болгон медиа жана санариптик сабаттуулуктун мааниси артууда.

Журналисттердин эл аралык федерациясы (ЖЭФ) журналисттерден талап кылынган кесипкөй жүрүм-турумдун стандарттары жазылган «Журналисттин жүрүш-турушунун принциптеринин декларациясын» жарыкка чыгарды.[156] ЖЭФ жана башка журналисттик уюмдар журналисттик ишти өз алдынча жөнгө салууну колдоп, этикалуу жүрүш-туруш жана журналистиканын эң жогорку стандарттарынын сакталышы үчүн жоопкерчилик ЖМК кызматкерлеринде экенин ырасташат. Бирок журналисттик этика коомдун кызыкчылыгына жооп берген бийик ар-намыс жана журналисттик ишмердүүлүк стандарттарын сактоону талап кылат. Декларация:

- Журналисттик иштин өз алдынча жөнгө салынышына көмөк көрсөтөт жана мамлекеттик органдардын редакциялык же кесиптик намыс жана этика маселелерине кийлигишүүсүнүн бардык формаларын четке кагат.
  Анда: ***«Өз өлкөсүнүн мыйзамдарына ылайык аракеттенип, журналист кесиптик маселелерди чечкенде, анын ичинде андай маселелерге өкмөт же башка жооптуу адамдар кийлигишкенде кесиптештеринин гана юрисдикциясын тааныйт»,*** деп айтылган.

- Журналисттик этиканын негизги элементтерин, анын ичинде чындыкты сыйлоону жана коомдун чындыкты билүүгө болгон укугун, кесиптик сырды сактоону жана маалымат булагын жашыруун калтырууну сүрөттөйт.

**156** "IFJ Declaration of Principles on the Conduct of Journalists", сайт: http://www.ifj.org/about-ifj/ ifj-code-of-principles/

- Расанын, жыныстын, жыныстык тандоонун, тилдин, диндин, саясий же башка көз караштардын, улуттук же социалдык тектин негизинде дискриминацияга аргасыздан да түрткү берүүдөн оолак болуш үчүн журналисттер жана ЖМК колдон келгендин баарын кылышы керек экенин баса белгилейт.

- Плагиатты, фактыларды атайылап бурмалоону; жалааны, ар-намыска акаарат келтирүүнү, негизсиз айыптоону; тигил же бул материалды жарыкка чыгаруу (жарыкка чыгаруудан баш тартуу) үчүн кандай формада болбосун пара алууну кесиптик эрежелердин олуттуу бузулушу катары карайт.

«Чек арасыз репортёрлор» уюму менен ЮНЕСКО «Журналисттердин коопсуздугу боюнча колдонмо: кооптуулугу жогору шартта иштеген журналисттер үчүн окуу куралы» деген эмгекти басып чыгарышты, анда чыр-чатак зоналарынан жана башка кооптуу жерлерден репортаж алып баруунун бардык практикалык өңүттөрү, анын ичинде алдын-ала пландоо жана логистика жана жабдуу боюнча кеңештер, согуштун мыйзамдары жана эрежелери, алгачкы жардам көрсөтүүнүн ыкмалары жана кас чөйрөдөгү жүрүш-туруш эрежелери, ошондой эле заманбап курал-жарак, ок-дары, жекече жана санариптик коопсуздук жана байланыш каналдарын коргоо тууралуу маалымат каралат. Колдонмо пайдалуу контакттардын, анын ичинде өкмөт аралык жана тиешелүү өкмөттүк эмес уюмдардын толук тизмесин камтыйт.[157]

Журналисттерди коргоо боюнча комитет «Журналисттердин коопсуздугу боюнча колдонмо: кооптуу жана өзгөрмөлүү дүйнөдө жаңылыктарды чагылдыруу»[158] аттуу эмгегин жарыкка чыгарды. Колдонмо коопсуздуктун оң маанилүү өңүтүн, анын ичинде базалык даярдыкты, жыныстык зомбулукту, өзгөчө кырдаалдарда иш-аракеттерди

**157** Карагыла: https://rsf.org/sites/default/files/guide_journaliste_rsf_2015_en_0.pdf
**158** Карагыла: https://cpj.org/reports/2012/04/journalist-security-guide.php.

пландоону, маалымат коопсуздугун, ошондой эле туткунга алууну камтыйт жана үйрөтүү, экипировка жана зарыл билимдер жаатындагы пайдалуу шилтемелерди келтирет.

Журналисттердин эл аралык федерациясы жана ЮНЕСКО типтүү «Журналисттердин коопсуздугу боюнча курс: араб өлкөлөрүндөгү журналистика мугалимдери үчүн колдонмо»[159] аттуу эмгекти басып чыгарды. Курс араб өлкөлөрүндө кооптуу шартта иштеген журналисттерге арналган, бирок анда берилген маалыматтар дүйнөнүн кайсы жеринде болбосун алардын кесиптештери үчүн актуалдуу. Курс сапарлардагы коопсуздук жана санариптик коопсуздук маселелерин, гендердик өңүттөрдү жана репортердун ишинин коопсуздугун, демонстрациялар менен жарандык башаламандыкты чагылдыруунун өзгөчөлүктөрүн, ошондой эле адам укуктары менен эл аралык укуктун маселелерин камтыйт.

## > Журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуунун үстүнөн иштеген эл аралык жарандык коом уюмдары

Санариптик коопсуздукту камсыз кылуу боюнча «Access Now» кызматы бүт дүйнө жүзүндө журналисттер жана жарандык коом өкүлдөрү менен иштеп, анын ичинде сегиз тилде реалдуу убакыт режиминде техникалык жардам көрсөтөт.[160]

Өкмөттүк эмес «Артикль 19» (Article 19 укук коргоо уюму бүт дүйнө жүзүндө пикир билдирүү эркиндигин коргоо менен алектенет жана укуктук реформалар, коргоо

**159** “Model Course on Safety of journalists: A Guide for journalism Teachers in the Arab States”, UNESCO and IFJ, 2017, сайт: http://unesdoc.unesco.org/images/0024/002482/248297e.pdf

**160** https://www.accessnow.org/help/

механизмдерин түзүү жана кылмыштардын жазаланбай калышынын тамырын кыркуу аркылуу журналисттер менен укук коргоочуларды коргоонун үстүнөн иш алып барат.[161]

Европалык журналисттердин ассоциациясы – бул көз каранды эмес журналисттердин европалык түйүнү, ал 2016-жылы чыккан «Журналистиканы жана журналисттер менен башка ЖМК субъектилеринин коопсуздугун коргоо боюнча уюмдун курамындагы мамлекеттерге Европа Кеңешинин Министрлер комитетинин сунуштарын» иштеп чыгууга катышкан жана Европа Кеңешинин журналистика менен журналисттердин коопсуздугун коргоого көмөк көрсөтүү боюнча платформасынын негиздөөчү өнөктөшү болуп эсептелет.[162]

Улуу Британиядагы Шеффилд университетинин ЖМК эркиндиги боюнча борбору ЖМК эркиндигине каршы коркунучтар тууралуу саясатчылар менен кызыккан тараптарга кеңеш берип, эркин жана көз каранды эмес журналистиканы коргоо жаатында эл аралык укуктук базаны илгерилетет. Борбордун карамагында иш жүргүзгөн Журналисттердин коопсуздугу боюнча изилдөөчү борбор журналисттердин коопсуздугу жана кылмыштардын жазаланбай калышынын тамырын кыркуу менен байланышкан маселелер боюнча иштиктүү жана актуалдуу изилдөөлөрдү жүргүзүш үчүн ишенимдүү билим базасын түзүүдө окумуштуулар менен эксперттерге жардам берет.[163]

Плюрализм жана ЖМК эркиндигинин борбору – Европанын, дүйнөнүн деңгээлинде жана улуттук деңгээлде жаңычылдык жана актуалдуу изилдөөлөрдү жүргүзүү жана саясат иштеп чыгуу менен ченем чыгаруу жүрүмдөрүн маалыматтык колдоо менен алектенген окуу-изилдөө борбору. Борбор «Media Pluralism Monitor» эмгегин – конкреттүү өлкөдө плюрализмге карата коркунучтарга баа берүүнүн куралын иштеп чыккан.[164]

**161** www.article19.org

**162** www.aei.org

**163** www.cfom.org.uk

**164** http://cmpf.eui.eu/media-pluralism-monitor/

Журналистика менен травманын «Дарт» борбору журналисттерге согуштар, адам укуктарынын бузулушу жана башка жан кейитүүчү окуялар тууралуу репортаждардын журналисттерге тийгизген таасири тууралуу жаңылыктар уюмдарынын маалыматын арттырат, ошондой эле мындай темаларды чагылдыруунун сапаты менен натыйжалуулугун жогорулатууга аракет кылат.[165]

«Электрондук чек аралар фонду» (Electronic Frontier Foundation) санариптик коопсуздук жаатында адистешет жана алда канча коопсуз онлайн-баарлашуу үчүн аңдуудан өзүн коргоо боюнча иштиктүү кеңештерди, каражаттарды жана ыкмаларды сунуш кылат, анын ичинде кантип өзүн зыяндуу программалардан сактаса болот, онлайн-цензурадан буйтап өтсө болот жана шифрлоону пайдаланса болот деген кеңештер бар.[166]

Басма сөз жана ЖМК эркиндигинин Европа борбору Лейпцигде жайгашып, бүтүн Европа боюнча «Басма сөз эркиндигинин Европа хартиясын» жүзөгө ашырууга көмөктөшүү максатында Европа комиссиясы тарабынан каржыланат. Бир катар иш-чараларды өткөрүү аркылуу Борбор басма сөзгө жана ЖМК эркиндигине коюлган чабуулдарга каршы аракеттениш үчүн ЖМКларды, басма сөз уюмдарын жана илимий чөйрөнү бириктирүүгө умтулат.[167]

Журналисттердин Европа федерациясы – Европадагы эң ири журналисттик уюм, ал Журналисттердин эл аралык федерациясы менен бирге журналисттердин бардар турмушун, социалдык жана кесиптик укуктарын камсыз кылууга көмөк көрсөтөт, ошондой эле басма сөз эркиндигине коюлган чабуулдарга жана журналисттердин коопсуздугуна болгон коркунучтарга каршы мониторингдер менен өнөктүктөрдү жүргүзөт.[168]

---

**165** https://dartcenter.org/

**166** https://ssd.eff.org/

**167** https://ecpmf.eu/

**168** https://europeanjournalists.org/; http://www.ifj.org/

«Frontline Freelance Register» - чет өлкөдө олуттуу коркунучтарга кабылган жана анын Жүрүш-туруш кодексин сактаган штаттан тышкаркы журналисттердин башын бириктирген уюм. Уюмдун негизги максаты штаттан тышкаркы журналисттердин физикалык жана психикалык ыңгайын колдоо болуп эсептелет.[169]

«Цензура индекси» (Index on Censorship) – коммерциялык эмес уюм, анын ишмердиги бүт дүйнөдө сөз эркиндигин коргоо менен илгерилетүү, ошондой эле цензурага кабылган айрым адамдарга жана топторго көмөк көрсөтүү болуп эсептелет. 2014-жылдан тартып уюмдун «Mapping Media Freedom» аттуу долбоору Чыгыш жана Батыш Европанын 40тан ашуун мамлекетиндеги ЖМК эркиндигине карата коркунучтарды таап чыгып каттап турат.[170]

Эл аралык Кызыл Чырым комитетинде түз байланыш бар, ал ЖМК кызматкерлерине, алардын үй-бүлө мүчөлөрүнө, кесиптештерине же алар иштеген уюмдардын өкүлдөрүнө ЖМК кызматкерлери кармалган, жоголуп кеткен, жарадар болгон же өлтүрүлгөн учурларда кайрылууга мүмкүнчүлүк берет.[171]

Кабарлардын коопсуздугунун эл аралык институту – журналисттердин коопсуздугуна байланышкан маселелер менен алектенген мүчөлүк уюм. Ал алдыңкы жаңылыктар уюмдарын коркунучтар тууралуу кабардар кылып, кеңеш берип, семинарларды, аймактык жолугушууларды жана вебинарларды өткөрүп турат.[172]

Басма сөздүн эл аралык институту – журналисттердин, редакторлордун жана ЖМК жетекчилеринин ЖМК эркиндиги жана эркин жаңылык алмашуу, ошондой эле журналисттик тажрыйбаны өркүндөтүү маселелери менен алектенүүчү глобалдык

**169** https://www.frontlinefreelance.org/
**170** www.indexoncensorship.org
**171** https://www.icrc.org/en/document/hotline-assistance-journalists-dangerous-assignments-0
**172** https://newssafety.org/home/

түйүнү. Бул түйүн журналистикага коомдук көзөмөл функциясын бекитип берген мыйзамдарды кабыл алууну жактайт жана ЖМК эркиндиги коркунуч алдында турган өлкөлөргө миссияларды уюштурат.[173]

«ЖМКны укуктук жактан коргоо боюнча демилге» бүт дүйнө жүзүндө журналисттерге, блогерлерге жана көз каранды эмес ЖМКларга юридикалык жардам көрсөтөт. Уюм ЖМК эркиндигине таасир эте турган мыйзамдарды өркүндөтүш үчүн улуттук жана эл аралык соттордо стратегиялык иштерди жүргүзөт.[174]

Жазуучулардын дүйнөлүк «PEN International» ассоциациясы журналисттер менен жазуучулардын адамдык укуктарынын бузулушун документтештирет жана андай укук бузууга каршы өнөктүктөрдү жүргүзөт. Ассоциациянын «Түрмөдөгү жазуучулар» комитети жыл сайын бүт дүйнө жүзүндө түрмөгө түшкөн жүздөгөн авторлордун иштерине көз салып турат.[175]

---

**173** https://ipi.media/

**174** http://www.mediadefence.org/

**175** http://www.pen-international.org/

# Тиркеме: Журналисттердин коопсуздугуна карата ЕККУнун принциптеринин жана милдеттенмелеринин эволюциясы

# Тиркеме: Журналисттердин коопсуздугуна карата ЕККУнун принциптеринин жана милдеттенмелеринин эволюциясы

40 жылдан ашуун убакыт бою Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешме (ЕККК) жана анын мураскери, Европадагы коопсуздук жана кызматташтык уюму (ЕККУ), журналисттердин коопсуздугу менен ЖМК эркиндигин камсыз кылыш үчүн негиз болгон бир катар принциптер менен милдеттенмелерди иштеп чыккан, ЕККУнун коопсуздукка карата баарын камтыган мамилесинин алкагында алардын мааниси шексиз. Бул иш уюмдун курамындагы 57 мамлекеттин баары бирдей статуска ээ экендигин, ал эми чечимдер консенсустун негизинде кабыл алынып, укуктук эмес, саясий жактан милдеттүү болуп саналарын эске алуу менен жүргүзүлгөн.

Төмөндө бул жүрүмдүн негизги этаптары келтирилген:

1975-жылдагы **Жыйынтыктоочу Хелсинки актында** СССРдин, АКШнын, Чыгыш жана Батыш Европа мамлекеттеринин жетекчилери пикир билдирүү эркиндигинин, ынаным эркиндигинин жана эркиндиктин бул түрлөрүн жактоодогу журналисттердин ролун жалпы таанышкан:

*Уюмдун курамындагы мамлекеттер,*

- *Уюмдун курамындагы башка мамлекеттердин ар кандай өңүттөрүн билүүгө жана түшүнүүгө болгон муктаждык улам кеңейип баратканын аңдап,*

- *Бул жүрүмдүн элдердин ортосундагы ишенимдин күч алышына кошкон салымын эске алып,*

- *Уюмдун курамындагы мамлекеттердин ортосундагы өз ара түшүнүшүүнүн өнүгүшү жана алардын өз ара мамилелеринин оңолушу менен бул багыттагы жылышты андан ары да көбөйтүүнү каалап,*

- *Уюмдун курамындагы башка мамлекеттерден алынган маалыматтарды таратуунун жана андай маалыматтар менен жакшыраак таанышуунун мааниси чоң экенин белгилеп,*

- *Басма сөздүн, радионун, телекөрсөтүүнүн, кино менен телеграф агенттиктеринин жана ушул багыттарда иштеген журналисттердин маанилүү жана таасирдүү ролун баса белгилеп,*

- *Маалыматтын бардык формалары мурдагыдан да эркин жана кеңири тарашын жеңилдетүү, маалымат жана башка мамлекеттер менен маалымат алмашуу жаатындагы кызматташтыкты колдоо жана уюмдун курамындагы бир мамлекеттин журналисттери анын курамындагы башка мамлекетте өз кесиби боюнча иш жүргүзө турган шарттарды жакшыртуу максатын көздөшөт.*

1990-жылы, Европанын саясий картасында терең өзгөрүүлөр жүрүп жаткан кезде Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча кеңешменин (ЕККК) курамындагы мамлекеттердин мамлекет жана өкмөт башчылары **Париж хартиясына** кол коюшкан, анда өтө маанилүү элемент катары маалымат алмашууда демократиялык баалуулуктарга таянууга негизделген кызматташтыктын жаңы деңгээлин калыптандырууга карата бардык мамлекеттердин чечкиндүүлүгү белгиленген:

*Биз өз өлкөлөрүбүздөгү бирден-бир башкаруу системасы катары демократияны курууга, арбытууга жана бекемдөөгө милдеттенме алабыз. ...Демократия өз пикирин билдирүүнүн, коомдогу бардык топторго чыдамдуу мамиленин жана ар бир адамдын бирдей мүмкүнчүлүгүнүн эң жакшы кепилдиги болуп саналат. ЕКККдагы биздин милдеттенмелерибизге ылайык биз жарандарыбыздын эркин жер которушу жана алардын ортосундагы байланыш, ошондой эле маалымат менен идеялардын эркин агымы эркин коомдор менен гүлдөгөн маданияттардын өнүгүшү үчүн эң чоң мааниге ээ экенин баса белгилейбиз.*

Будапештте 1994-жылы ЕКККнын саммити өтүп жаткан учурда мурдагы Югославиянын таркашы куралдуу чатак менен коштолуп жаткан. Согуш шартында жалпыга маалымдоо каражаттары көп учурда бутага айланып, согушкан тараптардын үгүт каражаты катары колдонулган. Бул жагдайларга уюмдун курамындагы мамлекеттердин тынчсыздануусу **Саммиттин декларациясынын** пикир билдирүү эркиндигине жана ЖМКлардын көз каранды эместигине арналган пункттарында чагылдырылган:

*(36) Уюмдун курамындагы мамлекеттер өз пикирин билдирүү эркиндиги адамдын негизги укугу жана демократиялуу коомдун негизги элементи болуп эсептелерин кайрадан ырасташат. Ушундан улам жалпыга маалымдоо каражаттарынын көз каранды эместиги жана плюрализми эркин жана ачык коом, мамлекеттик органдардын отчеттуулугун камсыз кылыш үчүн өзгөчө маанилүү. Бул укукту коргоо алардын жетектөөчү принциби болот.*

*(37) Алар журналисттерге кол салуунун жана аларга атайын кастык мамиле кылуунун бардык учурларын айыпташат жана мындай чабуулдар менен мындай жүрүш-туруш үчүн түздөн-түз күнөөлүү адамдарды жоопко тартууга аракет кылышат.*

1996-жылдагы **Лиссабон саммитинде** уюмдун курамындагы мамлекеттер жалпыга маалымдоо каражаттары жана пикир билдирүү эркиндиги боюнча ЕККУнун милдеттенмелерин күчөтүү зарыл деп токтом чыгарышкан. Жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги боюнча ЕККУнун өкүлүн дайындаш үчүн мандат иштеп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алынган. ЕККУнун жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги боюнча өкүлүнүн бюросу 1997-жылы түзүлгөн. **ЕККУнун жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндиги боюнча өкүлүнүн мандаты** төмөнкү ыйгарым укуктарды туюндурат:

*(3) өз пикирин билдирүү эркиндигине жана жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине тиешелүү ЕККУнун принциптери менен милдеттенмелерин уюмдун курамындагы мамлекеттер аткарбаган бардык олуттуу учурларга карата жооп иретинде ыкчам чара көрүүгө өз аракеттерин жумшоо.*

ЕККУнун Министрлер Кеңешинин 2003-жылдагы Маастрихт жолугушуусунда уюмдун курамындагы мамлекеттер натыйжалуу башкаруу механизмдерин бекемдөөдө, айкындуулукту арттырууда жана коррупция менен күрөштө эркин жана плюралисттик ЖМКлар негизги роль ойной тургандыгын баса белгилешкен. Уюмдун курамындагы мамлекеттер мындай чечим кабыл алышты:

*(2.2.5) биз бири-биринин пикирин кабыл ала билген жакшы кабардар тараптардын ортосундагы диалогго шарт түзүү максатында жалпыга маалымдоо каражаттарына, ишкер чөйрөгө, жарандык коомго жана жарандарга коом үчүн кызыктуу болгон экономикалык жана экологиялык мүнөздөгү маалыматты, анын ичинде ишенимдүү статистикалык маалыматтарды бериш үчүн арналган жол-жоболор менен институттарды мындан ары өнүктүрүү аркылуу өзүбүздүн мамлекеттик органдардын айкындуулугун арттырабыз. Шарттар өзгөрүлүп жатканын, ошондой эле калктын муктаждыгы менен каалоосун эске алганда бул эң зарыл нерсе.*

Кийинки жылдары ЖМКнын плюрализми жана эркиндиги, ошондой эле журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу маселелери ЕККУнун курамындагы мамлекеттердин көңүл борборунда болуп келди.

ЕККУнун курамындагы мамлекеттер макулдашып кабыл алган, баарын камтый алган документ болуп **Министрлер Кеңешинин журналисттердин коопсуздугу жөнүндө 2018-жылдагы чечими** эсептелет. Журналисттерге кол салуу, аларды коркутуу жана өлтүрүү күч алып кеткенине байланыштуу бул чечим ЕККУ

аймагында кыйын жана кээде опурталдуу шарттарда калган бардык журналисттер үчүн маанилүү кадам жана кубаттуу колдоо сигналы болуп калды. Уюмдун курамындагы мамлекеттер өздөрүнө төмөнкү милдеттенмелерди алышты:

1. *ЕККУда кабыл алынган милдеттенмелерин жана пикир билдирүү эркиндиги менен жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине байланыштуу эл аралык милдеттенмелерин толук аткаруу, анын ичинде мамлекеттик чек араларга карабастан маалыматты издөө, алуу жана таркатуу эркиндигин сыйлоо, колдоо жана коргоо;*

2. *Жалпыга маалымдоо каражаттарынын эркиндигине тиешелүү өз мыйзамдарын, саясатын жана тажрыйбасын кайра карап чыгып, зарыл учурда алар журналисттердин өз ишин көз каранды болбостон жана ыксыз кийлигишүүгө кабылбастан иш жүргүзө алышын чектебегидей кылып жокко чыгарып же түзөтүү киргизүү аркылуу өздөрүнүн эл аралык укуктук жана башка милдеттенмелерине толук ылайык келтирүү;*

3. *Журналисттерге кол салууну жана аларга каршы зомбулук актыларынын баарын, анын ичинде өлтүрүүнү, кыйноону, күчкө салып жоготууну, өзүм билемдик менен камакка алууну, өзүм билемдик менен кармоону жана өзүм билемдик менен чыгарып салууну, коркутууну, куугунтукту жана алардын ишин ар кандай жагдайда, анын ичинде чыр-чатак шартында басып салуу жана/же редакцияларын мыйзамсыз, күчкө салып жаап салуу үчүн колдонулган бардык формадагы, анын ичинде физикалык, юридикалык, саясий, технологиялык же экономикалык формадагы опузаны ачык жана сөзсүз айыптоо;*

4. *Жыныстык асылууну, кордоону, опузаны, коркутууну жана зомбулукту, анын ичинде санарип технологияларын колдонуу менен жасалгандарын кошуп, журналист аялдарга алардын ишине байланыштуу кол салууну да ачык жана сөзсүз айыптоо;*

*5. Өзүм билемдик менен камакка алынган же кармалган, барымтага алынган же күч менен жоготулган бардык журналисттерди токтоосуз жана шарт койбостон бошотууга көптөн-көп чакыруу;*

*6. Журналисттерге каршы жасалган кылмыштарга чекит коюу максатында келечектеги кол салуу аракеттеринин алдын алуунун негизги элементтеринин бири катары күнөөкөрлөрдү жоопкерчиликке тартууну камсыз кылуу, анын ичинде күнөөкөрлөрдү сотко берип, жабыркагандарга тиешелүү укуктук коргоо каражаттарына жеткилик бериш үчүн журналисттерге каршы зомбулук жана коркутуу актыларын укук коргоо органдары токтоосуз, натыйжалуу жана калыс иликтешин камсыз кылуу аркылуу натыйжалуу чара көрүү;*

*7. Журналисттер кабылып жаткан кооптуу жагдайлар менен коркунучтарды азайтып, журналисттердин чынчылдыгына ишеничти кетирбеш үчүн, ошондой эле көз каранды эмес журналистиканын маанисине карата сый мамилени жок кылбаш үчүн журналисттерге карата коркутуудан, опузадан же зомбулукка шыкакчы болуудан оолак болууга жана андай аракеттерди сөзсүз айыптоого саясий лидерлерди, мамлекеттик кызмат адамдарын жана/же бийлик органдарын көптөн-көп чакыруу;*

*8. Журналисттер шифрлешүү жана анонимизация технологияларын колдонушуна өзүм билемдик менен же мыйзамсыз жолтоо болуу, ошондой эле мыйзамсыз же өзүм билемдик менен аңдуу ыкмаларын пайдалануу журналисттердин адамдык укуктарын бузарын жана аларды зомбулуктун бутасына айландырып, коопсуздугун коркунучка дуушар кыларын белгилеп, андай аракеттерден кармануу;*

*9. Мамлекеттик мекемелер жана укук тартибин коргоо органдары журналисттердин коопсуздугун камсыз кылуу зарылчылыгына байланышкан маалымат-агартуучулук иштер жана кесиптик даярдык менен алектенишине түрткү берүү жана максатка ылайык учурларда мындай иш-аракеттерге жарандык коомду тартууга көмөк көрсөтүү;*


*10. Журналисттерге кол салуу жана аларга каршы зомбулук аракеттери тууралуу маалыматтарды топтоо жана талдоо, сигнал берүү боюнча улуттук системаны мүмкүнчүлүккө жараша түзүү же күчөтүү;*

*11. Адам укуктарынын эл аралык укук боюнча ченемдерине ылайык уюмдун курамындагы мамлекеттердин милдеттенмелерин аткаруу иретинде диффамация тууралуу мыйзамдар журналисттердин коопсуздугуна зыян келтиргидей жана/же аларды иш жүзүндө цензурага туш кылып, коомчулукка маалымат берүү боюнча өз вазийпасын аткарышына жол бербегидей ашкере санкциялар менен жазаларды караштырбашын камсыз кылуу, ошондой эле зарыл учурда андай мыйзамдарды кайра карап чыгуу жана жокко чыгаруу;*

*12. Журналисттерди коргоого тиешелүү колдонулуп жаткан укуктук базанын ченемдерин жана ЕККУда кабыл алган милдеттенмелерин алда канча натыйжалуу аткаруу;*

*13. ЖМК эркиндиги боюнча, анын ичинде журналисттердин коопсуздугу боюнча маселелерде ЕККУнун өкүлү менен толук кызматташуу;*

*14. ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү өз мандатына ылайык журналисттердин коопсуздугун коргоо жана ЕККУнун курамындагы бардык мамлекеттерде анын натыйжалуураак аткарылышы үчүн сөз айтып турушуна түрткү берүү.*



**«Биз ЖМКлардын эркиндигин коргойбуз, анткени журналисттер болбосо бул дүйнө бийлик башындагылар жоопкерчилик тартпаган, ал эми жарандар маалыматы болбогон жана коопсуздукта жашабаган караңгы жерге айланып каларын билебиз. Андыктан биз чаалыкпастан жана чечкиндүү, бир да секунда тыным албастан адам укуктарына, туруктуу жана тынч өнүгүүгө негизделген коом куруунун үстүнөн иштешибиз керек – кыскача айтканда, биз ЕККУнун принциптерин реалдуулукка айлантышыбыз зарыл».**

Арлем Дезир, *ЕККУнун ЖМК эркиндиги боюнча өкүлү (адамдык өлчөм жаатындагы милдеттенмелердин аткарылышын кароо боюнча ЕККУнун кеңешмесинде сүйлөгөн сөзүнөн. Варшава, 11-сентябрь, 2017-ж.)*

OSCE

**The Representative on Freedom of the Media**